Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Б. ӨМҮРАЛИЕВ, Ш. УРИНБАЕВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН
VIII КЛАССЫ ҮЧҮН ОКУУ КИТЕБИ

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Төртүнчү басылышы

ТАШКЕНТ — «O‘ZBEKISTON» — 2019

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 811.512.154(075)
КБК 81.2(Кир)
Ө-42

**Рецензенттер:**

**Н. Алисултанова** – Андижан мамлекеттик университетинин ага окутуучусу;

**Х. Усманов** – Ташкент облусу, Паркент районундагы 33-мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**Окуу китебинде колдонулган шарттуу белгилер:**

|| — теориялык маалыматтар вертикаль сызыгы менен белгиленди.

**БК** — байланыштуу кеп боюнча көнүгүү.

**коён**[1] — сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүү.

**тоодон**[2] — сөзгө сөздүн курамы (уңгу, мүчө) боюнча талдоо жүргүзүү.

**быйыл**[3] — сөздү сөз түркүмү катарында талдоо.

**Акыл Айга жеткирет**[4] — сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды**

ISBN 978-9943-01-516-6

© Б. Өмүралиев (ж.б.), 2019
© «O'zbekiston» БПЧҮ, 2006, 2010, 2014, 2019

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V—VII КЛАССТАРДА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

Тил – адамзат коомунун туундусу белгилүү бир эл калыптандырган жалпы элдик байлык. Ал ошол элдин сөз каражаттарынын жыйындысы сөз берметтери. Тил – ошол улуттагы адамдардын бири-бирине өз ойлорун жеткире турган сөз байлыгы, сөздөрдүн казына кенчи. Эгерде тилди элдин казына кенчи десек ал бир эле күндө, кимдир бирөөнүн каалоосу менен түзүлө калбайт. Ал адамзаттын тарыхында нечендеген кылымдарды басып, доорлорду алмаштырып, анан келип улутка таандык асыл кенч катары жаралган.

Тил жөнүндөгү илим тил илими (лингвистика) деп аталат. Анын ар кандай бөлүктөрү бар, ал бөлүктөрдүн маанилери жана аткарган кызматтары ар башка. Бул боюнча төмөнкү жадыбалга көңүл буралы.

ТИЛДИН СИСТЕМАСЫ

<table>
<tr><th colspan="2">Тил жөнүндөгү илимдин бөлүктөрү</th><th>Ар бир бөлүк эмнени үйрөтөт?</th></tr>
<tr><td rowspan="5">Грамматика</td><td>Фонетика</td><td>Тилдин тыбыштык түзүлүшүн</td></tr>
<tr><td>Лексикология</td><td>Сөздүн катмарларын, маанисин</td></tr>
<tr><td>Фразеология</td><td>Туруктуу, сөз тизмектерин</td></tr>
<tr><td>Морфология</td><td>Сөз формаларын, сөз түркүмдөрүн жана алардын грамматикалык маанилерин</td></tr>
<tr><td>Синтаксис</td><td>Сөз айкашын, сүйлөмдү жана сүйлөм мүчөлөрүн</td></tr>
</table>

Тилдин орфоэпия (сөздү туура айтуу), орфография (сөздү туура жазуу), пунктуация (тыныш белгилерди колдонуунун эрежелери) сыяктуу ж.б. бөлүктөрү да бар.

Жогоруда аталган тилдин бөлүктөрү өз ара тыгыз байланышта болуу аркылуу тил байланыш-катнаш каражатынын милдетин аткарат.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1.** Акын, жазуучулардын тил жөнүндө айткандарына көңүл бургула. Эмне үчүн алар эне тилибизди жогору баалашкан? Бул жөнүндө силердин оюңар кандай?

Адамзаттын эң зор жана түбөлүк табылгаларынын бири — тил. Бардык жетишкендиктер тилге жана жазууга байланыштуу. Адам баласынын тарыхында ар бир доордун мурасын сактап, аларды муундан-муунга өткөрүп келаткан теңдеши жок күч тил болуп саналат.

Тил эң эле ыйык! Ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты талап кылат. Ага кайдыгер мамиле жасоого болбойт.

Тил — адамзаттын эң сонун, эчтеме менен алмаштырылбай турган байлыгы. Биз ушул байлыкты сактап, аны андан ары улантуубуз керек. (*А.Т.*)

## ЫЙЫГЫМ

Эне тилим эне сүтүм, ыйыгым,
Ыймансызга ийилбеген кыйыгым.
Сен соо болсоң, мен да соомун, мен баймын,
Болбосо да чөнтөктө бир тыйыным.

(*М.Т.*)

## ЭНЕ ТИЛИМ

Сүйүктүү, татынакай сулуу тилим,
Мээримдүү жүрөгүмө жылуу тилим.
Ширелген жакут менен, көркү чексиз,
Тамшанткан, такылдаткан балдан ширин.

Бул тилдин кылдат, кымбат сырын ачам,
Канымды сыя кылып китеп жазам!
«Таң эрте тил өмүрү бүтөт» десе,
Күн менен уккан кечте кошо батам.

(*А.Токт.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-§. ФОНЕТИКА ЖАНА ГРАФИКА. ОРФОГРАФИЯ

**Фонетика — тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.**

**2.** Интонацияны туура сактап, текстти окугула. Ажыратылган сөздөрдүн тыбыштык жана тамгалык курамы жөнүндө айтып бергиле. Тыбыш менен тамганын айырмасын аныктагыла.

## ӨЗБЕКСТАНДЫН КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Өзбекстан түрдүү кен байлыктарга бай **өлкө** эсептелет. Көп жылдык геологиялык — изилдөө иштеринин натыйжасында республикабызда көптөгөн минералдык **сырьёлордун** түрлөрү бар экендиги аныкталды жана азыркы күндө алардын көпчүлүгүнөн эл чарбасы үчүн пайдаланылып жатат.

Өзбекстандын кен байлыктарын изилдеп табууда белгилүү өзбек **геологдорунан** Өзбекстан Илимдер Академиясынын **академиктери** Х.М. Абдуллаев, И.Х. Хамрабаев жана башкалардын эмгеги чоң.

Өзбекстан аймагындагы кен байлыктарынын бири – бул отун-энергетика тармагындагы байлыктар болуп саналат. Аларга нефть, газ, көмүр кендери кирет.

**3.** Кашаага алынган сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы жөнүндө айтып бергиле. Андан кийин ал сөздөрдү тууралап жазгыла. Тилдин орфоэпия, орфография бөлүктөрү эмнени үйрөтөт?

1. Бул сүрөттү мен али тартып (бүтөлекмин). Иштеп бүтпөй жатып, болочок чыгарма жөнүндө күн мурун жарыялоону[2] (дегеле) башынан жактырбайм. 2. Бир күнү карасам, (карала, торала) болуп Жанболотум[2] велосипед жетелеп калыптыр. (*Ч.А.*)

3. Акбараңдын[3] (огурсун),
Акмилтенин (чогурсун),
Акалбарстын (мизурсун),
Атаңар Манас (өзурсун). («*Манас*».)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Кыздын келечеги жөнүндө эмне үчүн мурда (ойломбоду) экен? Андан башка киши бизди кубалабайт, (кашсак) кутулабыз. Кыздын (күштүү) касиетине мен ошондо гана түшүндүм. (*А.Т.*)

**4.** Текстти окуп, белгиленген сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштарга фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

КЫМЫЗ КҮЧҮҢӨ КҮЧ КОШОТ

**Кымызда** адам баласынын организми үчүн бардык **зарыл** болгон аш **болумдуу** заттар бар. Анын курамында **тирүү** организмдин өсүшүнө зарыл болгон заттар, **майлар, белоктор,** углеводдор, **минералдык** заттар ж.б. арбын. Ал сүт майынын, белоктун жана башка минералдык заттардын сапаттуулугу жана адамга **жагымдуулугу** жагынын эненин **сүтүнө** жакындашып кетет. Кымызды **дайым** ичкен адам карылыкка да **оңой** менен жеңдирбейт.

**5.** Текстти жазгыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдөгү үнсүз тыбыштарды уяң, жумшак жана каткалаң үнсүздөргө ажыраткыла.

АКЫЛ КАРАЧАЧТЫН ЖООБУ

Жаныбек хан:

– **Тулпарды** уйга сатса не болот? **Атты** эшекке сатса не болот? **Туйгунду каргага** сатса не болот? – деп сураган.

**Акыл Карачач:**

– Тулпар тушунда, **күлүк** күнүндө. Күч бербеген тулпардан сүтүн берген уй жакшы. **Чабал** аттан чарчабаган эшек жакшы. **Канаты жок** туйгундан **канаттуу** карга жакшы. Карга конгон, кузгун тойгон **каздын** тарпынан үксүйүп үмүт кылган туйгун оңчубу, эртеги **салтта**, эски наркта мындай шумдуктуу **жорук** болчубу? – деп жооп **берген** экен.

*(Кыргыз эл жомоктору.)*

**6.** Схема аркылуу көрсөтүлгөн **а** жана **ы** тыбыштарынын өзгөргөн варианттарына мисал келтиргиле. Аталган тыбыштар эмне үчүн ушундай болуп өзгөрөт?

а → е, о, ө

ы → и, у, ү

Үлгү: *Бала + га = балага, эне + га = энеге, тоо + га = тоого, көл + га = көлгө.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-§. СӨЗДҮН КУРАМЫ ЖАНА СӨЗ ЖАСОО

**Сөздүн курамын (уңгу, мүчө) жана сөз жасоонун жолдорун үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү сөз жасоо деп аталат.**

**7.** Көчүрүп жазып, сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сөз кандай бөлүктөрдөн турат? Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн айырмасы эмнеде? Мисал келтиргиле.

ЭЛДИК КАЗЫНАДАН

1. Жети элдин тилин бил, жети түрлүү билим бил. 2. Тилден бал да тамат, уу да тамат. 3. Атанын уулу[1] болуш – кымбат[4]. 4. Билим – өнөр, өмүргө[3] суудай керек. 5. Малчы малы көбөйгөн сайын кубанат. 6. Жай жакшы болсо, эл эгиндүү болот.

**8.** Төмөнкү сөздөрдүн уңгусун тапкыла. Андан кандай жаңы маанидеги сөз жасалды? Атоочтон атооч жана атоочтон этиш жасоочу мүчөлөргө мисал келтиргиле. Сөз жасоонун кандай жолдорун билесиңер?

1. Билим, басма, сызгыч, камчыла, токойлуу, баатырларча, эжеке, балалуу, сырдаш, уйкучул, сүткор, достош, оймок, сулуулук, басым, иймек.

2. Кызмат акы, ага-тууган, бака жалбырак, өнөр жай, оюн-күлкү, окуу жылы, төө куйрук, көз сал, жазып отурат, алп каракуш, темир жол.

**9.** Өзүңөр бир сөз ойлоп таап, ага сунуш кылган мүчөлөрдү улап, жаңы маанидеги сөз жасагыла. Мурдагы сөздү жаңы маанидеги сөз менен салыштыргыла. Алардын айырмачылыгы эмнеде?

| | | |
|---|---|---|
| — ла | — дай | — ча |
| — ма | — лык | — чыл |
| — чы | — луу | — мак |

Үлгү: *Ий + мак = иймек.*

**10.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөргө сөздүн курамы жана сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Билим алсаң, урмат-сый алып келет,  
Билим сага акыл-ой, кубат берет.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Билимсиз жүрөк, тилдин пайдасы жок,
Билим — өнөр, өмүргө суудай керек.

2. *Муну билип ал*. «Мамлекетибиздин символдору — туу, герб жана гимн Өзбекстан элдеринин шан-шөөкөтүн, сыймыгын, тарыхый эскерүүсүн жана умтулууларын өзүндө чагылдырат. Мына ушул символдорду урматтоо — өзүнүн кадыр-баркын, мамлекетине жана өзүнө болгон ишенимин чыңдоо дегени болуп саналат. Өзүнүн мамлекети менен сыймыктана турган инсан көп нерселерге жөндөмдүү болуп эсептелет»[1].

**11.** Адегенде көчүрүп жазгыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу жана мүчөлөргө ажыраткыла.

Ар бир инсан өз **дооруна милдеттүү**. Кайсы **доордо** жашабайлы, **улуттук тарыхты,** рухий **маданиятты**, **салтты**, **мурасты** унутпоого тийишпиз, аларды **ардактоо**, **сактоо, үйрөнүү** жана изилдөө керек. Дил, тил, оозеки мурас, ырым-жырым, **акылмандык** бардык доордо болуп келген. Өлкө **булярсыз** өнүкпөйт. Ар адам кайда иштебесин, кайда жүрбөсүн улуттук рухий **кутту**, **маданиятты** сыйлап, асырап албаса, **салтын** сактабаса, адегенде жеке өзүнө зыян жана жалпы **элдик** ырыскы **оброюна залалы** тиет. *(К.Жусупов)*

## 3-§. ЛЕКСИКА ЖАНА ФРАЗЕОЛОГИЯ

**Сөз катмарларын, анын маанисин үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү лексикология деп аталат.**
Фразеология туруктуу сөз тизмегин үйрөтөт.

**12.** Төмөнкү синонимдердин маанилерин айтып бергиле жана аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Муң – чер – кайгы – капа – бук – санаа, мурунку – илгерки, кенже – кичүү, ири – чоң, аз – кем. асыл – кымбат, түс – өң – чырай – жүз, чайка – чайпа, иш – жумуш, ур – сок, шак – бутак.

**13.** Сүйлөмдөрдү окуп, **көз** деген сөздүн кандай мааниде колдонулганын айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Аны ызаа – күйүт бууду, **көзүнөн** жашы сыгылды. ( К.Ж) 2. Ийненин **көзүн** баамдай албай учукту улам оозуна сала берди. 3.Терезенин **көзүнө** эски – уску чүпүрөктү тыгындап салган. 4. Мына, айланайын, куржундун эски **көзүн** толтура буудай алып келдик. *(К.Ж.)* 5. Анын эсине кызыл **көз** шакек түштү. 6. Асманды булут каптап, күндүн **көзүн** калкалады. 7. Кулпунун **көзүн** таппай убараландым *(Ж.М.)*

**14.** Текстти окугула. Кара тамга менен жазылган сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин аныктагыла.

Тил чоӊ **мурас** аталардан балага,
Өз тилиӊе эч **кайдыгер** караба.
Өзгө тилди үйрөнө бер. А бирок,
Тилиӊ – дилиӊ бизде болсун, **садага**.

Тилиӊ – **тарых,** тилиӊ – **күзгү** дилиӊе,
Кимдигиӊе тилиӊ **күбө** ириде.
Өз тилиӊди кадыр тутуп, туу тутуп,
Өтүүӊ **парз** бул дүйнөдө тирүүдө.

Ушул тилде **баба** Манас сүйлөгөн,
**Баар** издебейм башка тилде сүйлөөдөн.
Өз элимден, өз тилимден сүйкүмдүү,
**Касиетти** көрө албаймын дүйнөдөн. *(Ү. А.)*

**15.** Окугула. Фразеологиялык түрмөктөрдү (туруктуу сөз тизмектерин) көрсөткүлө. Алардын лексикалык маанисин чечмелеп айтып бергиле. Фразеология жөнүндө эмне билесиӊер, мисал келтиргиле.

1. Түн бою кирпик какпай таӊ атырды. (*Ч.А.*) 2. Жар түбүндө жаткан буурасын көрүп, Казангаптын жанына баткан экен, түнөрүп келип, Эдигейге мурду менен бир тийди. (*Ч.А.*) 3. Мунун баарын маӊдай тер, таман акыӊардан табылган акчаӊарга сатып алдыӊар да. (*З.С.*) 4. Жоомарт адамдын колу ачык, жылдызы жарык эмеспи. (*А.Т.*) 5. Кай-кай жерде биздин Ысакка окшогон чолоктор калбаса, мурду менен тынып, буту менен баскандардын баары майданга кетишпедиби. (*К. Жус.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**16.** Төмөнкү туруктуу сөз тизмектерин (фразеология) катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Алардын лексикалык маанисин түшүндүргүлө, алар биздин тилибизде кандай мааниде колдонулат?

Акесин таанытуу, ак жүрөк, ташка тамга баскандай, кара кылды как жарган, беш өрдөгүн учуруу, жел өпкө, кабагы бүркөө, каш-кабактын ортосунда.

**17.** Кашаанын ичиндеги сөздөрдү фразеологиялык айкаш менен алмаштырып, сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Туруктуу сөз тизмеги эмне үчүн колдонулат? Алар сөз түркүмүнө жана сүйлөм мүчөлөрүнө кандайча ажыратылат?

1. Кимдин ким экени Жылдызканга (түшүнүктүү) болду. (*К.Б.*) 2. (Бир заматта) эр Бакайдын жанына чаап чыгып барышты[4]. («*Манас*»). 3. Кана, карыялар, (жакшы сөз айтып) менин суроомо жооп бергиле. («*КТ*») 4. Жамийла да бирөөгө (алдатып жибербей), айтышканы менен айтыша турган. (*Ч.А.*) 5. (Сөзгө устат), жез таңдай, кайраным Током, аманбы? (*Т.*)

## 4-§. МОРФОЛОГИЯ

**Морфология — сөз формаларын, сөз түркүмдөрүн жана алардын грамматикалык маанилерин үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.**

**18.** Эстегиле, маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмдөрүнө кайсылар кирет? Тексттен аларга мисал келтиргиле. Тексттеги сырдык сөздөрдү көрсөткүлө, алар кандай мааниде колдонулду? Тыныш белгисин түшүндүргүлө.

1. Өзбекстандын жеринин жаратылышы абдан кооз. Анын тоо – токойлору, талаалары четтен келген адамды таң калтырбай койбойт. Чокуларын ак кар баскан кереметтүү тоолордон агып түшкөн сууларыбыз – булардын баары жерибиздин, элибиздин байлыгы. Тоо – токойлорубузда өскөн түркүн чөптөр да дары – дармектик касиетке ээ. Биздин тоолорубузда байыртадан дарылыгы болгон мумиянын да көп экендиги белгилүү.

2. – Опе-ей. Булар эмне? – деп чекесинен терин сүртүнө энтиге дем алып, үн катты.(*Ч.А.*) 3. Ош –ош, малдан башкачасың го, оңбогур.(*Ж.Аш.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**19.** Окугула. Заттык мааниде колдонулган сын атоочту тапкыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарды? Сын атоочко тиешелүү белгилерди атагыла.

1. Жакшы[1] келди дегенче, жарык келди десеңчи. Жакшылыктын жарыгын алып келди десеңчи. 2. Жакшы киши өлбөсүн, жамандыкты[2] көрбөсүн. 3. Жакшыны сыйласаң, эсинен кетпейт; жаманды сыйласаң, эшигиңден кетпейт. 4. Жакшылык унутулбас. Жакшынын[2] жаты болбойт, жамандын уяты болбойт. Жакшынын жакшылыгын[2] айт, атагы ашсын. (*Мак.*)

**20.** Окугула. Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Өзбекстандын тоолорунда айбандар көп. Тоолордо: кийик, тоо эчки, илбирс, теке, карышкыр, түлкү ж.б. кезигет. 2. Керишке минсе кебелбейт, чалгынга минсе чарчабайт, баш салып чөптү чайнабайт. (*С.К.*) 3. Айдын он беши жарык, он беши караңгы. (*М.*)

**21.** Кызматчы сөздөрдү тапкыла. Алар сүйлөмдө кандай мааниде колдонулат? Маани берүүчү сөз түркүмүнөн кандайча айырмаланат?

1. Ардактуу балдарым! Өнөр үйрөнгүлө, анткени малдүйнөгө кепилдик, ишенич жок жана алтын, күмүш сапарда кооптуу болуп эсептелет. Аны каракчы тоноп кетет же ээси жеп-ичип бүтүрөт. Бирок өнөр кайнар булак, бүтпөс дүйнө болуп саналат. Эгерде кол өнөрчү дүйнөсүнөн айрылса, кайгысы жок. Анткени өнөрдүн өзү дөөлөт. Кол өнөрчү кай жерге барса бааланат, сыйланат жана үйдүн төрүнөн орун ээлейт. Ал эми өнөрү жок адам дайыма кыйынчылык көрөт, кайырчылык кылат. (*Саади Шеразий.*)

2. Албетте, ар бир кесиптин, өнөрдүн өзүнө жараша кыйынчылыктары жана ыракаты бар. Анын кыйынчылыгын тынымсыз изденүү, сабыр–такаат менен жеңген адам гана ыракатын тата алат. Жаштыкта терең өздөштүрүлгөн өнөр, эмгектин тажрыйбасы инсандын өмүрүнүн акырына чейин жыргалчылыкта жашоосунун кепили болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-§. КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДИАЛЕКТИЛЕР МЕНЕН КАРЫМ-КАТЫШЫ

Адабий тил дегенибиз — улуттук тилдин өсүп, өнүккөн жогорку баскычы. Ал элдик тилдин негизинде түзүлөт. Мында сөздөрдүн айтылышы менен жазылышы, грамматикалык формалар иретке келтирилип, тиешелүү нормага салынат. Тактап айтканда, бир эрежеге баш ийип, жалпы элдин баарына бирдей түшүнүктүү болот. Ошондуктан жазууда да, оозеки сүйлөөдө да адабий тилдин нормасын сактоо талап кылынат.

Адабий тилдин оозеки жана жазма түрү бар. Оозеки түрү окуу жайларында, радиоберүү жана телекөрсөтүүлөрдө, театрларда, үй-бүлөдө, коомдук ишканаларда жана башкаларда, ал эми жазма түрү басма сөздөрдө, илим менен техникада, мамлекеттик иштерде колдонулат.

Коомдун, маданияттын, техника менен илимдин өнүгүшү адабий тилди жогорку баскычка көтөрүп, анын калыптанышына шарт түзүп турат.

Диалект — бул өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон жергиликтүү элдин тилинде учураган сөздөр. Мындай сөздөр элдин турмуш-тиричилигине, үрп-адатына, мал чарбачылыгына, дыйканчылыгына ж.б. байланыштуу колдонулат. Мисалы: *бал, чака, ширеңке* деген адабий тилдеги сөздөр Кыргызстандын түштүк райондорунда *асел, челек, күкүрт* маанисинде пайдаланылат. Булар — жергиликтүү элдин тилинде учураган диалектилер. Диалектилик айырмалар тилдин тыбыштык түзүлүшүндө да (*доңу* — адабий тилде — *тоңу*), грамматикасында да (*келиң* — *келиңиз*), лексикасында да (*чертмек* — *комуз*) учурай берет.

Диалектилик сөздөр көркөм чыгармаларда кеңири колдонулат. Мындай сөздөрдүн ичинен жалпы эл үчүн түшүнүктүү болгондору адабий тилдин лексикасын толуктайт. Мисалы, Кыргызстандын түштүк диалектидеги *пахта, пахтакер, чигит* сыяктуу сөздөр адабий тилибизде кеңири колдонулууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок жергиликтүү диалектилер тар чөйрөдө колдонулуп, жалпы элге бирдей түшүнүктүү болбойт, ошондуктан адабий тилде аларга кеңири орун берилбейт. Ошондой эле диалектилик сөздүн ыксыз колдонулушу адабий тилдин нормасы, анын эрежелерин тактоого жолтоолук кылат.

Бүгүнкү күндө кыргыз адабий тили өзүнүн ички жана тышкы каражаттарын кеңири пайдалануу аркылуу өнүгүп жатат. Алсак, ал калыптанган орфографияга ээ. Илимий иш жүргүзүүнүн, жаштарга билим жана тарбия берүүнүн, дүйнөлүк классикалык чыгармаларды кылдат которуунун тили болуп калды.

**44.** Окугула. Диалектилик сөздөрдү таап, алар адабий тилдеги кайсы сөздүн ордуна колдонулганын байкагыла. Диалектилик кандай сөздөрдү билесиңер?

I

1. Аары багып көбөйтүп, гүл сордуруп, бал алган. (*Т.*) 2. Чайга салган аселден кеселге жардам болдубу? («С*аринжи-Бөкөй*») 3. Жалындуу илебине чыдай албай, жалбарып маңдайынан өбөр элем. (*А.Т.*) 4. Пешенеден нур жанып, беттеринен кан тамган. (*Ж.Б.*) 5. Ал ным тартып калган ширеңкени күйгүзө албай: — Күкүртүң барбы, берчи? — деп сурап калды. 6. Муну комуз дейбиз, чертмек да дейбиз. Бул атам замандан бери чертилип келе жатат. (*Т.К.*)

II

Гүлайым деген кыз экөөбүз бирге турабыз. Көп учурда анын осол, пайдубал, шиңгил деген сөздөрүн түшүнбөйм. Агайдан сурасак, мындайча түшүндүрдү: «Гүлайым, сен ушул сөздөрдү билбешиң мүмкүн, анткени мындай сөздөр түштүктүн диалектисинде колдонулат. Ал эми диалектилик сөздөр адабий тилди байытат». (*К.Боб.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

## 6-§. ТЕКСТ

**Текст — бул ички мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча байланышкан бир нече сүйлөмдөр тобу.** Көлөмү, темасы жана түзүлүшү боюнча тексттер ар кандай болот.

Кээ бир текст баяндоо, экинчиси салыштырмалуу, үчүнчүсү ой жүгүртүү түрүндө болушу мүмкүн.

Текстти түзүп турган сүйлөмдөр өз ара тизмектешип айтылып, биринин маанисин экинчиси улантат. Мындай учурда мурдагы сүйлөмдөгү зат атоочтун ордуна же ат атооч, же ошол сөздүн өзү кайталанып колдонулат. Мисалы: *Дүйшөн бизди мектепке ээрчитип чыкты. Ал сүйлөбөй келе жатты.* (*Ч.А.*)

Мында биринчи сүйлөмдөгү *Дүйшөндүн* ордуна экинчисине ал деген ат атооч колдонулду.

Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштырууга байламталар, ар кандай мүчөлөр ж.б. тилдик каражаттар колдонулат.

**БК 22.** Тексттердин мазмуну менен таанышып, аны өз сөзүңөр менен кайра айтып бергиле. Мында кептин кайсы түрү (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) колдонулду? Тексттеги сүйлөмдөр кандайча байланышты? Негизги ой эмне жөнүндө болду?

МЕКЕН

Бугу эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди. Көлдүн башаягына көз жетпейт. Этегинен күн чыкса, төрүндө али таң ата элек. Тегерете курчалган Ала-Тоо чокусуна сан жеткис.

— Мына, ушул жер силерге Мекен болот, — деди мүйүздүү Бугу эне. — Жер тилип, эгин эккиле; мал багып, балык уулагыла. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн.

Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин. Силер менен түбөлүк бирге жүрөм... (*Ч.А.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

МАНАС

Кирпиги — жалын, көзү — чок,
Кишиден мындай шумдук жок.
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынган.

Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.

*(«Манас».)*

ЖОГОРКУ РУХАНИЯТ — ЖЕҢИЛГИС КҮЧ

Өзбекстан Республикасынын биринчи Президенти И.А. Каримовдун «Руханият – адам баласынын эресеге жетишинин жана күч-кудуретинин булагы» деп аталган биринчи главасында руханият түшүнүгүнүн маани-маңызы, анын адамдын жана коомдун ишкердигинде көрүнүшү, ар бир элдин, улуттун жана жеке адамдын жашоосу менен шайкеш экендиги жөнүндө ой жүгүртүлөт. Автор руханиятты калыптандыруучу негизги фактор болуп саналган руханий мурастын, маданий байлыктардын, көөнө тарыхый эстеликтердин орду жана мааниси жөнүндө кененирээк сөз кылат.

Ошондой эле бул главада адам жана коомдун өнүгүшүнүн эң маанилүү фактору – руханий жана материалдык турмуштун бир бүтүндүгү, бул принциптердин бирин-бири төгүнгө чыгарбастыгы, тескерисинче, бирин-бири толукташы жана алардын өлкөдө саясий, социалдык, экономикалык туруктуулуктун жана өнүгүүнүн бекем кепили түрүндө кызмат кылышы сыяктуу маселелерге өзгөчө көңүл бурулган.

**БК 23.** Текстти талдагыла: анын темасын, андагы негизги ойду жана тилдик каражаттарды аныктагыла. Тексттин маанилик бүтүндүгү дегенди кандай түшүнөсүңөр?

УЛУУГА УРМАТ

Жыл өткөн сайын жаштардын кулк-мүнөзү өзгөрүп бараткансыйт. Ушуга байланыштуу силерге өзүм күбө болгон бир окуя жөнүндө айтып берейин.

Кычыраган кыш. Талант экөөбүз айылдан Ташкент шаарына карай сапар тартып баратканбыз.

Биз менен кошо алтымышка аяк басып калган эне автобуска түштү. Эл көп, орун жок. Алды жакта бир жаш келин эки жаштагы баласы менен отуруптур. Эне келинге кайрылды:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Кызым, балаңды алдыңа алып, ары жылып койчу?» Ал орун бошотуп бермек турсун, бакылдап сүйлөп энени жемелеп кирди...

Атаганат, касиеттүү карыларды сыйлап, ийиле салам айткан ата-бабаларыбыздын салтын унутпасак! Кыргыз элинде: «Улууларга урмат, кичүүлөргө сый», – деген накыл сөз бар.

**24.** Баяндоо мүнөзүндө болгон чакан дилбаян жазып келгиле. Дилбаян үчүн төмөнкү темалардын бирин пайдалангыла: «Адептүүлүк – адам көркү», «Менин айылым», «Жайлоодон келатканда».

**БК 25.** Текстти орунсуз кайталоодон арылтып жазгыла.Тексттин атын атагыла.

Мектептерде жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча атайын сабактар өткөрүлөт. Балдар жолдо жүрүүнүн белгилерин окуп үйрөнүшүүдө. Жолдо жүрүүнүн эрежелерин үйрөнүү анча деле татаал эмес. Бирок ал эрежелерди туура жана так аткарганда гана биз бардыгыбыз жол коопсуздугун болтурбай коюуга салым кошкон болобуз. Жолдо жүрүүнүн эрежелерин бузгандарга аёосуз күрөш ачуу. кымбаттуу окуучу, сенин жана бардыгыбыздын милдетибиз.

**26.** Текстти окуп, андагы негизги ойду таап, тема койгула.

Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик герби төмөнкү көрүнүшкө ээ: тоолор, дарыялар жана сол жагында болсо ачылган гозонун бутактарынан турган алкакка оролгон гүлдөгөн өрөөнгө күн алтын нурларын чачып турат. Гербдин жогору жагында Республика эркиндигинин символу иретинде сегиз бурчтук берилген болуп, анын ички бөлүгүндө жарым ай менен жылдыз сүрөттөлгөн. Гербдин борборунда бакыт жана эркиндиктин символу – канаттарын жазган Зымырык кушу сүрөттөлгөн. Гербдин төмөнкү жагында Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик туусун туюнткан алкак тасмасында «O‘zbekiston» деп жазып коюлган.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик гербинин түстүү көрүнүшүндө: Зымырык кушу менен дарыялар – күмүш түстө; күн, башактар, пахта жана «O‘zbekiston» жазуусу – алтын түстө; гозонун бутактары менен жалбырактары, тоо-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лор жана өрөөн – жашыл түстө; пахта – ак түстө; тасма – Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик туусунун түстөрүн чагылдырган үч түстө: сегиз бурчтук – алтын түс менен курчалган көгүлтүр түстө: жарым ай менен жылдыздар – ак түстө сүрөттөлгөн.

## 7-§. ТЕКСТТИН БАЙЛАНЫШТУУЛУГУ

Текстте сүйлөмдөр өз ара эки түрдүү байланышат:

**1. Уланма байланыш.** Мында сүйлөмдөр лексикалык кайталоолор, синоним, антоним сөздөрдүн жардамы аркасында жана ат атоочтор аркылуу тизмектешип, мурунку сүйлөмдө айтылган ой кийинки сүйлөмдөрдө толукталып, өркүндөп турат.

Байланышуунун бул түрүнүн схемасы:

1 → 2 → 3 → 4 ж.б.

Өз кыялында Авалбек атасы менен өрт жалынды аралап, салгылашууда жүргөнсүп жатты. Немецтин танкалары кара түтүнгө чулганып, каз тамандары быркырап, эки көзү оюлган дөөдөй албууттанып ордунан жылбай калганда энесинин алдында олтурган бала кубанганынан тыбырчылап туйлап жатты. Ал эми биздин замбирекчилер жарылган снаряддардын сыныгы тийип жыгылганда, бала боюн жыйып, томсоруп калып отурду.

Мында 3 сүйлөм бар. Биринчи сүйлөм экинчи менен энчилүү зат атооч (Авалбек) жана жалпы зат атооч (бала) ээлик милдетин аткарып турган кырдаалда синонимдик катышта (Авалбек, бала) байланышты. Ал эми үчүнчү сүйлөмдүн ээси (бала) болсо өзүнөн мурунку сүйлөмдүн ээси менен лексикалык кайталоо (бала-бала) ыкмасында биринчи сүйлөмдүн ээси менен обочо байланышты түздү.

Схемасы Авалбек → бала → бала

1 → 2 → 3

**Удаалаш байланыш.** Сүйлөмдөр өз алдынча мааниге ээ болуу менен баяндоочтордун жак, сан, чак боюнча катыштык мамилелери аркылуу байланышат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Байланышуунун бул түрүнүн схемасы:
– → – 1
– → – 2
– → – 3
– → – 4 ж.б.

Арабакеч текиреӊ таскакка салды. Чыгыш жакты улам карай берди. Аттар талыкшыбай жакшы баратты. Ошол учурда шамал катуулай баштады. Булут ак туманга айланып, улам калыңдап көбөйүп, асманды бүт чулгады. Кар дегенде шыбыргактап, аңгыча болбой, бурганактап жаады. Шамал ызылдап, бороонго өттү. Карарган асман учу-кыйыры жок кар менен көз ачып жумгуча аралаша урду. (А.П.)

Мында 8 сүйлөм бар. Окуя бороондун башталышынан кабар берет. Сүйлөмдөрдө этиштик баяндоочтор өткөн чакта туруп, 3-жак жекелик санда жалгануу аркылуу табият кубулушун ырааттуу баяндайт. Баяндоочтордун мындай бирдей даражада колдонулушу сүйлөмдөрдү жарыша байланыштыруунун каражаты болуп эсептелинет.

**27.** Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн курулушу менен тексттеги сүйлөмдөрдүн тизмектешип келишин салыштыргыла.Булардын ортосундагы өзгөчөлүктөрдү тексттин байланышуу жолдору аркылуу далилдеп айтып бергиле.

Сен эми билекти түрүнүп, өз турмушуңда бурулуш жаса. Күндөлүк турмушуңдун бир калыпта кылдыраган көндүм агымын өзгөрт. Өзүңдүн жалкоолугуңа. кенебестигиңе, жандын тынчын жакшы көрүүчүлүгүңө, чечкинсиздигиңе, каршы аёосуз түрдө күрөш ач. Өзүңдү өзүң башкара билүүгө өжөрлүк менен талпынып, алдыңа бир айдындуу максат коюп, аны ишке ашырууга шымаланып кириш. (С. Байгазиев.)

Ал анан Бороондуда тыным жок: аскер салган эшелондор батышка жөнөп жатты. Согуштан качып жер оогондор батыштан чыгышка өтүп жатышты. Азык-түлүк жүктөгөн эшелондор батышка, жарадарларды салган эшелондор чыгышка байма-бай каттап жатты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Турмуш калыбы капилеттен өзгөрүп, ушу эрме чөлдөгү ээн Бороондуда кадимкидей сезилди….(Ч.А.)

**28.** Тексттерди окугула. Андагы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун аныктагыла. Уланма, удаалаш байланыштарды схема боюнча көрсөткүлө.

1.

Эх, эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды. Атаганат! Жайнагым аман турганда, не деген адам болор эле! Мүнөзүңдөн, кылык-жоругуңдан айланайын, балам, кайдасың? Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерде жалп этип түштүң экен?

О, дүнүйө, о жан жараткан жер, бир оокумга гана баламды тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор! (Ч.А.)

2.

КУРМАНЖАН ДАТКА

Курманжан – душмандар менен тил табышып, кыргындуу согуштарды токтотуп, элди аман сактоого бүт айла-амалын жумшаган. Душмандар Курманжандын бир баласын жазага тартып өлтүрүп, эки небересин Сибирге, түрмөгө айдашкан. Ошондо да Курманжан датка эл толкуп, согуш чыгып кетпесин деп, чыдамдуулугун көрсөткөн. Курманжан болсо. кыргыздар кыргынга түшөрүн байкап, элди тынчытып, сүйлөшүүлөрдү алып барып турган. «Датка», «Алай ханышасы», «акылман» деген сөздүн баары Курманжанга арналат. Кыргыздар мындай акылман, кыраакы адамды унутпайт. Ал «Курманжан датка» деп тарыхта айтылып калган.

**29.** Окуу китептеринен, көркөм адабияттардан уланма, удаалаш байланыштагы сүйлөмдөрдүн тизмеги боюнча текст түзгүлө.

## СҮЙЛӨМДӨРДҮ БАЙЛАНЫШТЫРУУНУН ТЫШКЫ ТИЛ КАРАЖАТТАРЫ

**Тексттин тутумундагы сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы каражаттарга төмөнкүлөр кирет:**

**Синонимдик байланышуу:** Күнүгө эртең менен мектепке келгенде көрүнөө жерге илинип коюлган энесинин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сүрөтүн көрүп сыймыктанат, кубанат. Ошол сымбаттуу көрүнгөн Каалы апа кызына:

— Биз силерге ушул доорду куруууга жан аябай күрөштүк, эмгектендик. Заманыңар кут болсун! – дегенсийт.

**2. Маанилеш сөздөрдү алмаштыруу аркылуу байланышуу:** Карышкыр дагы жакындап келди да, кылкан жалы түктүйүп , тулку бою тырышып, секирмекчи болуп, жерге жабыша калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадала калды. Жырткычтын көзү курчураак, заардуураак көрүндү.

**3. Сөздөрдүн кайталанып келиши:**

1. Ушул тилде атам, апам сүйлөгөн,
Ушул тилде бабам Манас үндөгөн,
Ушул тилде чечип тагдыр түйүнүн,
Ушул тилде турмуш сырын үйрөнгөн.

2. Эне – ыйык, жашообуздун жарчысы,
Эне – дайра, биз булактын тамчысы.
Бешиктеги балтыр бешик баланын,
Эне – өзү жүрөгүнүн жартысы.

**4. Антонимдик байланышуу:**

Муң-кайгыны кечээ баштан кечирген,
Бүгүн эне, чыгарыпсың эсиңден.(Ж.Т.)
Келеринде дүнүйө, толукшуп чыккан айдайсың,
Кетеринде дүнүйө, суу жүрбөгөн сайдайсың.(Т.)

**5. Зат атоочторду ат атоочтор менен алмаштыруу аркылуу байланышуу:**

Тигине, Алмакан эне бүкчүңдөп басып, тамдын текчелеринен өйдө көтөрүлүп баратат. Ал бүгүн да мурдагысындай эле үйдө тынч эс алып олтурат.

**6. Киринди сөздөр аркылуу байланышуу:**

1. Албетте, Дүйшөн өзү да бул абалымды жакшы билип жатты.

2. Карышкырдын азуусу, бактыга жараша, кулундун алкымына зыян келтирбептир.

**7. Интонация аркылуу байланышуу:** Айылдын үстүндөгү адырда мен бала чактан бери билген эки зор



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

терек болор эле. Бул кош терек азыр да ошол жерде. Качан карабагын, айылга кайсы тарабынан келбегин кыналышкан ушул бийик теректер көзгө учурайт.

**8. Баяндоочтордун жак. сан, чак боюнча бирдей келиши аркылуу байланышы**:

Ошол Жеңижок жөнүндө көрсөтүүдөн кийин Алыкулду эрксизден эске түшүрдүм. Кантсе да өнөрлүү элдин кулуну, кыргыз поэзиясынын Чолпон жылдызы болуп, жашаган заманына, көксөгөн максатына жараша «он беш жолу кайра туулуп» толкуган акынды ой саябанына чакырып, жалгыз отурдум.

**30.** Төмөнкү тексттерде сөздөрдүн кайталанып келишине жана антонимдер аркылуу байланышына көңүл бургула.

1. Бул ырым жүрөгүмө баткан тамга,
Бул ырым кубат болор мендей жанга.
Калдайган туман курчап жазып жатам,
Калемди жүрөктөгү малып канга.
*(Мезгил жана Алыкул.)*

2. Жаман адам белгиси, өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы адам бепгиси, эл камы үчүн күйүнөт. Келеринде дүнүйө булутсуз тийген күндөйсүң, кетеринде дүнүйө булут баскан түндөйсүң. Тууганына батпаган, душманына жалынат.

3. Бири кургак, бири суу,
Бири ширин, бири уу.
Бири бийик, бири пас,
Бири кары, бири жаш.
Бири салкын, бири дем,
Бири ашык, бири кем.
Оң тетири бул дүйнөң....(Т.К.)

4. Өмүр деген – жарык күн,
Өмүр деген – кара түн.
Өмүр – жандын үмүтү,
Өлүм – жандын күйүтү. *(Б.А.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күн менен түн сыяктуу,
Кээде кара, кээде аппак.
Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.
Кээде турмуш кант берет.
Таттуусуна караба. *(А.О.)*

**31.** Көчүрүп жазгыла. Текстте зат атоочтордун ат атооч менен алмаштыруу аркылуу байланышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла жана кайсы сөз маанилеш сөз менен алмашылды. Астын сызгыла.

1. Кырсык айтып келбейт тура. Кара таан чегирткелер эгинге да, чөпкө да чабуул коюп киришти. Аларга каршы күрөш башталды да, эл жардамга келди. Жигиттер тез эле арык казышты да, өзөндөгү суу бурулду. Бул окуяга карыялар да, балдар катышышты. Бирок алардын аракеттери зыянкечтердин чабуулун токтото албады.

2. Алыкул ата-энесинен эрте ажырады. Ошол себептен ал өтө жаш кезинен эле балдар үйүндө тарбияланып, билимди мына ушул жерден алды. Анын акындык шыгы да эрте билине баштады. Он төрт жашында алгачкы ырын жазып, аны бирге окуган балдарга тааныштырды. Бирок замандаштары анын бул ырларына анча маани беришкен эмес. Бирок ал талбай эмгектенип, таланттуу акын экендигин элге далилдей алды.

**32.** Төмөнкү текстти окугула, тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттарына көңүл бургула.

### БАЛЭЭ БАШКА КАЙДАН КЕЛЕТ?

Күндөрдүн бириндe Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар Көсөө эшиктен кирип: «Ассалоом алейкум, эл жоргосу», – дейт. Алдар Көсөө отургандан кийин Алдар Көсөөгө Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын кагат. Алдар Көсөө колунун учу менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек ханга:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Мени эч ким сөзгө жыга алчу эмес эле, ушул кирген Көсөө жыгып кетти», – деди эле хан: «Жээренче чечен сени Көсөө кантип жыкты?» – деди.

– Көсөө эшиктен кирип «хан ордосу» деп салам айтты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка эч кандай сөз болгон жок го» ,– деди.

Анда Жээренче чечен : «Көсөө эшиктен салам айтып кирип отурганда колум менен башымды кагып, «балээ башка кайдан келет?» деп сурадым эле. Көсөө колу менен тилин кагып, «балээ башка тилден келет», – деп жеңип кетти дептир.

**33.** Тексттеги сүйлөмдөрдүн интонация аркылуу байланышканы, андагы тыныш белгилердин колдонулушун түшүндүргүлө.

## ТАЛЫМ КЫЗ МЕНЕН КӨБӨКТҮН АЙТЫШКАНЫ

Талым кыз:
1. – Асман жерди жаркыткан
Ачык нуру не болот?
– Эл ортосун ынтымак
Кылган нуру не болот?
– Бир ордуна кебелбей
Турган нуру не болот?
2. – Сен кимсиң?
– Мен Бугу Эне болом.
– Каалаганың эмне Бугу эне?
– Ушул эки чүрпөнү мага бер. (Ч.А.)

3. Ажар мүрзөнү көргөндө буркурап боздоп ыйлап жиберди.

– Жаным апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп жалгызың жанында отурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая. Жалгызың бүгүндөн баштап ата-бабасы таанылбаган бөтөн журттун бирөөнө сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач койнуңду!... Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам! (К.Б.)

**34.** Төмөнкү тексттен киринди жана кызматчы сөздөрдү белгилегиле, сүйлөмдөрдү байланыштыруудагы алардын ролун аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Канаттуу куштар адам баласына көп пайда келтирет, жергебиздин көркүнө көрк кошот. Мисалы, тырмактай болгон, кичинекей мыймыт чымчыкты алып көрөлүчү.

Ал өтө эле кичинекей, бирок ошого карабастан бир жылдын ичинде сегиз-он миллион зыяндуу курт-кумурскаларды мойсоп коёт. Эртеден кечке чейин тынч албайт, бутактан—бутакка секирип жүргөнүн көрөсүң. Мыймыттын уясын оңой менен таба албайсың.

Сары ала чымчыкты ким билбейт? Анын сайраганы айылдын бул учунан тигил учуна угулат. Бул канаттуу көпөлөктөр менен тамактанып, курттардан да коркпойт.

Адатта, күкүк өзү уя салбайт, ошон үчүн башка бирөөлөрдүн уяларына жумурткаларын таштап кете берет. Ошентип, күкүктүн жумурткасын башка канаттуу басат да, балапан чыгарат. Күкүк – эч тойбогон канаттуу, ошондуктан дайыма курт-кумурскалар көп жерде гана жашайт.(«Ж»)

**35.** Текстте сүйлөмдөрдү байланыштыруунун кайсы жолу колдонулду?

«Амир Темурдун сарайында жети жыл жашаган атактуу тарыхчы Ибн Арабшах бабабыздын көрүнүшүн жана мүнөзүн мындайча сүрөттөйт:

«Темур узун бойлуу, келбети тик, жазы маңдай, башы чоң, абдан күчтүү жана салабаттуу, ак-кызыл жүздүү, кең желкелүү, келишкен, сакалы көп, оң колу менен оң буту орулуу, эки көзү шамдай күйүп туруучу, жоон үндүү, улуулугу өзүнө жарашкан, токтоолук менен сүйлөй турган, акыйкатчыл инсан эле. Ал сырдуу караганды жана көз ишараттарын сезе турган, акылдуу, сынчыл, ар кандай ишараттан сак киши болуп, келип чыгышы мүмкүн болгон бардык ишти алдын ала көрүп-билип турчу эле».

## 8-§. ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Тилди күндөлүк турмушубузда колдоно билсек, бул – кеп болот. Кептин үч түрү бар: *баяндоо*, *сүрөттөө*, *ой жүгүртүү*. Мындан мурда баяндоо жана сүрөттөө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнүндөгү маалыматтар менен таанышканбыз, эми ой жүгүртүүгө токтололу.

ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

– Кептин башка түрлөрүнө караганда, ой жүгүртүү татаал болот.
– Далилдерге таянуу менен оюн берүү ой жүгүртүү деп аталат.

КАМТЫЛГАН МАЗМУНУ:

– Адегенде айтылуучу ойдун негизи берилет.
– Ошол ой далилдер жана мисалдар менен аныкталат.
– Акырында жыйынтык чыгарылат.

**Мисалы:** *ой жүгүртүү мүнөзүндөгү төмөнкү текстке көңүл буралы.*

МУГАЛИМ БОЛГУМ КЕЛЕТ

Эң ардактуу кесиптердин бири – мугалимдик. Мугалимдер балдарга «А» деген тамганы үйрөтүп, окутушат. Адамдардын бардыгы мугалимден билим алып, көп нерселерди үйрөнүшөт. Ал тургай, врачтар да, учкучтар да, соодагерлер да мугалимден окушкан. Ошондуктан мен чоңойгондо мугалим болом. Балдарга билим, тарбия берүүнү кесип кылам.

Бул тексттеги айтылуучу ойдун негизи – «эң ардактуу кесиптердин бири – мугалимдик» деген сүйлөмдө берилди.Андан кийин ошол ой – максат 2-3-4 – сүйлөмдөрдө далилденип, 5-6 – сүйлөмдө болсо, жыйынтык чыгарылды.

**36.** Тексттерди көркөм окугула. Адегенде айтылган ойду (тезис) тапкыла. Андан кийин ойду далилдөө үчүн колдонулган мисалдарды жана корутундуну көрсөткүлө. Текст өзүнүн темасына жооп береби? Силердин оюңар кандай?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АТА МЕКЕНДИ СҮЙҮҮ

Адам баласы жаралгандан бери анын бир нерселерге карата сүйүү сезимдери да пайда болот. Мисалы: ата-энесин сүйүү, тууган-уругун сүйүү, болочок жарын сүйүү, туулган жерин сүйүү жана башка ушул сыяктуу.

Ушулардын ичинен эң ыйык сүйүүлөрдүн бири бул – Ата Мекенин сүйүү. Өз Ата Мекенин сүйгөн адам өз элин да сүйө алат, анын чыныгы кадыр-баркына жеткенге татыктуу. Ата Мекен үчүн ооруп, өлүмгө да баруудан тартынбай тургандай болушу керек. Ата Мекен чындап салыштырганда, төрөгөн эне менен тең жана андан да ыйык. Энеси жок жашоого болот, ал эми Ата Мекени жок жашоого мүмкүн эмес. «Элге эр кымбат, эрге эл менен жер кымбат» дегендей ар бир патриот адамга өз Ата Мекени кымбат. Анткени, ар бир адам өз Ата Мекенинен алпештенип чоңоюп, тарбия алып, билим алып, анан чоң турмушка аттанат.

## УЛУТ БОЛСОМ — ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН

Бир саамга дүйнө тилсиз болгонун элестетип көрөлүчү. Дүйнө кандай көрксүз, кандай керең болмок. Адамдар эң жакшы сезимдерин, каалоо-тилектерин, ой-санааларын, кайгы-капаларын бири-бирине тили менен гана жеткиликтүү түшүндүрө алат.

«Тилден бал да тамат, тилден уу да тамат» деген накыл сөздө айтылгандай, тил жөн эле байланышуу куралы гана эмес, тил — дилдин күзгүсү. Тил — илимдин ачкычы, тил — достуктун көпүрөсү, тил — жакшылыктын жарчысы. Тилсиз жашоо жок. Бул ойлор тууралуу ойчул, акын Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» дастанында:

«Илим менен билимге көпүрө — тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат», — деп жазган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ЫЙМАНДУУЛУКТУ СЕН КАНДАЙ ТҮШҮНӨСҮҢ?

Ыймандуулук — адамдын эң жогорку сапаты.

Ушул суроого жооп издеп, курбуларым менен аңгемелештим. Көпчүлүгү ыймандуулук үй-бүлөлүк тарбиядан баштала тургандыгын айтышты. Биздин айылдагы бир карыя ыймандуулук жөнүндө мындай дечү эле: «Баланын ыймандуу болушу — ата-энеге байланыштуу. Бала жаш чырпыкка окшош, аны кайда ийсе, ошол тарапка ийилет».

Ооба, тарбия көргөн балдар улууларды урматтайт, ата-энесинин айтканын эки кылбайт.

Адатта, биз адамдар менен саламдашууга анча деле көңүл бурбай жүрөбүз. Кээде улууларды жөөлөп өтөбүз. Муну мен ыймансыздыктын белгиси деп эсептеймин.

Акырында сөзүмдү мындайча бүтүргүм келет. Адамдарды сыйлай билели, аларга көңүл буралы. Кичинекей наристеден баштап ар бир адамда ыймандуулук, айкөлдүк болсо экен. («*КБ*»)

## 9-§. ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ КЕБИНЕ ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Тексттин бул түрүнө талдоо жүргүзгөндө төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) айтылган ой (тезис) менен анын темасынын бирибирине шайкеш келиши;

2) ойду далилдөө үчүн колдонулган мисалдар, алардын ырааттуулугу жана жеткиликтүүлүгү;

3) тексттин ой-пикири (идеясы);

4) колдонулган тилдик каражаттар;

5) талдоо боюнча жыйынтык.

**37.** Жогоруда көрсөтүлгөн тартип боюнча текстке талдоо жүргүзгүлө.

Химия өндүрүш үчүн да, кишилердин өмүрү үчүн да өтө керек.

Анын керектүүлүгү мына мында го деп ойлоймун. Эгерде химия илими болбосо, кишилер заттардын касиети жөнүндө эч нерсе билишпей калышар эле. Мисалы, нефтиден бензин алынарын, жер семирткичтин эмнеден жасаларын ж.б.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Химиясыз кишилерди ар кандай ооруулардан сактап калууга да мүмкүн эмес. Ошентип, химия кишилердин өмүрү үчүн да керек. Деги, химия көп нерсеге пайдалуу.

Демек, мен өзүм үчүн эң керектүү кесипти тандап алдым, келечекте инженер-химик боломун. («*КБ*»)

**БК 38.** Текстти окугула. Андагы негизги ой эмне жөнүндө болду? Ойду бекемдөө үчүн колдонулган мисалдарды көрсөткүлө. Текстке коюлган ат мазмунуна шайкеш келеби? Текст жөнүндө силердин пикириңер кандай?

### ТАБИЯТТЫ КОРГОО

Бул маселе XX кылымдын аягында дүйнөлүк проблемага айланып отурганын ар бир адам жүрөгү менен туюп турат. Анткени адам тагдыры менен табият тагдыры бири-биринен ажырагыс. Кийинки учурда суу булганып, жер химикаттарга ууланып, эрозияларга учурап жаткандыгы көз алдабызда болууда.

Чынын айтканда, кийинки учурда жашоо тиричилигибизде экология маданиятына жетише албай жатабыз. Келечек муундарыбызга жаратылышка болгон мамилесинин маданиятын көтөрмөйүнчө биз көп нерселерди жоготуп, жашообуз депрессияга учурашы мүмкүн.

Учурда илимий-техникалык прогресс кысымын көрсөтүп жаткан кез. Аны пайдалануунун техникасын так сактабасак көптөгөн кырсыкка учурашыбыз мүмкүн. Буга уу-химикаттарды самолёт менен чачуудан өсүмдүктөр гана эмес канаттуулар, айрым майда жаныбарлар, а түгүл адамдар да зыян тартканына күбөбүз.

Жаратылышты коргоо барган сайын саясий, эл аралык мааниге ээ болуп баратат. Ошондуктан экология проблемасы бир эле элдин же өлкөнүн иши эмес, бир нече мамлекеттердин биргелешип иш алып баруусун талап кылат. Алсак, Арал деңизинин маселеси буга күбө. Ага жетүүчү дарыялар кийинки мезгилдерде айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн көп пайдаланылып, деңизге куйбай калууда. Натыйжада, деңиз улам соолуп, кургак туз чаңдары айлананы каптап, табият жабырланып, жаратылыштык катастрофа күтүлүүдө. Аны болтурбоо үчүн табияттагы тең салмактуулукту сактоо зарыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БК 39.** Окугула. Негизги ойду аныктагыла. Тилдик каражаттар жөнүндө айтып бергиле. Айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр колдонулду? Текстке кандай ат коюуга болот?

Бала биринчи сөздү энеден угат. Эненин сөзүн угуп, баланын тили чыгат. Бүтүндөй таалим – тарбияны бала энесинен ошол тил аркылуу алат. Силерди бул жарык дүйнөгө жаратып, бөпөлөп өстүргөн, силер үчүн өмүрүн берүүгө даяр турган эне – атаңарды урматтагыла. сыйлагыла!

*«Балдар энциклопедиясы».*

**БК 40.** Тексттин мазмунун окугула. Текст кептин кайсы түрүнө кирет?

ҮЧ УЛУУ ТАБЫП

Бир табып катуу кесел болуп жатып калды. Анын шакирттери жыйылып, устатын дабалоого кириштиі. Ооруган устат аларга:

— Сүйүктүү шакирттерим, мени дабалоо үчүн ашыкча азап чекпегиле. Мен түзөлүүдөн үмүт үзгөнмүн. Өлүмүм жакын калганга окшойт. Көзүм өткөндөн кийин өтө эле кокуй -налаат кыла бербегиле. Мен өз ордума үч улуу табып калтырып кетемин. Ушул зор үч табыптын кеңештерине көңүл буруп башкаларды дагы ошого моюн сундургула, — деди.

Шакирттердин бири:

— Биздин азиз устатыбыз. Сизден кийин ордуңузда кала турган үч табып кимдер? – деп сурады. Устат көздөрүн ачты, жанындагы шакирттерине мындай деп жооп берди:

— Силерге айткан зор табыптын бири — тазалык, экинчиси — тамакты кылдат менен ичүү, үчүнчүсү — дене тарбиясы. Дайыма таза абада болуу, ашыкча жебестен өз өлчөмүндө тамактануу, ичимдикти тыюу, дене мүчөлөрүнүн аракетсиз калтырбастан дене тарбия менен машыгуу — мына ушулардын бардыгы адамдын ден соолугун чыңдоочу эң улуу табып эмеспи.

**КБ 41.** Текстти окуп, планын түзгүлө. Ар бир абзацка тема койгула.

ТУМАШ МЕРГЕН.

Илгери, илгери көгөргөн көктүн алдында, көк майсаң чөптүн үстүндө жан-жаныбарлар үркпөй, коркпой бирине-бири жанаша жашап турганда Тумаш аттуу мерген чыгыптыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тумаш мерген туяксыз калам деп Жаратканга жалбарып жүрүп олтуруп жалгыз уулдуу болот. Уулунун атын Карагул коёт.

Тумаш мерген таң аткандан түн киргенче тоо арасында мергенчилик кылчу экен. Өзү тойсо да көзү тойбоптур. Бөрүнү атып кыйратып, бөлтүрүгүн ыйлатып, түлкүнү атып кыйратып, бачкилерин ыйлатып, аюу атып кыйратып, мамалагын ыйлатып, маралды атып кыйратып, музоолорун ыйлатып, нечен мүшкүл иш кылат.

Байыркы өткөн заманда кийиктен миңди атканда, миңинчи аткан кийиги оңко болуп турчу дейт. Ошондон кийин мергенчи аңчылыгын койчу дейт. Эгер андай болбосо, өзү же жакын адамы майып болуп тынчу экен.

Көзү тойбос Тумаш мерген миңди атып, оңко тургузгандан кийин да мергенчилигин койбоптур. Ошондо кийиктин пири Кайберен адам болуп кубулуп, мергендин алдынан тороптур:

— Текелерди терип аттың. эчкилерди эпсиз аттың, кана Тумаш мерген эмне кызыкка баттың? Токто, ушунчаңда! Убал-сообу кимге алардын? Энесиз калган улактын, улаксыз калган эчкинин убал-сообу кимге? Убалдан корк Тумаш! — деп кийик пири Кайберен эскертип, көздөн кайым болуптур.

Тумаш мергенчилигин уланта берет. Андан кийин он жолу оңко тургузган дейт. Демек, он миң жаныбарды атат. Ошондо кийик пири Кайберен чындап каарданыптыр. Адам болуп кубулуп, Тумаштын алдына тайманбай басып барыптыр.

Кой дегенге болбодуң. Чекесинен аз-аздан, ченеп атсаң мейли эле. Чектен чыгып кеткен соң, өз убалың өзүңө, көрүнсүн кара көзүңө. Мен деле эчки тукуму, эр болсоң мени атып ал эки кадам турайын, мергендигиң сынайын, — деп кийик пири Кайберен какайып туруп бериптир. Тумаш мерген атса, Кайберенге ок тийбейт.

— Жалгыз калып, кордук тартып өт. Ботосу өлгөн ингендей боздоп жүрүп өт! — деп Кайберен көздөн кайым болот.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тумаш мерген шылкыя басып келатса бадалдын түбүндө эликтин чаарчыгы жатат. Үйүмө куру барбайын — деп Тумаш чаарчыкты атат. Сүйүнүп чуркап келип караса, өз баласын атып алыптыр.

## КЕПТИН СТИЛДЕРИ

Кыргыз адабий тилинде текст түзүүнүн ар кандай ыкмалары бар, алар кептин стилдери деп аталышат. Кептин стили жалпысынан сүйлөшүү жана китеп стили болуп эки топко бөлүнөт. Китеп стилине төмөнкүлөр кирет: *публицистикалык стиль, көркөм стиль, илимий стиль, официалдуу-иштиктүү стиль.*

## 10-§. ОФИЦИАЛДУУ-ИШТИКТҮҮ СТИЛЬ

Стилдин бул түрү адамдар менен мекемелердин, мекеме менен мекеменин бир-бирине жазган иш кагаздарында жана башка чөйрөлөрдө колдонулат. Аларга мына булар кирет: *устав, мыйзам, тактама, буйрук, ишеним кат, акт, келишим, токтом, мүнөздөмө, өмүр баян* ж.б.

Официалдуу-иштиктүү стилде сөздөр менен сүйлөмдөр ачык-так өз маанисинде кабыл алынып, аларды башкалар менен алмаштырууга жол берилбейт.

Мында коомдук-саясий сөздөр пайдаланылып, көркөм сөз каражаттары дээрлик колдонулбайт.

**42.** Официалдуу-ишиктүү стилде жазылган айрым иш кагаздарынын үлгүлөрүнө көңүл бургула жана аларды үйрөнгүлө.

### ТАКТАМА

Берилди ушул тактама Ташкент облусу, Бөкө районунун элге билим берүү бөлүмүнө караштуу №35 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 8-класс окуучусу Адылов Асанга. Чындыгында бул окуучу жогоруда көрсөтүлгөн мектептин 8-классында окуйт. Тактама тийиштүү жерге көрсөтүү үчүн мектеп дирекциясы тарабынан берилди.

*Мектеп директору:* *Фамилиясы жазылат жана кол коюлат. 2019-жыл. 18-сентябрь*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тактама — бул документ. Ал жеке адамдын үй-бүлөлүк абалын, иштеген же окуган жерин ж. б. күбөлөндүрүү үчүн берилет. Тактамада төмөнкүлөр эске алынат:

а) адамдын аты-жөнү;
б) тактаманын эмне үчүн берилгендиги;
в) кайсы мекемеге көрсөтө тургандыгы.

### ӨМҮР БАЯН

Мында адамдар өз өмүрү жөнүндө кыскача баяндар жазышат. Өмүр баяндын көпчүлүгү документ үчүн жазылып, анда көркөм сөз каражаттары (*эпитет*, *метафора* ж.б.) колдонулбайт. Кээ бирлери адабий чыгарма түрүндө болушу мүмкүн. Мисалы, К.Акыевдин «Баскан жол» мемуардык чыгармасы ушундай мүнөзгө ээ.

### БАСКАН ЖОЛ

Мен Жумгалдагы Карой деген жерде 1883-жылдын май айында туулган экенмин. Атабыз Акы жыгач уста болгон. Кыргыздын боз үйүнүн уук, кереге, түндүк, каалгаларын келиштирип жасачу. Көзгө атар мерген эле. Жалаң кийиктин эти менен бир айылды тамактандырган учуру болгон.

Ошол убактыларда беш-алтылардамын. Менден улуу агам, иним — баарыбыздын үстүбүздө үйрүп салар ыймандуу кийим жок. Мени «Акы устанын жыланач баласы» деп коюшар эле. *(Калык Акыев)*

**43.** Өзүңөрдүн өмүр баяныңарды жазууга үйрөнгүлө.

## СИНТАКСИС ЖАНА ПУНКТУАЦИЯ. СӨЗ АЙКАШЫ. СӨЗ АЙКАШЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

Сөздөр бири-бири менен маанилик жана грамматикалык жактан байланышып, сөз айкашын жана сүйлөмдү түзүшөт.

Синтаксис — грамматиканын бир бөлүгү, анда сөз айкашы, анын түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү жана сүйлөмдүн түрлөрү үйрөтүлөт.

Синтаксисти өздөштүрүү аркылуу ой-пикирди, ар кандай ички сезимдерди ачык-так түшүндүрүүгө жетише алабыз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жазууда ой-пикирди жеткиликтүү берүүдө ар кандай тыныш белгилер колдонулат. Тыныш белгилерди колдонуу жөнүндөгү эрежелер пунктуация (латындын пунктум — «чекит» деген сөзүнөн) деп аталат.

## 11-§. СӨЗ АЙКАШЫНДА СӨЗДӨРДҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ

Сөз айкашы деп – маанилери жана грамматикалык формалары боюнча өз ара байланышкан толук маанилүү эки сөздүн айкашын айтабыз.

Сөз айкашы эки түгөйдөн турат. Алардын бири багыныңкы жана экинчиси багындыруучу түгөй болуп саналат. Мисалы: жаңы жоолук, мээримдүү эне, сулуу кыз, чоочун киши деген сөз айкаштарын алсак, биринчилери багыныңкы, экинчилери багындыруучу мааниге ээ экендигин көрөбүз, багыныңкы түгөй багындыруучу түгөй менен грамматикалык жана мааниси жактан байланышат.

Сөз айкашы багындыруучу түгөйдүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине карай этиштик жана атоочтук болуп экиге бөлүнөт.

Этиштик сөз айкашынын багындыруучу түгөйү этиш сөз болот: китеп окуу, машинага түшүү, ачык сүйлөө. Ал эми атоочтук сөз айкашынын багындыруучу түгөйү атооч сөздөрдөн болот: көпкөк асман, биздин айыл, алманын кызылы.

Сүйлөмдөгү сөздөр маани жактан бир-бирине тизмектешип, грамматикалык байланышта биригип келет да, сөз айкашына айланат. Алардын өз ара байланышын карап келгенде эки түрдүү.

1.Эркин сөз айкашы. 2. Туруктуу сөз айкашы.

**45.** Окугула. Сөз айкашындагы багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдү тапкыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн болушту? Сөз айкашын этиштик жана атоочтук деп бөлүштүрүүдө кайсы сөз эске алынат?

Ар бир бала, окуунун[2] мыктысы, ызгаардуу кыш, келе жаткандардын үчөө, билимге умтулуу, үйдөн алыс, машыккан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

адис, жакшы сүйлөө, тынбай иштөө, экинчи көрүшүү, жарк этип күлүү, келечекке умтулуу, жайлоону көздөй баруу, окуучулардын баары[1].

**46.** Сөз айкашы кандай сөздөрдөн түзүлөрүн, алардын орун тартибин түшүндүргүлө. Атоочтук жана этиштик сөз айкаштарынын айырмачылыгы эмнеде? Багындыруучу жана багыныңкы сөздөр кайсы сөз түркүмдөрүнөн болушту?

Биринчи учурашуу, сегизинчи класс, салкын жел, бүткүл эл, айдан жарык, кесип жөнүндө сүйлөшүү, жогору көтөрүлүү, багжан-багжан сүйлөө, ата-энени сыйлоо, ушул бала, агарган кар, тестти чечүү, коргошундан[2] оор, үйдөн чоңураак, анардай кыпкызыл.

**47.** Багындыруучу сөзү зат, сын, сан жана ат атоочтордон болгон сөз айкаштарына (ар бирине төрттөн) мисал ойлоп жазгыла, атоочтук сөз айкашы жөнүндө айтып бергиле.

**48.** Төмөнкү үлгү боюнча сөз айкашын түзгүлө. Алардын түзүлүшүн жана түрлөрүн аныктагыла.

Сын атооч + сан атооч =
Зат атооч + зат атооч =
Сан атооч + этиш =
Зат атооч + этиш =
Зат атооч + сын атооч =
Зат атооч + этиш =
Тактооч + этиш =
Зат атооч + сын атооч =

**49.** Сөздөн сөз айкашын, андан сүйлөм түзгүлө. Алардын ортосундагы айырмачылыкты түшүндүргүлө.

Токой, биз, кызыл, сегизинчи, ар бир, бийик, жазуу, иштөө, кабыл алуу, көз байланган учур, Ысык-Көл, ат кулак, жел боо, бака жалбырак.

Үлгү: *Токой — чытырман токой — Биз чытырман токойду аралап баратабыз; же болбосо: токой — токойлуу жер — Токойлуу жерде жашайбыз.*

**50.** Адегенде этиштик, анан атоочтук сөз айкаштарын бөлүп жазгыла.

Жыйырма жети жыл, эгемендүүлүккө жетишүү, түтүн булатуу, элдин ырысы, ынтымагы бар, ынтымаксыз бүлүнөт, эмгегиңди көрсөтүү, өзүнө ишенүү, атуулдук парз, жаңы



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

доор, республиканын калкы, бабалардын руху, туугандарга баруу, тарыхын жыйноо, санжырасын угуу, чыгармачылык өнөр, жаштарды куттуктоо, фермердик чарба, өнөр жайды жакшыртуу.

Үлгү: *Этиштик сөз айкашы*:
*Эгемендүүлүккө жетишүү...*
*Атоочтук сөз айкашы:*
*Жыйырма жети жыл...*
*фермердик чарба...*

**51.** **Күз** деген сөзгө синквейн түзүү:

1. Бир сөз менен зат атооч;
2. Эки сөз менен сын атооч;
3. Үч сөз менен этиш;
4. Төрт сөз менен зат атоочко карата берилген фраза;
5. Бир сөз менен синоним.

«Күз» деген сөздөн сөз айкашын түзгүлө;
«Күз» жөнүндө макал-ылакап, табышмак айтуу;

**52.** Этиштик сөз айкаштарын таап, алардын ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Сүйлөм түзүүдө этиш сөздүн формасы өзгөрдүбү? Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Этиш сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

Сапсары жүгөрү, жаанчыл күз айы, ачык-так сүйлөө, үймөк-үймөк чөп, тынчтык үчүн күрөшүү, кыйышпас достук, бийлегендердин үчөө, сабакка даярдануу, булактай тунук, максатка жетүү, ууздай сапсары, акылы айран калуу, беш өрдөгүн учуруу, ишмер жигит, ала тоодой бийик, кара чабуулга түшүү.

**53.** Төмөнкү сөздөрдөн сөз айкашын түзгүлө. Анын багындыруучу, багыныңкы түгөйлөрүн аныктагыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына көңүл бургула.

Бала, нан, мугалим, тоо, гүл, сабак, окуучу, китеп, дос, мектеп, максат, жомок, кызыктуу, бешөө, тез-тез, катуу, жооп берүү, сүйлөшүү, жоолук, алтын, ата-эне, бетме-бет, жайлоо,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эс алуу, филармония, концерт, достук, ойлонуу, кырман, умтулуу, эгемендүү, өнүккөн, кластер, стратегия.

## СӨЗ АЙКАШЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

Сөз айкашындагы сөздөр бири-бири менен төмөнкүдөй жолдор аркылуу байланышат: **ыкташуу, таандык байланыш, башкаруу байланыш.** Байланыштын бул түрлөрү багыныңкы байланыш деп аталат.

### 12-§. ЫКТАШУУ

**Ыкташуу байланышта багыныңкы түгөй багындыруучу түгөй менен эч кандай мүчөлөрсүз мааниси жактан байланышат.** Мисалы: **он эки** дептер, **кызыл** гүл, **балыктай** сүзүү, **экинчи** беттешүү.

Багындыруучу түгөй; *дептер, гүл, сүзүү, беттешүү*. Багындыруучу түгөйгө мааниси боюнча байланышкан сөздөр, *он эки, кызыл, балыктай, экинчи*. Мында ыкташа байланышкан сөз багындыруучу түгөйдүн маанисин толуктайт да, андан мурда келет.

Ыкташуу байланышы сүйлөмдө да сакталат: 1) **алты** китеп — сөз айкашы. 2) **Алты** китеп *сатып алдык*.

**54.** Окугула. Багындыруучу жана багыныңкы түгөйлөрдү атагыла, алар кайсы сөз түркүмүнөн болушту? Сөз айкашындагы сөздөрдүн ортосунда байланыштын кайсы түрү бар?

Таттуу алма, ишмер жигит, чукул бурулуу, үч эсе көбөйтүү, Ала-Тоолук алтоо, эрте келүү, жаркырап-жайнап отуруу, дагдаң-дагдаң басуу, күлдүрө айтуу, заңгыраган жакшынакай мектеп, аппак үй, жыйырма алты киши, ак төөнүн карды жарылган күз айы.

**55.** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү сөздү ойлоп таап, сөз айкашын түзгүлө. Көчүрүп жазгыла да багындыруучу сөзгө ыкташкан сөздүн астын сызгыла. Ал кандай мааниде колдонулду?

... окуя, ... жардам, ...карыялар, ... акын, ... учурашуу, ... жооп берүү, ... суу, ... жаан, ... толкун, ...жайлоо, ... кабыл алуу, ... көздөн кайым болуу, ... чуркоо, ... жазуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**56.** Төмөнкү сөздөрдү багыныңкы сөздүн маанисинде пайдаланып, ыкташуу байланышындагы сөз айкашын түзгүлө. Ыкташуу деген эмне? Ал кандай мааниде колдонулат?

Жакшы, алтынчы, жаркылдаган, чебер, майлуу, шайдоот, шамдагай, ысык, тоодой, көпкөк, жаңы, нөшөрлөгөн, кызыктуу, он беш, калчылдап, балдай, ойдогудай, каткырып, капкара.

**57.** Тексттерди көркөм окугула. Сүйлөмдүн тутумунда ыкташуу байланышындагы сөздөрдү көрсөткүлө. Ыкташкан сөз заттын, кыймыл-аракеттин кандай белгисин билдирди?

1. *Жаман*[3] адам белгиси
Өз камы үчүн жүгүрөт.
*Жакшы* адам белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт. (*Т.*)
2. *Мээримдүү*[3], *жөнтөк аккан* Волга дайра
Үстүңдөн өткөн кезде кайра-кайра,
*Күмүш* түс, каракүлдөй бүйрөлөнүп,
*Менсинип* агар элең алда кайда. (*А.Т.*)

3. Намангандан Ферганага чейин жай айларында[2] аралаган адам самаганынын бардыгын көрөт: *ыргалган* эгиндер, *бийик-бийик* үйлөр, *короо-короо* койлор, *үйүр-үйүр* жылкылар, *тунук* булактар, *көйкөлгөн көк* шибер ж.б.

**58.** Окугула. Сүйлөмдөрдү бири-бирине салыштыргыла, кайсынысында заттын жана кыймыл-аракеттин белгиси ачык-айкын көрсөтүлдү, ой-пикир элестүү берилди? Мындай өзгөчөлүк эмнеге байланыштуу болду?

| | |
|---|---|
| 1. Ак кеме *каалгып* сүзүп баратты. | Ак кеме сүзүп баратты. |
| 2. Айылдын үстүндө *эки* терек болор эле (*Ч.А.*) | Айылдын үстүндө терек болор эле. |
| 3. Биздин айылга *ак таңдай* акындар келишти. («*КМ*») | Биздин айылга акындар келишти. |
| 4. *Ак жибек* көйнөк, *кызыл тукаба* бешмант, омуроодогу *кызыл* шуру, *алтын* шакек сулуунун тат. көрүнүшүн *миң* кубултат.*(К.Ж.)* | Көйнөк, бешмант, омуроодогу шуру шакек сулуунун көрүнүшүн кубул- |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**59.** Окугула. Багындыруучу түгөйүн таап, анын кайсы сөз түркүмүнө кирерин аныктагыла. Схемага көңүл бургула, анан багындыруучу жана багыныңкы түгөйлөрдү үлгүдөгүдөй кылып көчүрүп жазгыла.

Жаркын маанай, таасын сөз, чаңкайган асман, салыңкы кабак, күкүктөнгөн суу, мүйүз тарак, көк мелжиген булут, түлкү тебетей, алыс күтүү, төртүнчү келүү, каадалана сүйлөө.

Багыныңкы түгөйлөр:
- зат атооч
- сын атооч
- сан атооч
- ат атооч
- атоочтук

→ Зат атооч (багындыруучу түгөй)

кыймыл атооч

Багыныңкы түгөйлөр:
- тактооч
- сын атооч
- сан атооч
- чакчыл этиш
- тууранды сөз

→ Этиш (багындыруучу түгөй)

Үлгү: *Жаркын маанай.*

| Багындыруучу түгөй | Багыныңкы түгөй | Грамматикалык мааниси | | Кайсы сөз айкашы? |
|---|---|---|---|---|
| | | Багындыруучу түгөй | Багыныңкы түгөй | |
| *маанай* (зат атооч) | *жаркын* (сын атооч) | зат + анын белгиси | | атоочтук сөз айкашы |
| — | — | — | | — |
| — | — | — | | — |
| — | — | — | | — |

## 13-§. ТААНДЫК БАЙЛАНЫШ

**Багыныңкы түгөй илик жөндөмөдө туруп таандык мүчө уланган багындыруучу түгөй менен байланышса таандык байланыш деп аталат.**

Мисалы: *окуучулардын китеби, чоң атамдын жомогу, менин карындашым.*

Багындыруучу түгөйгө: *китеби, жомогу, карындашым.*



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Багындыруучу түгөйгө: *окуучулардын, чоң атамдын, менин.*

Жогорку мисалда *китеп* — окуучуларга, *жомок* — чоң атага, *карындаш* — мага таандык болуп айтылды.

Кээде тилдик өзгөчөлүккө байланыштуу багыныңкы же багындыруучу түгөйгө улануучу мүчөлөр айтылбай калышы мүмкүн; *айыл чети, биздин үй.*

**60.** Окугула. Илик жөндөмөдө жана таандык мүчө уланып турган сөздөрдү атагыла. Мааниси боюнча алардын кайсы сөз кайсынысына таандык болуп айтылды? Таандык мүчө канчанчы жакка тиешелүү?

Менин агайын-туугандарым, мектептин багы, биздин айылдаштарыбыз[2], сенин курбу-курдаштарың[2], силердин классташтарыңар[2], агамдын баласы, таенемдин кызы, Сыр-дарыянын балыгы, Харезмдин күрүчү, Өзбекстандын пахтасы, акылдуунун сөзү.

**61.** Жадыбалда берилген таандык мүчөлөргө көңүл буруп, аларды эсиңерде сактагыла жана мындан аркы ишиңерде колдонгула.

ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР

| Жактар | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| I жак<br>II жак (сылык түрү)<br>III жак | -ым, -м<br>-ың, -ң<br>-ыңыз,-ңыз<br>-ы -сы | -ыбыз, -быз<br>-ыңар, -ңар<br>-ыңыздар, -ңыздар<br>-ы,-сы |

**62.** Текстти көркөм окуп, таандык байланышындагы сөздөрдү тапкыла. Байланыштын бул түрүндө негизги жана багыныңкы сөздөр бири-бири менен кандайча байланышат?

ҮЛГҮ ЫРЛАР

Дайранын көркү[2] кемеде,
Баланын көркү энеде.
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.

Шибердин көркү мал менен,
Жылкынын көркү жал менен.
Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркү жар менен.

Кулпунуп туурда таранса,
Куштун көркү түлөктө.
Кошоматчы, кууларды,
Кондурба да, түнөтпө!(*Т.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**63.** Төмөнкү сөз айкаштарынын багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөрүн таап, кандай жолдор менен байланышканын түшүндүргүлө.

Чимгендин абасы, күндүн нуру эмгектин шаңы, менин китебим, досумдун максаты элдин тынчтыгы, жигиттин сөзү

**64.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, таандык байланыштагы сөз айкаштарын белгилегиле. Маанисин түшүндүргүлө.

1.Акылдуунун сөзү – кыска. 2. Курсагы ачтын кулагы укпайт. 3. Булбул жокто баканын чардаганы керемет. 4. Тобокелдин кемеси сууга чөкпөйт. 5. Тоонун да төрөсү болот. 6. Ачуу сөздүн дамы ачуу келет. 7. Баатырдын өлүмү күндүн батканы менен барабар.

**65.** Төмөнкү сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет? Алар кандай кырдаалда таандык байланыштагы сөз айкаштарынын түгөйлөрү боло алат? Берилген сөздөрдү катыштырып сөз айкаштарын түзгүлө.

Акылдуу, жыйырма, жыл, асыл, өнүккөн, бербес, алдыңкы, тез, алтоо, конституция, олимпиада, достор, фирма.

**66.** Окугула. Катарлаш берилген сөз айкаштарынын экөөнү тең катыштырып, сүйлөм түзүп келгиле. Экөөнүн айырмачылыгы эмнеде экен?

Тоонун шамалы — тоо шамалы, кыргыз жери – кыргыздын жери, үй ичи – үйдүн ичи, көңүл дарты — көңүлдүн дарты, биздин айыл — биздин айылыбыз, элдин таалайы — эл таалайы.

**67.** Текстти окуп, таандык байланыштагы сөз айкашын көчүрүп жазгыла, текст кептин кайсы түрүнө кирет.

Боз үй – көчмөн элдердин биргелешкен акыл оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй, улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу.

Боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дарыянын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 14-§. БАШКАРУУ

**Байланыштын бул түрүндө багыныңкы түгөй барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн биринде туруп, багындыруучу түгөй менен байланышат.**

Мисалы: ***мектепке*** баруу, ***тартипти*** сактоо, ***музейде*** болуу, ***коргошундан*** оор.

Багындыруучу түгөй: *мектепке* (барыш жөндөмөдө), *тартипти* (табыш жөндөмөдө), *музейде* (жатыш жөндөмөдө).

Багындыруучу түгөй: *баруу, сактоо, болуу, оор*.

Кээде жөндөмө мүчөдөгү багыныңкы түгөйдөн кийин жандоочтун да кошулуп айтылышы мүмкүн: ***баласына карай жүгүрүү***, **жыйналыштан кийин** жолугуу. Багыныңкы сөздөр: *баласына карай* — барыш жөндөмө + карай деген жандооч; *жыйналыштан кийин* — чыгыш жөндөмөдө + *кийин* деген жандооч.

Багындыруучу айрым учурда багыныңкы түгөй, жөндөмө мүчөсүз келип, негизги сөз менен жандооч аркылуу байланышат: ***эмгек менен*** *жетилүү*, ***мол түшүм үчүн*** *күрөшүү*.

Багыныңкы түгөйлөр: *эмгек менен, мол түшүм үчүн.*

**68.** Багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдү көрсөткүлө, алардын өз ара байланыштуу жолдорун (жөндөмө мүчө же жандооч) аныктагыла. Багындыруучу сөз көбүнчө кайсы сөз түркүмүнөн болорун эсиңерде сактагыла.

Айылдаштарга кезигүү, көчөттөрдү отургузуу, улууларды урматтоо, эгин талаасында иштөө, суудан кечүү, чындык үчүн аракет кылуу, радио аркылуу уктуруу, артисттер сыяктуу ырдоо, алмадан чоңураак, күндөн жарык, ушулардан үчөө, алтындан кымбат.

**69.** Төмөндө берилген мисалдарды өз ара салыштыргыла. Алардын кайсынысы сөз айкашы? Кайсынысы сүйлөм? Булардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| 1. Мектепке баруу | Мектепке бара жатабыз. |
| 2. Жумуштан келүү | Жумуштан келдик. |
| 3. Аэропортко чейин узатуу | Аэропортко чейин узатабыз. |
| 4. Жаратылышты коргоо | Жаратылышты коргойбуз. |
| 5. Кайык менен баруу | Кайык менен бардым. |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**70.** Окугула. Сүйлөмдүн тутумунан ыкташуу, таандык жана башкаруу байланышындагы сөздөрдү тапкыла. Өз ара байланышкан сөздөрдүн кайсынысы багындыруучу жана кайсынысы багыныңкы?

1. Жаратылыштын ажайып коoздугунан биз ыракат алабыз, аралашып жашайбыз. Толукшуган жай айында тоодо болуу кандай ыракат! Гүлдөргө суктана карайсың. Анан күз айы келет. Ал толгон-токой жер-жемишке, жашылчага толгон. Ооба, ар бир мезгилдин өзүнчө сыры бар. («*А.Т.*»)

2. Күлүк менен жарышып,
Билимдүү менен алышпа.
Кейбир* кылат өзүндү,
Кеп салбагын маңызга. (*Т.*)

**71.** Төмөнкү схема боюнча башкаруу байланышындагы сөз айкашын түзгүлө. Анын багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөрүн аныктагыла.

Зат атооч + барыш жөндөмөсү + этиш
Зат атооч + табыш жөндөмөсү+ этиш
Зат атооч + жатыш жөндөмөсү + этиш
Зат атооч + чыгыш жөндөмөсү + этиш

**72.** Сөз айкаштарын көчүрүп жазгыла. Багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөрүн таап, алар кайсы сөз түркүмүнө таандык экендигин жана багыныңкы түгөйлөрүнө кайсы мүчөлөр жалганганын аныктагыла.

Эне тилди урматтоо, ырга ышкылуу, кыялды учуруу, жан дүйнөсүнө сиңүү, ойдон жаралуу, тоодо төрөлүү, билгенден суроо, жашоого ыңгайлуу, туш-тушка жиберүү, жалкоолуктан качуу.

## 15-§. СӨЗ АЙКАШЫН ТАЛДОО

### ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Адегенде сөз айкашындагы багындыруучу түгөйдү табуу.
2. Багындыруучу түгөйдөн суроо берип, багыныңкы түгөйдү аныктоо.
3. Багындыруучу түгөй жана багыныңкы түгөйлөрдүн кайсы сөз түркүмүнөн болгонун көрсөтүү.
4. Сөз айкашындагы сөздөрдүн байланышуу жолдорун (ыкташуу, таандык, башкаруу байланыш) аныктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### ТАЛДООНУН ҮЛГҮСҮ

*Оозеки түрүндө талдоо.*

*Салкын жел.* Эмне? — *жел* — багындыруучу түгөй, зат атооч; кандай жел? — *салкын* — багыныңкы түгөй, сын атооч; багыныңкы түгөй багындыруучу түгөй менен ички мааниси боюнча байланышты (ыкташуу).

*Окуучулардын каалоолору.* Эмнелери? — каалоолору — багындыруучу түгөй, зат атооч; кимдин каалоолору? — *окуучулардын* — багыныңкы түгөй, зат атооч багындыруучу түгөй менен багыныңкынын ортосунда таандык байланыш бар.

*Акыл-эсти байытуу.* Эмне кылуу? — байытуу — багындыруучу түгөй, этиш; эмнени байытуу? — *акыл-эсти* — багыныңкы сөз; багындыруучу түгөй жана багыныңкы түгөйлөрдүн ортосунда башкаруу байланышы бар.

*Жазуу түрүндө талдоо.*


кандай?

*салкын* (сын атооч) ← *жел* (зат атооч)

**73.** Сөз айкаштарына оозеки талдоо жүргүзгүлө. Багыныңкы жана багындыруучу сөздөрдүн орун тартибине көңүл бургула.

Дайранын көркү, адамдын жакшысы, алардын баары, ата мекенди сүйүү, көпкөк асман, менин мугалимим, жаанчыл жай айы, кайраттуу жигит, мелдешке катышуу, кыйынчылыктан коркпоо, көлгө чейин баруу, эки сааттан кийин келүү, он беш бала, тайгак кечүү, сенин айылдашың, шаардан окуу, силердин курбуларыңар.

**74.** Схеманы дептериңерге сызгыла. Сөз айкашында багыныңкы түгөй багындыруучу түгөй менен кандай жолдор аркылуу байланышарын эсиңерге сактагыла. Байланыштын ар бирине бештен мисал ойлоп таап, жазып келгиле.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**75.** Төмөнкү сөз айкаштарына жазуу түрүндө талдоо жүргүзгүлө.

Мектептин окуучусу, билимдүүнүн сөзү, сууга сүзүү, кең талаа, китептин барагы, ишке берилүү, өнөрлүү бала, тоонун булагы, сулуу кыз.

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Сөз айкашы жөнүндө эмне билесиңер?
2. Сөз айкашынын түзүлүшү (багындыруучу түгөй, багыныңкы түгөй) жөнүндө айтып бергиле.
3. Сөз айкашындагы сөздөр бири-бири менен кандайча байланышат?
4. Сөз айкашынын кандай түрлөрүн билесиңер?

# СҮЙЛӨМ

## 16-§. СҮЙЛӨМДҮН ГРАММАТИКАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

Сүйлөм аркылуу бир нерсе жөнүндө кабар берилет, же суроолор менен бирөөлөргө кайрылабыз, же ички сезимдер билдирилет. Ошентип, сүйлөм адамдардын ортосунда өз ара пикир алышуу кызматын аткарат. Сөз же сөз тизмектери грамматикалык жана интонациялык жактан белгилүү бир иретке келтирилип, жыйынтыктуу ойду билдиргенде сүйлөм боло алат.

Бүткөн айрым ойду билдирүүчү сөз же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат.

Сүйлөмдүн айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү ар түрдүү. Мисалы, айтылыш максаты боюнча жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөрдү билебиз.

Грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөм жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сүйлөмдө бир эле грамматикалык негиз (баш мүчө) болот, ал эми татаал сүйлөм эки же андан көп грамматикалык негизден турат. Мисалы: 1. ***Жаан жаайт,*** 2. *Акылдын* ***көркү — тил****, тилдин* ***көркү — сөз.*** 1-сүйлөм — жөнөкөй, мында бир эле баш мүчө бар. 2-сүйлөм — татаал, ал эки сүйлөмдөн түзүлдү, анда эки баш мүчө бар.

Баш мүчөлөрдүн катышып турушу боюнча жөнөкөй сүйлөм экиге бөлүнөт:

1) эки тутумдуу жана эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм;

Айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай жөнөкөй сүйлөм жалаң (мында айкындооч мүчө жок) жана жайылма (айкындооч мүчө бар) болушу мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**76.** Окуп, ойлонгула. Сөздөрдөн адегенде сөз айкаштарын, андан кийин ал сөз айкаштарынын негизинде сүйлөмдөрдү түзгүлө. Сөз менен сөз айкашынын, сөз айкашы менен сүйлөмдүн ортосунда кандай айырмачылык бар экенине көңүл бургула.

I. Бүгүн, чайыттай, күн ачык! Көл, нур, бетине, чагылышат: Күнгөй, килемдей, тескей, кулпурат; Жакасы көк, тоосу, жашыл; Салкын, көтөрүп, көңүлдү, жели; алып баратат, ыракатка, мээримдүү.

II. Ырчы, терге, оозун, чөмүлгөн, тартты, кызыл аттын; төрт, аягы, тынч, албайт, алчактай, ат; Токтоп, калды, көч; Көч, чыкты, ошентип, жолго.

Үлгү: ырчы тартты
оозун тартты
терге чөмүлгөн кызыл аттын

*Ырчы терге чөмүлгөн кызыл аттын оозун тартты.*

**77.** Жадыбалды карап, сүйлөм менен сөз айкашын салыштыргыла. Экөөнүн айырмачылыгын мисал келтирүү аркылуу түшүндүрүп бергиле.

| **Сүйлөм** | **Сөз айкашы** |
|---|---|
| Кабарлоо, суроо эркти билдирүү үчүн колдонулат. | Нерсени, кыймыл-аракетти ж.б. тагыраак, толугураак атоо үчүн колдонулат. |
| Белгилүү бир өлчөмдө жыйынтыктуу ойду билдирет да, интонациялык жактан аякталган болот. | — |
| Грамматикалык негизге (ээ, баяндооч) ээ. | Багындыруучу жана багыныңкы түгөйдөн турат. |

**78.** Сүйлөмдүн аягына коюлган тыныш белгилерге карата текстти көркөм окугула. Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Ал сүйлөмдөрдүн бири-биринен айырмасы эмнеде?

—Эй, адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек? Жерби? Мына, мен Жермин. Мен бардык адам баласына теңмин. Мага[2] талашыңардын кереги жок. Мага ынтымак керек, эмгек керек!

Айдоого бир дан таштасаңар, жүз[1] дан кылып берем. Чырпык сайсаңар, чынар кылып берем. Урук-тукумуңар көбөйсө, баарыңарга жай болуп берем. Мен тарыбаймын, мен баарыңарга жай болуп берем. Мен тарыбаймын, мен кенчмин. Мен баарыңарга тегиз жетем! (*Ч.А.*)



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**79.** Окугула. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин кайсы мүчөлөр түзөт, аларды көрсөткүлө? Сүйлөмдү жай, суроолуу, илептүү деп бөлүштүрүүдө эмнени эске алабыз?

Ишеним, Сүйүү жана Мекен

– Кудайдан эмнени сурасам болот?

– Үч нерсени: ден соолукту, кубаттуулукту, коопсуздукту.

– Кимден чочулабаш керек?

– Сага көз артпаган досуңдан.

– Жаш кезде эмне жасоо керек, а карыгандачы?

– Жашында билим алып, карыганда аны колдонуу керек.

– Эл алдында кишини эмне чүнчүтөт?

– Мактанчаактык, өзүнүн жөндөмүүлүгү жөнүндө сөз кылуу.

– Татыксыз достон кантип кол үзүш керек ?

– Анын үч жолу бар. Ага басып барбай, акыбалын сурабай жана жардамга чакырбай койсоң кутуласың.

– Жаштарга жана карыяларга кандай адеп керек?

– Жаштарга тайманбастык менен уяттуулук, карыяларга билим менен токтоолук керек.

– Кандай адамдарды берешен, жоомарт десек болот?

– Кимдир бирөөгө белек берип, ошонусуна кубангандарды.

– Адам үчүн өмүрдөн артык эмне бар?

– Ишеним, сүйүү жана мекен.

*Ибн Синанын айтканы*

**80.** Туулуп-өскөн айылыңардын айланасына көз чаптыргылачы. Ал кандай керемет! Жаратылышка карата болгон өзүңөрдүн кубанычыңарды, суктануууңарды илептүү сүйлөм аркылуу билдиргиле. Бул жөнүндө чакан аңгеме жазып келгиле.

**82.** Жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү колдонуп, чакан текст түзүп келгиле. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин кайсы мүчөлөр түзөт? Сүйлөмгө мүнөздүү белгилерди түшүндүргүлө.

**83.** Төмөнкү суйлөидөрдү маанисине карап, берилген сөздөрдү пайдаланып толуктагыла.

Эл ар кандай улутта болсо да, бири-бирин ……турушат. Эч ким бири-бирин…… Ошондуктан .......өлкөсүндө ар дайым ….. өкүм сүрөт. Өзбекстандыктар ……каалайт. Ынтымак жана достук ….. байлыгыбыз.(сыйлап, Өзбекстан, бейпилдик, кемсинпейт, тынчтыкты, биздин).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**81.** Жадыбалды карагыла. Сүйлөм эмнесине карай кандайча болуп бөлүнөт экен? Жадыбалдын этегиндеги мисалдарды сүйлөмдүн кайсы түрүнө кошууга болот? Сүйлөмдүн кайсы түрүнө мисал берилбептир деп ойлойсуңар, ага кандай мисалдарды келтирсе болот?

СҮЙЛӨМ

| № | Айтылыш максатына карай | Грамматикалык түзүлүшүнө же баш мүчөлөрдүн санына карай | Баш мүчөлөрдүн бирөө, же экөө болушуна карай | Айкындооч мүчөлөрүнүн болушуна, же болбошуна карай | Сүйлөм мүчөлөрүнүн толук берилип, же бирөөнүн калып калышы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Жай сүйлөм | Жөнөкөй сүйлөм | Эки тутумдуу сүйлөм | Жайылма сүйлөм | Толук сүйлөм |
| 2. | Суроолуу сүйлөм | Татаал сүйлөм | Бир тутумдуу сүйлөм | Жалаң сүйлөм | Кемтик сүйлөм |
| 3. | Илептүү сүйлөм | | | | |
| 4. | Буйрук сүйлөм | | | | |

САЯКАТ

Балдар токойго саякатка камынышты. Токойдо болуу кандай сонун! Анда түрдүү жер-жемиштер көп. Жапайы алма, жаңгак – баары бышып турган мезгил. Чычырканактын, ит мурундун ашы сапсары, кыпкызыл болуп турат. Токойду аралап, тоонун суусу шаркырап агат. Мугалим балдарга: Балдар көңүл бургула! Жакшылап уккула! Жолго тамак, ылайыктуу кийим, сүлгү, самын алгыла! –деди. Балдар кандай эс алышты?

Албетте, алар үчүн эсте каларлык күн болду.

## 17-§. СҮЙЛӨМДӨГҮ СӨЗДӨРДҮН БАЙЛАНЫШЫ

Сүйлөм сөз айкашынан түзүлө тургандыгы белгилүү. Ушуга байланыштуу сөз айкашындагы ыкташуу, таандык байланыш, башкаруу сыяктуу багыныңкы байланыштын бардык түрлөрү сүйлөмдө да сакталат.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору алда качан эркин жана ар түрдүү. Мисалы, баш мүчөлөрдүн ортосунда ээрчишүү бар. Ушундай эле, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү өз ара тең байланышат: *Күзүндө канаттуулар, айбанаттар кышка камынышат. Канаттуулар, айбанаттар* деген бир өңчөй сөздөр бири-бири менен тең байланышты, бири экинчисине көз каранды эмес, тең укукта.

Ал эми *күзүндө камынышат* жана *кышка камынышат* деген сөздөрдүн ортосунда багыныңкы байланыш (башкаруу) бар.

Ошентип, сүйлөмдөгү сөздөр төмөнкүдөй жолдор аркылуу байланышат: багыныңкы байланыш жана тең байланыш.

Эгерде сүйлөм мүчөлөрүнүн ортосундагы байланышты эске алсак, анда ээ менен баяндоочтун ортосунда ээрчишүү; толуктооч менен баяндоочтун, ушундай эле бышыктооч менен баяндоочтун ортосунда башкаруу же ыкташуу; аныктооч жана аныкталуучу сөздүн ортосунда таандык же ыкташуу байланыштары бар.

**84.** Окугула. Сөз айкашындагы сөздөр бир-бири менен кандайча (ыкташуу, таандык байланыш, башкаруу) байланышты? Байланыштын ошол түрлөрү сүйлөмдө сакталдыбы? Салыштыргыла.

1. Он беш окуучу — Он беш окуучу университетке өттү. 2. Кенен бөлмө — Кенен бөлмөдө окуйбуз[2]. 3. Эртең баруу — Эртең барабыз. 4. Кыпкызыл анар — Кыпкызыл анар сатып алдык. 5. Баланын аты — Баланын аты Данияр эле. 6. Ак карлуу тоолор — Ак карлуу тоолор бийик. 7. Сенин карындашың — Сенин карындашың келди. 8. Сары-Челектин жаратылышы — Сары-Челектин жаратылышы[2] жомоктогудай кооз.

**85.** Текстти окугула. Сүйлөмдүн тутумунда бири-бири менен тең мааниде байланышкан сөздөр барбы? Аларды көрсөткүлө. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болушат?

УЛУУ ИНСАНДАР

Курманжан датка жөнүндөгү аңыз кептер урпактардан урпактарга уланып келатат. Чыгыштын хандары, эмирлери, акимдери Курманжан энебизге «датка» деген наамды ыйгар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ышкан экен. Курманжан датка ашкан акылман, айлакер эл энеси болгон. Чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган. Улутубуздун, элибиздин ынтымагын сактаган. Аракети, кеби аркылуу башка элдер менен достукту чыңдоого данакер болгон.

Ошентип, Курманжан энебиз кыргыз аялзатынын үлгүсү болуп саналат. («*КТ*»)

**86.** Көчүрүп жазгыла да, сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн ортосундагы байланыштын жолдорун түшүндүргүлө.

1. Баардык шумкар кыраан эмес. Баардык күлүк чыгаан эмес. 2. Түлкүнүн калтары бар. Өрдөктүн чүрөгү бар. 3. Байлыктын түрү көп, анын эң башкысы — ынтымак. 4. Уят өлүмдөн катуу. 5. Жаманга жанашпа. Жакшыдан адашпа. 6. Сөз менен убада бербе. Иш менен өрнөк көрсөт. (*Мак.*)

## 18-§. ЭЭРЧИШҮҮ

Байланыштын бул түрү сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн ортосунда болот. Мында баяндооч ээ менен байланышып, аны жак жана сан боюнча ээрчийт.

Мисалы: 1. *Мен шаарга барам.* 2. *Сен шаарга бардың.*

*Мен, сен* деген сүйлөмдүн ээлери I, II жакта, жекелик санда колдонулду. Баяндоочтор да (*бардым, бардың)* аларды ээрчип, ошол жакта, ошол санда айтылды.

Бирок баш мүчөлөрдүн жак жана сан боюнча ээрчишүүсү дайыма эле сакталбайт, мындай учурда алар маанилик жагынан байланышат. Төмөнкү учурларга көңүл бургула.

Эгерде ээ жансыз заттардан болуп, көптүк санда айтылса да, баяндооч жекелик санда турушу мүмкүн: 1) *Сансыз **гүлдөр** жер бетине **жыйнады.*** 2) *Станцияга жакын жерде **арабалар тизилип турат.***(*Ч.А.*)

1) *Быйыл да жүздөгөн **студенттер** айылга **жиберилди.*** 2) *Азыр бизде, мыкты **педагогдор бар.*** 3) ***Тянь-Шань*** кышта ***жылуу**, жайда **салкын*** (*М.А.*)

**87.** Адегенде мүчөлөргө назар бургула. Булар кайсы мүчөлөр эле? Айтып бергиле. Андан кийин сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ээ менен баяндоочунун астын сызгыла. Жак жана сан боюнча ээ менен баяндоочтон кандай жалпылыкты байкадыңар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

-мын, -мин, -мун, мүн, -быз (-пыз), -биз (пиз), -буз (-пуз), бүз (-пүз), -сын, -сиң, -суң, -сүң, -сыңар, -сиңер, -суңар, -суздар.

1. Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө, мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. (*Ч.А.*) 2. Сен да аны коштоп, илкип бараттың. («*АТ*») 3. Балалык мени таштап кетпей эле, мен аны таштап кеткен өндөнөмүн. (*А.Р.*) Биз сени жамандыкка кыйбайбыз, анда эле бизди ата-бабалардын каргышы урбайбы! («*КМ*») 4. Жаш жетилет, болот кетилет. (*Мак.*) 5. Бу балдар келечекте мыкты азаматтардан болот. («*КМ*») 6. Мен да бирөөнүн баласымын.

**88.** Текстти окуп, баш мүчөлөрү жак боюнча ээрчишкен сүйлөмдөрдү өзүнчө ажыраткыла. Андан кийин баяндоочко уланган жак мүчөнү алып таштап, сүйлөмдү кайра окуп көргүлө. Жак мүчөлөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

— Ой, сен эмне кылып жүрөсүң! — дегенде, балдардын артынан тызылдап жөнөдүм. Биздин үй эң четте болор эле. Алкылдаган жеңем экөөбүз[1] соку жанчып жатабыз. Мен улам Дүйшөндөр жакты карап жаттым.

Үйлөрдү катары менен кыдырып, Дүйшөн бизге да келип жетти. Дүйшөн жайдары күлүп салам берди:

— Кана эмесе, бүгүн[3] окуу башталат. Кызыңар нече жашта? Алтынай, жашың канчада?

Мен унчуккан жокмун. — Сен мунун жаш-пашын эмне кыласың? — деп алкынды жеңем.

— Сиз байкап сүйлөңүз! Бул кыз бизге керек. (*Ч.А.*)

**89.** Жадыбалга көңүл бургула. Анда көрсөтүлгөн жак мүчөлөрдү эсиңерде сактагыла жана сүйлөм түзүүдө аларды пайдалангыла.

ЭТИШКЕ УЛАНУУЧУ ЖАК МҮЧӨЛӨР

| **Жактар** | **Жекелик сан** | | **Көптүк сан** | |
|---|---|---|---|---|
| | **толук түрү** | **толук эмес түрү** | **толук түрү** | **толук эмес түрү** |
| I | -мын | -м | -быз | -к |
| II сылык | -сын | -ң | -сыңар | -ңар |
| III | -сыз | -ңыз | -сыздар | -ңыздар |

**90.** Көп чекиттин ордуна ээлик милдетти аткаруучу атоочту коюп, этиш сөзгө жак мүчөлөрдү улап көчүргүлө. Баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Эгерде этиштик баяндоочко жак мүчө уланбаса, айтылуучу ой кандай абалда болор эле?



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Кечээ кечке ... көчөттөрдү сугаруу ... 2. Дүйшөн ошентип мугалимдик кесипти ыйык көргөн. ... да бул кесипти сүй... 3. Көрсөтмөдө болгондо ... балдардын кол эмгегине аябай таң калды... . 4. Жемиш үзүүнү ... баштап бер ...? 5. ... келечекте кандай кесипке ээ боло...?

**91.** Текстти окугула. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн көрсөткүлө. Алардын милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарды? Этиштин жагын жана чагын аныктагыла. Текстке кандай ат коюуга болот? Негизги ой эмне жөнүндө?

Өзбекстан — менин Мекеним деп сыймыктанабыз! Бул сыймык улуттук сыймык менен байланыштуу болуп, айрыкча башка журттарга барганда ачык-айкын сезилет. Өзүбүздүн үрп-адаттарыбыз, маданиятыбыз менен Мекенибизге болгон сүйүүбүздү билдиребиз. Президентибиз: «Перзенттерибиз бизге караганда күчтүү, билимдүү, акылдуу жана албетте бактылуу болуусу шарт» дейт.

**92.** Схеманы дептериңерге сызгыла. Байланыштын ар бир түрүнө үчтөн мисал ойлоп жазып келгиле. Сөз айкашынын тутумунда жана сүйлөмдө байланыштын кайсы түрлөрү болот?

Багыныңкы байланыштын түрлөрү:
- ыкташуу
- башкаруу
- таандык байланыш
- ээрчишүү

**93.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Баш жана айкындооч мүчөлөрдүн ортосундагы байланыштын жолдорун аныктагыла.

## ПАХТА

Пахта Өзбекстанда эгилет. Аны элибиз «ак алтын» деп аташат. Чындыгында эле, пахта биздин жашоо-турмушубузга эң керектүү. Андан ар түрдүү кездемелер токулат. Биздин кийимдерибиз жана башка баалуу буюмдар пахтадан жасалат. Пахта көп эмгекти талап кылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ
# СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮ

## 19-§. ЭЭ, АНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

Лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр гана сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара алары силерге белгилүү. Бирок алар сүйлөм тутумунан сырткары турганда, бир нерсенин атын белгилеген кадыресе эле сөз болот. Сүйлөм тутумунда туруп, башка сөздөр менен байланышып , синтаксистик бир милдет аткарганда гана алар сүйлөм мүчөлөрү боло алат. Бирок сүйлөм мүчөлөрүнүн баары эле сүйлөм түзүүдө бирдей роль аткара бербейт. Буга байланыштуу алар баш жана айкындооч мүчөлөр болуп экиге бөлүнөт.

Баш мүчөлөрсүз сүйлөм түзүүгө болбойт.Ошондуктан алар сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзүшөт. Буларга ээ менен баяндооч кирет. Мисалы: Айбек келди. Айбек – ээ, келди – баяндооч.

Баш мүчөлөр менен гана ойду толук түшүндүрүү мүмкүн эмес. Айталы, биз Айбектин келгендигин гана эмес, кайсы Айбектин качан, эмне үчүн , кайдан келгендигин да айткыбыз келет.Бул үчүн баш мүчөлөр менен катар айкындооч мүчөлөр да зарыл. Окууда Айбек кечээ апасына учурашайын деп курбусу менен шаардан келди. мында Айбек – ээ, келди – баяндооч, курбусу менен – толуктооч, кечээ учурашайын деп – бышыктооч, окуудагы — аныктооч. Ошентип, айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөргө багынып турат да, аларды аныктап, тактап көрсөтүп, ойду толук жеткирүүдө кызмат өтөйт.Айкындооч мүчөлөргө аныктооч, толуктооч, бышыктооч кирет.

**94.** Жадыбалды карап, ээнин милдетин кайсы сөз түркүмдөр аткаргандыгына назар салгыла. 3—7-сүйлөмдөрдөгү сөздөр сүйлөмдүн тутумунан сырткары турганда кандай суроолорго жооп берет? Демек, алар кандай кырдаалда ээнин милдетин аткара алат экен?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| № | Сөз түркүмдөрү | Мисалдар | Суроолор |
|---|---|---|---|
| 1 | Зат атооч | ***Адам*** *өз кемчилигин башканын көзү менен жакшы көрөт* (Кытай мак.) | Ким? – *адам* |
| 2 | Ат атооч | ***Ал*** *шыкты тагдыр буйругу менен татынакай табият ойготорун кийин сезди* (Б.Б.) | Ким? – *адам* |
| 3 | Сын атооч | ***Билимсиз*** *— өлүк жан. (Мак.)* | Ким? – *билимсиз* |
| 4 | Сан атооч | *Эртең менен* ***бирөө*** *келип чакырып кеткен* | Ким? – *бирөө* |
| 5 | Атоочтуктар | ***Окубаган*** *окута албайт* | Ким? – *окубаган* |
| 6 | Кыймыл атоочтор | ***Ишенүү*** *көп нерсеге жеткирет* | Эмне? – *ишенүү* |
| 7 | Тактооч | ***Эртеңки*** *– бүгүнкүнүн куйругу* | Ким? – *эртеңки* |

**95.** Текстти окугула. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзгөн сүйлөм мүчөлөрүн атагыла. Ээге мүнөздүү белгилер кайсы?

Жакында кышкы каникул башталат. Каникулда мен Чимгенге барып эс алганы жатам. Ал жерде менин чоң атам, чоң энем жашашат. Мен аларга жардам бергени барам. Чимгенде аба таза, айлана аппак кар. Тоолор бийик. Чоң атама башка неберелери да жардам бергени келишет. Алар Самарканд, Ташкентте жашашат. Биз баарыбыз түштө чана, лыжа тепкени барабыз. Өзөндөгү суугa коньки тебебиз. Айылда эс алуу абдан көңүлдүү.

**96.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Алар кандай суроого жооп беришти, кайсы сөз түркүмүнөн жасалды?

1. Билимдүү[1] түйшүктөнүп ойлоп жүрөт. Билимсиз ой жүгүртпөй ойноп күлөт. Билим — байлык. Ага жетсең, кем болбойсуң. Аны сенден ууру[1] да, алдамчы да тартып алалбайт. (*Ж. Баласагын.*) 2. Билимге көңүлдү байлаба, өмүрүңдү байла. 3. Билимден өткөн күч жок. Билимдүү адам гана эч качан жеңилбейт. 4. Дененин ыракаты — ден соолук. Акылдын ыракаты — билимдүүлүк. (*Мак.*)

**97.** Сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзгөн сүйлөм мүчөлөрүн тапкыла. Ал мүчөлөр кайсылар? Текстте ээ катышпаган сүйлөм барбы?



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Боз кыроо. Атакандын айылы бүгүн бака-шака. Обочороок үч ак өргөө тигилген. Коңшу айылдын келин-кыздары[2], кемпир-чалдары Атакандын айылына убап-чубап келип жатышты.

Аңгыча тойго Токтогул да келди[4]. Элге эрмек болуп отурган Майлыбай күүсүн эки-үч ирет чертти да, Токтогулга сунду. Токтогул Майлыбайдын күүсүн таптак аткарды.

**98.** Берилген сөздөрдү ээнин маанисинде колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Төмөнкүдөй тартип боюнча ээге мүнөздөмө бергиле: а) кандай суроого жооп берди; б) түзүлүшү кандай; в) кайсы сөз түркүмүнөн болду?

Кашкадарыя, Ата Журт, Өзбекстан Республикасы, кыргыз тили, ат сыйлаган, Өзбекстан Улуттук университети, мекенди коргоо, Таалайбек экөөбүз, ачык ооз, төө куш.

**99.** Окугула. Сүйлөмдүн ээсин көрсөткүлө. Сүйлөмдө дайым эле ээнин катышып турушу зарылбы? Эгерде ээ катышпай калса, аны кантип билүүгө болот?

Күн чыкты, түш да болду, түңүлүп да калдык. Эми эмне кылабыз. Майсалбек менен жолугушпай калабызбы? Аттарга деген чөптөр да түгөнүп баратат… Айылга кайра кетүүгө да чыдабайбыз.

Алиман экөөбүз темир жолчуларга жардамдашып жаттык. Жолдун ортосундагы карды күрөк менен тазалап жүрөбүз. Мен уулума жолуктур деп кудайга жалбарам….. Ушул учурда чыгыш тараптан поезддин кыйкырганы угулду. Мына ал көрүнүп да калды. Поезд станциядан өтө берди. Ошол учурда «Апаа-аа», «Алимаан-аан» деген үн угула түштү. Карасам, уулум Майсалбек тумагын булгалап жатыптыр. Ошентип, мен Майсалбегиме жолукпай калдым.

**100.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Ээнин түзүлүшүн, кайсы сөз түркүмүнөн экенин жана баяндооч менен кандайча байланышканын түшүндүргүлө.

1. Билим алуу ийне менен кудук казгандай. 2. Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат. 3. Билимдүү миңди көрсө, билимсиз бирди көрөт. 4. Жакшы кыз — жакадагы кундуз, жакшы жигит — көктөгү жылдыз. 5. Атаны сыйлаган абийир табат, энени сыйлаган элге жагат. (*Мак.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**101.** Ар бир сүйлөмдөгү **эмне?** деген суроого жооп берген сөздү өз ара салыштыргыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү? Айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Жайлоого *кино* келди.
2. Конокторго *сыйлык* берилди.
3. *Кой* биздин байлыгыбыз.
4. Сенде кадимкидей *күч-кубат* бар.
5. Чарбада *гүл* өстүрүлөт.

Биз *кино* көрдүк.
Ардагерлер *сыйлык* алышты.
Менин атам *кой* багат.
Азыр *күч-кубатты* эл үчүн жумшайлы.
Окуучулар *гүл* алып келишти.

**102.** Адегенде сүйлөмдүн ээсин таап, ал кайсы сөз түркүмүнөн экендигин аныктагыла. Андан кийин ээни башка сөз менен алмаштырып кайра түзгүлө. Алардын айырмасы эмнеде?

1. Спортчулардын мыктылары медаль алышты. 2. Алар айылга баруу үчүн машинага отурушту. 3. Тогуз экиге бөлүнбөйт. 4. Эч ким жыйналыштан кечиккен жок. 5. Анын кужүрмөн жигит экендиги дароо эле билинди.

Үлгү: *Спортчулардын мыктылары медаль алышты.* –*Мыктылары*–ээ, зат атооч.–*Мыкты спортчулар медаль алышты.* –Кимдер?–*спортчулар*–ээ, зат атооч. Кандай спортчулар? – *мыкты* аныктооч.

## 20-§. ЭЭНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

Сүйлөмдүн ээси өзүнүн түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана тутумдаш болот. Жөнөкөй ээ бир гана сөздөн, тутумдаш ээ бир нече сөздүн тизмегинен түзүлөт.

Мисалы. 1. ***Китеп***—*билимдин булагы.* 2. ***Ат аяган*** *жер карайт.*

Тутумдаш ээ төмөнкүдөй сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт.

а) Маани берүүчү сөздөрдөн: ***Билими күчтүү*** *миңди жыгат*, ***билеги күчтүү*** *бирди жыгат. (Мак).*

б) Маани берүүчү сөз менен кызматчы сөздөн: ***Бактыбек да*** *Ферганадан келди.*

в) Туруктуу сөз тизмегинен (фразеология): ***Колунан көөр төгүлгөндөр*** *келишти.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тутумдаш ээлер: *билими күчтүү* (билими — зат атооч, күчтүү — сын атооч); *Бактыбек да* (Бактыбек — зат атооч, да — бөлүкчө); *колунан көөр төгүлгөндөр* (фразеология — зат атооч).

Ээ менен баяндоочтун ортосунда ээрчишүү байланышы бар.

**103.** Көчүрүп жазып, баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн болушту? Ээнин грамматикалык түзүлүшү кандай? Ээ менен ээрчишкен сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

1. Өзөнгө элим консочу, өмүр өчпөс болсочу. (*Т.*) 2. Кечээ аба ырайы жакшы болгон эле. 3. Жапар айылга башкарма болгондон кийин, эмгекти уюштуруу тез эле жолго коюлду. Эгин оруу да жакшы уюшулду. (*Т.С.*) 3. Жакшы менен жүргөн жарыйт, жаман менен[3] жүргөн карыйт. Карынын сөзү кеп болот, калайыкка эп болот. Ачык ооздор турмуштан өз орундарын таба алышпайт. (*Мак.*)

**104.** Ээни тапкыла, ага мүнөздөмө бергиле: а) кандай суроого жооп берет; б) кайсы жөндөмөдө; в) кайсы сөз түркүмүнөн; г) түзүлүшү; д) баяндооч менен кандайча байланышты?

1. Данияр[1] экөөбүз эс алып жүрөбүз. («*А*») 2. Ат сыйлаган жөө калбайт. 3. Ташкент — менин туулуп өскөн жерим. 4. Жамила болсо сөзмөр кыз эле. 5. Беш өрдөгүн учургандар келе жатышат. («*КТ*»)

Үлгү: *Жакшы эл камын ойлойт.* (*Мак.*) Ким? — *жакшы* — ээ; атооч жөндөмөсүндө; заттык мааниде колдонулган сын атооч; жөнөкөй, баяндооч менен жак жана сан боюнча (III жак, жекелик сан) ээрчишти.

**105.** Төмөнкү сөздөрдү ээнин маанисинде колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Төмөнкүдөй тартип боюнча ээге мүнөздөмө бергиле; а) кандай суроого жооп берди? б) кайсы жөндөмөдө? в) түзүлүшү кандай? г) кайсы сөз түркүмүнөн болду?

Жызак Мамлекеттик педагогика университети, Ата Мекен, темир жол, алп кара куш, кабыл алуу, жыйырма, Суусамырда, кара кылды как жаргандар, жакшы келе жаткан.

**106.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, сүйлөмдүн түзүлүшүн өз ара салыштыргыла. Адегенде ээлик милдетти аткарган сөз экинчи учурда сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Эмне үчүн мындай? Түшүндүргүлө.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | |
|---|---|
| 1. Куш аяган[1] көк карайт. | — Куш аяган адам көк карайт. |
| 2. Таптаган билет шумкарды. | — Таптаган адам билет шумкарды. |
| 3. Чапкан билет тулпарды. | — Чапкан адам билет тулпарды. |
| 4. Жыгылган оогонго күлөт. | — Жыгылган адам оогонго күлөт. |
| 5. Эл сыйлаган эшикке жатпайт. | — Эл сыйлаган[2] адам эшикке жатпайт. (*Мак.*) |

**107.** Окугула. Ээни таап, анын түзүлүшүн аныктагыла; жөнөкөйбү, тутумдашпы, бир өңчөйбү, фразеологиялык айкашпы? Ээ кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Комуз, кыяк, чоор — кыргыз элинин музыкалык аспаптары. Комуз менен кыргыз элинин өмүрлүккө өчпөс күүлөрү чертилип келет. 2. Эне тилим — эне сүтүм. 3. Улуу[1] тоого чыккан барбы? Улар үнүн уккан барбы? 4. Тилден бал да тамат, уу да тамат. 5. Кайгысы жок кара суугa семирет. (*Мак.*)

6. Өрдөк, чүрөк, ак куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Бир көргөн киши дегдеген,
Куштун жери — Ала-Тоо.
(*Т.М.*)

7. Ата сөзүн уккандар, албетте, ийгиликке жетишет[4]. 8. Алты саныбыз аман, ар иш колубуздан келет («*ФС*»)

**108.** Ээнин түзүлүшүнө көңүл бургула. Алардын ар бирине экиден сүйлөм ойлоп таап, жазып келгиле. Ээге мүнөздүү белгилерди атагыла.

Ээ — жөнөкөй
Ээ — тутумдаш
Ээ — бир өңчөй
Ээ — фразеология

## 21-§. БАЯНДООЧ, АНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**Баяндооч — сүйлөмдүн баш мүчөсү, ээ менен байланышып, анын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирет.** Эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? ким? эмне? кандай? ж.б. суроолорго жооп берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисалы: 1. *Теректин **жалбырактары дирилдеди.*** 2. ***Ысык-Көл** кышында **жылуу.*** Жалбырактары эмне болду? —*дирилдеди*—баяндооч, заттын кыймыл-аракетин билдирди. Ысык-Көл кандай?—*жылуу* баяндооч, заттын ал-абалы көрсөтүлдү.

Баяндооч ээ менен бирдикте сүйлөмдү уюштурат. Кээде ээ айтылбай калса да, сүйлөм баяндооч аркылуу түзүлө берет: *Чеченсинген жигитти сүйлөшкөндө көрөбүз.* (Мак.)

Ошентип, сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзүүчү баш мүчөлөрдүн бири баяндооч болуп эсептелет.

Баяндоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

| № | Сөз түркүмдөрү | Мисалдар | Суроолор |
|---|---|---|---|
| 1 | Зат атооч | *Өмүрдүн кубанычы – эмгек.* | эмне? – *эмгек* |
| 2 | Сын атооч | *Тянь-Шань кышта жылуу, жайда салкын (М.А.)* | кандай? – *жылуу*<br>кандай? – *салкын* |
| 3 | Сан атооч | *Анын жашы жыйырма бештерде.* | канчада? – *жыйырма беште* |
| 4 | Ат атооч | *Бул баланын атасы да – мен? энеси да мен (Ч.А.)* | ким? – *мен*<br>ким? – *мен* |
| 5 | Этиш | *Өзүңдү өзүң мактаба.* | *эмне кылба? – мактаба* |
| 6 | Тактооч | *Биздин айыл дагы жогору.* | кандай? – *дагы жогору* |

**109.** Көчүрүп жазып, сүйлөм ээсин жана баяндоочун тапкыла. Баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткаргандыгын айтып бергиле.

1. Адам иштеген ишинен таанылат.
2. Бөтөн гүлдүн жыты болбойт.
3. Эненин көөнү– балада, баланын көөнү– талаада.
4. Мекендин топурагы — алтын.
5. Мээримдүү жүрөк картайбайт.
6. Сөздүн көркү — макалда. Билимдүүнүн көзү төртөө.

**110.** Сүйлөмдүн грамматикалык негизин тапкыла. Баяндооч кандай суроого жооп берди? Кайсы сөз түркүмүнөн болду? Этиш сөздөрдүн чагын аныктагыла.

1. Бурулча күндөгүсүнөн эрте турду[4]. Ушул мезгилде күн уясынан[2] чыгып келе жатат. Бир маалда Айша да ойгонду. Алар көпкө чейин кобурашып олтурушту. Тойчубек бүгүн районго барат. (*К.Б.*)



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2. Жеримдин[2] суусу — дары, таштары — алтын,
Жыргалда, эркиндикте жашайт калкым. (*А.О.*)

**111.** Көчүргүлө. Баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды? Кандай суроого жооп берди? Баяндооч ээ менен кандайча байланышты?

ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

1. Акылдуунун сөзү кыска, айта келсе нуска. 2. Элиң сага[2] кол сунса, эриш-аркак тирек бол. 3. Ойлоп сүйлөгөн алкыш алар, ойлобой сүйлөгөн шылдыңга калар. 4. Улууну урматта, кичүүнү ызатта. 5. Эмгек — адамдын ыракаты. 6. Байлыктын ээси — жер. 7. Эрди эл өстүрөт.

**112.** Төмөнкү мисалдардан кайсынысы сөз айкашы, кайсынысы сүйлөм? Алардын айырмасын аныктагыла.

1. Оюн көрүү — Оюн көр + дү + к. 2. Алдыңкы окуучуларды кууп жетүү — Алдыңкы окуучуларды кууп жет + е + биз. 3. Улууларга ар дайым салам берүү — Улууларга ар дайым салам бер + е + мин. 4. Жаңылыктарды ойлоп табуу — Жаңылыктарды ойлоп табыш + а + т. 5. Кышка камылга көрүү — Кышка камылга көр + дү + ң + бү? 6) Эгин-тегин жыйноо — Эгин-тегин жыйна + й + быз.

**113.** Сүйлөмдүн баяндоочун ар кандай формага келтирип, кайра окугула. Кыймыл-аракетти бири-бирине салыштыргыла. Кандай айырмачылыкты байкадыңар?

1. Мен бүгүн кызыктуу аңгеме айтып берем. 2. Данияр шахмат ойноп отурат. 3. Айгеримдин сүйлөгүсү келди. 4. Махабат китепти көп окуган.

Үлгү: *Бакыт атасына кат жаза баштады. — Бакыт атасына кат жазып отурат. — Бакыт атасына кат жазып бүттү. — Бакыт атасына кат жазып жиберди. — Бакыт атасына кат жазгысы келет* ж.б.

**114.** «Биздин өлкө — эгемендүү өлкө» деген темада сүрөттөө мүнөзүндөгү дилбаян жазгыла. Өзүңөрдүн жазуу ишиңерде кыймыл-аракетти ачык-так баяндоо үчүн этиштин ар кандай формаларын колдонууга аракеттенгиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БК 108.** Текстти көркөм окуп, анын мазмунун айтып бергиле. Андан кийин ушул текст боюнча баяндама жазгыла.

Дүйнө ар жактан ар түрдүү болгондуктан адамдар да, элдер да ар түрдүү. Дүйнөдө ар түрдүү тайпа, улут жана элет ушуну менен бирге ар түрдүү диндүү адамдар жашайт. Кала берсе бир улут же бир калктын адамдарынын дүйнө таануусу инсандык касиеттери да бири-биринен айырмаланат. Ар бир тайпанын өзүнүн максат-мүдөөсү, кызыкчылыгы жана ишеними бар. Ошону менен бирге ар түрдүү катмардагы адамдардын жеке бир мамлекеттин эли, жеке бир коомдун мүчөлөрү катарында бириктирип турган жалпы улуттук максат-мүдөөлөр, кызыкчылыктар да бар. Булар, улуту, тили, дини жана жалпы өзбекстандыктар үчүн жеке Мекен болгон, аларды бойго жеткирген, каалоо-тилектерине канат берген, ата-бабаларыбыздын мекени болгон бул ыйык Мекендин өнүгүшү, тынчтыгы менен байланыштуу болгон жалпы максаты жана кызыкчылыгы болуп саналат. Мамлекетибиздин бардык жарандары ушул максат жолунда колду-колго берип аракет кылат, учураган тоскоолдук жана кыйынчылыктарды биргеликте жеңип, жетишкен ийгиликтеринен биргеликте кубанат. Социалдык демөөрчүлүк идеясы ушул бирдикти күчөйтүүгө, жалпы максат жолунда бирдиктүү эл болуп аракет кылууга кызмат кылат.

## 22-§. БАЯНДООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮ

Грамматикалык түзүлүш боюнча баяндооч жөнөкөй жана тутумдаш болот. Жөнөкөйү бир гана сөздөн, тутумдаш баяндооч бир нече сөздөн түзүлөт: 1. *Биз эртеси да районго **бардык.*** 2. *Чөп чабуу **башталган мезгил.*** Баяндоочтор: *бардык* (жөнөкөй) *башталган мезгил* (тутумдаш).

Тутумдаш баяндооч төмөнкүдөй сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт:

а) Маани берүүчү сөздөрдөн: *Биз чалгынчылык ишинде **кызмат кылабыз.*** Эмне кылабыз? *кызмат кылабыз* — тутумдаш баяндооч.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

б) Маани берүүчү жана кызматчы сөздөрдөн: *Бал тилдүү баатыр* ***мен элем****, бала баатыр* ***сен элең***. («Эр Табылды») Ким? — *мен элем, сен элең* — тутумдаш баяндоочтор.

в) Туруктуу сөз тизмегинен (фразеология): *Жакшынын сөзү ташка тамга баскандай*. (Мак.) Кандай? — *ташка тамга баскандай* — тутумдаш баяндооч, фразеология.

Тутумдаш баяндооч атооч менен этиштин жана этиш менен этиштин айкашынан жасалат. Мисалы: 1. *Апамдын айткан сөзүнө* ***капа болбо.*** 2. *Алар биздикине* ***келип-кетип жүрүштү.*** Баяндоочтор: *капа болбо* (зат атооч + этиш), *келип-кетип жүрүштү* (этиш + этиш).

**109.** Окугула. Суроо бергиле, баяндоочту тапкыла, анын түзүлүшү кандай? Кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Уят — өлүмдөн катуу[3]. Ырыскыны жер берет, ынтымакты эл сүйөт. Коркокко бир ок да көп, баатырга жүз ок да аз[3]. Көз — коркок, кол — баатыр[3]. Дүнүйө үчүн өзүңдү отко салба. Бирөөнүкүн күч менен тартып алба. (*Мак.*)

2. Дал ошол учурда Чолпонбай чыгыш жакты карады. Алда кайдан Ала-Тоо карап тургансыйт. Калдайган кыргыз эли, талкала жоону дегендей, кол булгагансыйт. «Душманга баш ийбеген баатырлардын тукуму — мен», — деп көз ачып жумганча Чолпонбай дзоттун оозун жүрөгү менен басты. (*К.Ж.*)

**110.** Текстти окуп, баш мүчөлөрдү тапкыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн болушту? Баяндоочтун түзүлүшү кандай?

1. Эгер мен кат таанысам, сенин катыңды окубайт белем. 2. Улук болсоң, кичик бол, бийик болсоң, жапыс бол. 3. Тоют көп болсо, мал кыштан семиз чыгат. 4. Күрөк кайда болсо, баштык ошондо. 6. Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска. 6. Жакшы болуп бар болсоң, кимдер келбейт кашыңа. 7. Жаркырап алтын чолпонум, Семетейим келсе экен. 8. Салмактуу сөздөн айтайлык, аман-эсен кайтайлык. 9. Көптөн бери эңсеген, көргөй элем элимди. 10. Эртең менен кырманга жөнөйлүк.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**111.** Баш мүчөлөргө төмөнкүдөй тартип боюнча талдоо жүргүзгүлө: а) кандай суроого жооп берди? б) түзүлүшү кандай? в) алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды? г) бири-бири менен кандайча байланышты?

1. Аты[2] Манас болсун деп,
Бата кылды баарысы:
Жашы менен карысы. («*Манас*»)

2. Мына ошондо Найман эне уулун[2] эсине келтирейин деди. Сенин атың — Жоламан, Уктуңбу? Сен Жоламансың. Мен сенин энеңмин. Уулу унчуккан жок. (*Ч.А.*) 3. Сарандардын миңинен жалгыз да болсо, март жакшы. (*Калыгул.*) 4. Күн жарыгы тийгендей, күлгөнү кызык баланын. (*Ж.*)

**112.** Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын баяндоочтун маанисинде колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Өзүңөр түзгөн сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө, алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды?

Жылдыз жерге түшүү, назары сынуу, окуп отуруу, Алай тоолору, жакшы, жоош, жыйырма беш, ушул жер, чоңураак, жатык болуу, айыпка жыгуу, жардамдашуу.

## 23-§. БАЯНДООЧТУН ТҮРЛӨРҮ

Баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткаргандыгына байланыштуу, ал экиге бөлүнөт: 1) этиштик баяндооч; 2) атоочтук баяндооч.

Сүйлөмдө баяндооч этиш сөздөрдөн болсо, ал этиштик баяндооч деп аталат.

Мисалы: *Кылыч жарасы **бүтөт**, тил жарасы **бүтпөйт.*** (Мак.)

Сүйлөмдө баяндооч, атооч сөздөрдөн (зат атооч, сын атооч, ат атооч ж.б.) болсо, атоочтук баяндооч деп аталат.

Мисалы: *Өнөр алды — **кызыл тил.*** Баяндооч — *кызыл тил;* зат атооч. *Биздин республика **тоолуу.*** Баяндооч — *тоолуу;* сын атооч.

**113.** Көчүрүп жазгыла. Баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Баяндооч кайсы сөз түркүмүнөн болду? Баяндооч ээ менен кандайча байланышты?

1. Акылы бар билимди самайт. Акылы жок кийимди самайт. Жалкоонун шылтоосу көп. Узун тил уудан жаман. Базар барга таттуу, жокко ачуу. (*Мак.*) 2. Түн суук. Кыш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ышкырат, үйлөрдү ачып. (*А.О.*) 3. Бир маалда көзүмдү ачтым. Айлана көзгө сайса көрүнгүс. Бүт айлана мемирейт. («*КМ*»)

**114.** Окугула. Баяндоочту таап, анын түзүлүшүн жана түрлөрүн (этиштик, атоочтук) аныктагыла.

Өткөн менен бүгүнкүлөр түбүндө киндиктеш. Эл ичи ар кыл өнөргө, оозеки чыгармаларга, тилдик кенчтерге бай.(Ж.М.)

Бир акылман айткан экен:

– Денеге тамактын зарылдыгы кандай болсо, жүрөккө эстүүлүктүн зарылдыгы да ошончолук. («З.ой.»)

Санабай туруп түгөл дебе. (Мак.) Кичинекей станциянын күүгүм бүлбүлдөгөн жападан жалгыз фонарына шамал айдаган жалбырактар урунуп, жан-жанынан учуп өтүшөт да, караңгыда көздөн кайым болушат. Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты (.Ч.А.)

**115.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызып, аларга мүнөздөмө бергиле: а) кайсы сөз түркүмүнөн болду? б) түзүлүшү кандай? в) баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөм кандайча аталат?

1. Жакшы сөз — жарым ырыс. Ал адамдын ички дүйнөсүн тазартат. 2. Тил — рухий улуу байлык. Тилди үйрөнүү — ошол рухий байлыкка ээ болуу деген сөз. 3. Жакшыга жакшы жанашып, жашаган жакшы турбайбы. 4. Ата Мекен биз үчүн бардыгынан кымбат, анткени ошол жерде төрөлгөнбүз, ошол жерде өсүп-өнгөнбүз. («*ЭТ*»)

**116.** Схемага көңүл бургула, ал боюнча сүйлөмдүн баяндоочу жөнүндө айтып бергиле. Мисал келтиргиле.

Баяндооч → жөнөкөй / тутумдаш / этиштик / атоочтук

**117.** Схемадагы суроолорго көңүл бургула. Баяндооч ээнин ар кандай белгисин (кыймыл-аракетин, санын ж.б.) билдиргендей кылып, сүйлөм түзгүлө. Баяндооч ээнин кандай белгисин көрсөткөнүн эмнеге карай аныктадыңар? Түзгөн сүйлөмүңөрдөгү ээ менен баяндооч жөнөкөйбү же тутумдашпы? Тутумдаш баяндооч кандай зарылдыктан улам колдонулат деп ойлойсуңар?



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Ээ | | | Баяндооч | |
|---|---|---|---|---|
| Кайсы сөз түркүмү? | Түзүлүшү эмнесин билдирди? | Ээнин эмнесин билдирет? | Кайсы сөз түркүмү? | Түзүлүшү боюнча кандай? |
| | | | | |

**118.** Ээ менен баяндоочтун милдетин аткарган ар бир сөз түркүмүн катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Зат атоочтон башка сөз түркүмдөрү кандай кырдаалда ээнин милдетин аткара алчу эле? Бул жагынан алганда, баяндооч менен ээнин ортосунда кандай айырмачылык бар экен?

## 24-§. ЭЭ МЕНЕН БАЯНДООЧТУН ОРТОСУНА СЫЗЫКЧАНЫН КОЮЛУШУ

Ээ менен баяндоочтун ортосуна төмөнкү учурларда сызыкча коюлат:

1. Ээ да, баяндооч да зат атооч же сан атоочтон болсо: 1) ***Акыл*** — *тозбоочу* ***тон, илим*** — *жоголбочу* ***кен.*** 2) ***Беш жерде беш — жыйырма беш.***

2. Ээ зат атоочтон, баяндооч кыймыл атоочтон же тескерисинче болсо: 1) *Шамбеттин* ***милдети*** — *чарбанын өзүндө электрстанциясын* ***куруу*** *(Т.С.)* 2) ***Жергебизди жашылдандыруу*** — *бүткүл элдик иш.*

3. Баяндооч заттык маанидеги сын атоочтон болсо: *Алиманын* ***жоолугу — кызылы.***

Мындай учурларда баш мүчөлөрдүн ортосунда бир аз тыным болот.

Төмөнкү учурларда баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлбайт:

а) Зат атоочтон же заттык маанидеги башка атоочтордон болгон баяндоочко кызматчы сөз айкашып айтылса, же аларга жак, суроо мүчөлөрү уланып турса; 1) ***Чынар*** *өлкөбүздүн* алтын ***кызы эле.*** (*Ж.Б.*) 2) *Сен билимдүү* ***жигитсиң***. (*К.К.*)

б) Ээ зат атоочтон болуп, сан атоочтон болгон баяндооч анын конкреттүү санын көрсөтсө: *Окуп жаткандар* ***он беш.***

**119.** Сүйлөмдөрдү көрктүү окуп, сызыкчанын коюлушун түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Жакшы уул — элине баш, жаман уул — элине кас. (*Мак.*) 2. Эми ошол Күрпүлдөктүн кожоюну — эл. 3. Баарыбыздын милдетибиз — Мекенди чексиз сүйүү. 4. Ал — менин иним. (*Т.С.*) 5. Жарыштан чыккандар — экөө. Адам — адамга дос, жолдош, тууган.

6. Угуңузчу, Айганыш,
Кайгы — өмүрдүн уусу.
Күлкү — өмүрдүн жан азыгы. (*К.Ж.*)

7. Караңгыны билимге,
Сүйрөп чыккан — мугалим.
«Калем, кагаз алгын» — деп,
Сүйлөп чыккан[2] — мугалим. (*Ж.Б.*)

**120.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн аныктагыла. Баяндоочтун кайсы сөз түркүмүнөн болгонун жана анын түзүлүшүн салыштыргыла. Сызыкчанын коюлушун түшүндүргүлө, экинчи учурда ал эмне үчүн коюлбай калды?

| | |
|---|---|
| 1. Өнөр алды — кызыл тил. | 1. Өнөр алды кызыл тил болот. |
| 2. Жакшы адам элдин көркү. | 2. Жакшы адам элдин көркү болууга тийиш. |
| 3. Баарыбыздын милдетибиз — мекенди коргоо. | 3. Баарыбыздын милдетибиз мекенди коргоо болуп эсептелет. |
| 4. Адам адамга дос, жолдош, бир тууган. | 4. Адам адамга дос, жолдош, бир тууган болот. |
| 5. Ал менин иним. | 5. Ал менин иним эле. |

**121.** Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлуучу сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла. Тиешелүү жерге тыныш белгисин койгула. Кайсы учурда баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлбайт?

1. Кыргыздын азыркы уул-кыздары кесипке бай бири мугалим, бири дарыгер, дагы бирөө жазуучу. 2. Мен[1] ак ниеттүү адаммын[2]. (*Т.С.*) 3. Бирде мен Токтогулдай ырчымын, бирде мен Толубайдай сынчымын. (*С.А.*) 4. Бул Ажар деген кыз. Беркилери ушул жерлик аялдар. (*К.Б.*) 5. Эң улуубуз Алмакан эжем, эң кичүүбүз Бекдайыр. 6. Бул ашуу Кызыл Кыя. 7. Ал тогуз жолдун кезигишкен жери эле. (*М.Э.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**122.** Көркөм окугула. Айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Сүйлөмдүн негизин кайсы мүчөлөр түзүшөт, аларды көрсөткүлө? Сүйлөмдү уюштурууда этиштик баяндооч кандай абалда болуш керек?

Бугу эненин балбылдаган көздөрү муңайым тиктейт.

—Сен кимсиң[2]? Адамча сүйлөп, кубулган кандай жансың?

—Мен Бугу эне болом. Адамча сүйлөбөсөм, сен кайдан түшүнөсүң?

—Каалаганың эмне, Бугу эне?

—Балдарды коё бер, акылман эне! Сенден сураганым ушул эки чүрпөнү мага бер. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөмүн.

—Жакшылап ойлондуңбу, Бугу эне?—деп күлдү майрык чаар Жезкемпир. (*Ч.А.*)

**123.** Сөз айкаштарындагы негизги сөзгө тиешелүү жак жана чак мүчөлөрдү улап, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Сөз айкашы менен сүйлөм жөнүндө айтып бергиле.

Мактанчаактын эне сүтүн оозуна татытуу, силерден көп нерселерди күтүү, айылдаштар менен кезигишүү, университетке өтүү, ата-бабаларыбыздын наркын сактоо, туулуп-өскөн жерди сагынуу, улуулардан үлгү алуу.

**124.** Жадыбалды карагыла. Ээ менен баяндоочтун милдетин жадыбалда көрсөтүлгөн сөздөр, б.а. дал ушундай грамматикалык формада турган сөз түркүмдөрү аткаргандай кылып, ар бирине экиден сүйлөм түзгүлө. Кайсы сүйлөмдөрдө ээ менен баяндоочтун арасына сызыкча коюлду да, кайсыларында коюлбады? Себебин түшүндүргүлө.

| № | Ээ | Баяндооч |
|---|---|---|
| 1 | Зат атооч | Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч |
| 2 | Зат атооч же заттык маанide колдонулган атооч сөздөр | Жак же жөндөмө мүчөлөрү уланган зат атооч же заттык мааниде колдонулган атооч сөздөр |
| 3 | Зат атооч же затташкан сын атооч | Атооч жөндөмөсүндөгү затташкан сын атооч |
| 4 | Атоочтук | Атооч жөндөмөдө турган зат атооч же ат атооч |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Зат атооч | Атооч жөндөмөдөгү кыймыл атооч |
| 6 | Атоочтук | Атооч жөндөмөдөгү атоочтук |
| 7 | Сан атооч | Атооч жөндөмөдө турган, заттык маанинде колдонулган сан атооч |

**125.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Аларга мүнөздүү белгилерди бергиле.

1. Эр жакшысы элдин жүгүн көтөрөт. Билим[1] — деңиз, түбү да, чеги да жок. Эстүүнүн өзүн сыйла, сөзүн[2] уккун. (*Мак.*) 2. Чоң мурун Жамыйла дегенде ак этkенден так этти. (*К.Б.*) 3. Жел таман желип-жортуп айылдап жүр, жээлигип өзүн-өзү дайындап жүр. (*Т.М.*) 4. Жолотпо ушакчыны элге-журтка, ушакчы, ууруга окшоп, калсын журтта. (*Б.С.*)

Үлгү: *Эр жакшысы элдин жүгүн көтөрөт*. Эмне болот? — *көтөрөт* — баяндооч, этиш, жөнөкөй; ким көтөрөт? — *эр жакшысы* — ээ, зат атооч, тутумдаш; баш мүчөлөрдүн ортосунда ээрчишүү байланышы бар (сан, жак боюнча).

## 25-§. СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮН ТАЛДОО

Баш мүчөлөргө синтаксистик талдоо жүргүзүүдө алардын төмөнкүдөй белгилери көрсөтүлүүгө тийиш:
1) кандай суроого жооп берери;
2) кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгы;
3) түзүлүшү;
4) баш мүчөлөрдүн өз ара байланышуу жолу;
5) сүйлөмдөгү орун тартиби.

### ТАЛДООНУН ҮЛГҮСҮ

*Быйыл эмгек да жакшы уюшулду*. Эмне болду? — *уюшулду* — баяндооч; эмне болду? деген суроого жооп берди; этиш; жөнөкөй; ээден кийин келди.

Эмне уюшулду? — *эмгек да* — ээ; эмне? деген суроого жооп берет; эмгек — зат атооч, *да* — бөлүкчө; тутумдаш ээ, баяндоочтон мурда келди. Баш мүчөлөрдүн ортосунда ээрчишүү байланышы бар; ээ жекелик санда, III жакта; баяндооч да ошол санда, ошол жакта айтылды.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**126.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Арлен менен Бакдөөлөт чогуу окушат. 2. Мекеним туулган жерден башталат. 3. Жыйырма бешке бөлүнөт. 4. Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын. 5. Элүүнүн жарымы – жыйырма беш 6. Келечектин ээси – силер. 7. Күүнүн башы — Камбаркан.

## СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮ

Айкындоочтор баш мүчөлөрдүн маанисин айкындайт жана толуктайт. Алар өзүлөрүнүн маанилери боюнча аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп бөлүнөт.

### 26-§. АНЫКТООЧ, АНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**Заттын кимге же эмнеге тиешелүү экендигин билдирип, анын сын-сыпатын, белгисин, санын, иретин көрсөткөн айкындоочу мүчө аныктооч деп аталат.** Кандай? кайсы? канча? нече? канчанчы? кимдин? эмненин? ж.б. суроолорго жооп берет.

Мисалы: 1) ***Жакшы*** *ат камчы салдырбайт. Кандай ат? жакшы* — аныктооч, заттын сыпаты. 2) ***Кызыл*** *желек желге желбиреп турат*. Кандай желек? — *кызыл* — аныктооч — заттын өңү-түсү.

Аныктооч аныкталуучу сөздөн (заттан) мурда келип, аны менен **таандык байланыш** же **ыкташуу** жолдору аркылуу байланышат. Мисалы: 1. ***Чолпонбайдын*** *эрдиги жолдошторун таң калтырды*. (*Ж.Б.*) Кимдин эрдиги? — *Чолпонбайдын* — аныктооч, илик жөндөмөдө; ал таандык мүчө (-и) уланган эрдиги деген сөз менен байланышты (таандык байланыш). 2. ***Жакшы*** *кыз* — *жакадагы кундуз*. (*Мак.*) Кандай кыз? — *жакшы* — аныктооч, мааниси жагынан кыз деген сөзгө ыкташты.

**Аныктоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:**

1. Зат атооч: ***Баланын*** *аты Аксаамай болду.*
2. Сын атооч: ***Жакшы*** *адам эл камы үчүн күйүнөт.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Сан атооч: *Быйыл **беш** мектеп курулду.*
4. Ат атооч: ***Ар кандай** кесип ардактуу.*
5. Атоочтук: ***Соолбос** өмүр, **сынбас** темир болбойт.*

**127.** Окугула. Адегенде затты, андан кийин заттан суроо берип, аныктоочту тапкыла, ал кандай суроого жооп берди? Кайсы сөздү аныктады? Кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Жаман жолдош жоого алдырат, жаман дос доого калтырат[4]. Аргымактын[2] жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт. (*Мак.*)

2. Кыш... Калың кар. Мелмилдеген кең талаа ак матага оронгон. Тыякта да, быякта да бөкөндөрдүн калың топтору жайылып жүрөт. (*Ч.А.*)

3. Жакшы кыз[1] — эне-атанын ырыскысы.
Турмуштун тунук, таза уюткусу.
Сайраган жайкы булбул — гүлдүн көркү,
Жаркырап жайнаган кыз — үйдүн көркү. (*Б.А.*)

Үлгү: *Жаман жолдош жоого алдырат, жаман дос доого калтырат.* Ким? — *жолдош* — ээ, зат атооч; кандай жолдош? *жаман* — аныктооч; кандай деген суроого жооп берди; *жолдош* деген сөздү аныктады, сын атооч.

**128.** Окугула Сүйлөмдүн маанисин жана түзүлүшүн өз ара салыштыргыла. Кайсы сүйлөмдө заттын белгиси ачык-так көрсөтүлдү? Бул эмнеге байланыштуу болот?

1. Орто бойлуу[3], ак жуумал жигит ордунан турду. — Жигит ордунан турду. 2. Кырдач мурун, кичинекей жаш Каныбек бийик асканын башында ырдап турат. 3. Жыйырма сегиз баатыр душмандын отуз танкасын талкалады. — Баатыр душмандын танкасын талкалады. 4. Биринчи[3] сөз Динарга берилди. — Сөз Динарга берилди. 5. Чарчы бойлуу карыя аңгемесин баштады. — Карыя аңгемесин баштады. 6. Бук болуп отурган Касейин күмүш маңдай комузун колуна алды. (*Т.С.*) — Касейин комузун колуна алды.

**129.** Окугула. Затты жана анын ар кандай белгилерин билдирген сөздү (аныктооч) тапкыла. Аныктооч заттын кандай белгисин билдирди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ак ниет адамга асылгандар көп болот, бирок эч ким абийирин ача албайт. Пайдасыз жашоо – мезгилсиз өлүмгө тете.

Үч нерсенин кадырын үч адам билет:
Жаштыктын кадырын картайган билет,
Ден соолуктун кадырын оорулуу билет,
Байлыктын кадырын жарды билет.

*(Х,К,) «Накыл сөздөр».*

Үлгү: *Орто бойлуу, кең ийиндүү, арык чырай жаш жигит келди*. Ким? — *жигит* — зат атооч, аныкталуучу сөз; кандай жигит? — *орто бойлуу, кең ийиндүү, арык чырай жаш* — бир өңчөй аныктоочтор; *жигит* деген заттын сырткы сынсыпатын билдирди.

**130.** Көчүрүп жазгыла да, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Аныктоочтун грамматикалык белгилерин атагыла: а) кандай суроого жооп берди? б) заттын кандай белгисин билдирди? в) кайсы сөз түркүмүнөн жасалды? г) аныкталуучу сөз менен кандайча байланышты?

1. Аппак үйлөр алыстан көрүнүп турду. 2. Күн ааламга алсыз нурун чачты. 3. Биздин жаштарыбыз ары кичи пейил, ары сылык болууга тийиш 4. Бектурган беш-алты кишинин ортосунда олтурган баласын көрө койду. (*А.Т.*) 5. Мингениң жакшы ат болсо, алысты жакындай көр. 6. Жалкоонун жообу көп. (*Мак.*)

**131.** Төмөнкү сөз айкаштарын колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Аныктоочту көрсөткүлө, ал кандай маанидe колдонулары жөнүндө айтып бергиле.

Тоодой толкун, жайкы ысык, айылдык адамдар, кышкы бороон, жыйырма беш окуучу, талаанын көркү, биздин жаштарыбыз, биринчи сөз, Ала-Тоонун атыр жели, шыңга бойлуу адам.

**132.** Текстти окуп , маанисин айтып бергиле. Аныктоочту таап, кайсы сөз түркүмүнөн экендигин аныктагыла.

Күчсүз душман менен күчтүү дос.
Акылман мындай дептир:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Күчсүз душманды күчтүү деп бил да, андан көзүңдү айырбай сак бол! Болбосо досуңа ишенип алып, душманыңдан кордук көрүп каларыңды эсиңден чыгарба. *«Залкар ойлор»*

**133.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрү жана сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Аныктооч сүйлөмдүн кайсы мүчөсүн аныктады?

1. Кеӊ пейилдүү улуу адамдар токтоо болушат. 2. Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны. 3. Чыныгы дос жакшылыкты, жамандыкты тең бөлөт. (*Мак.*) 4. Асмандагы ак булуттарды көпкө карап отурдум. 5. Шадыкан — арык чырай сары киши. 4. Ар бир сөзүн кылдаттык менен ойлоп сүйлөйт.

## 27-§. АНЫКТООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮ

Грамматикалык түзүлүшү боюнча аныктооч жөнөкөй жана тутумдаш болот. Жөнөкөйү бир сөздөн, тутумдаш аныктооч бир нече сөздүн тизмегинен түзүлөт.

Мисалы: 1) ***Байлыктын*** *энеси — жер.* (*Мак.*) 2) *Биз* ***ушул айылдын*** *жигиттерибиз.* Аныктоочтор: эмненин? деген — *байлыктын* (жөнөкөй); кайсы айылдын жигиттерибиз? — *ушул айылдын* (тутумдаш).

Тутумдаш аныктооч төмөнкүдөй сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт:

а) Маани берүүчү сөздөрдөн: ***Туйлап аккан тунук*** *булактарды аралап баратабыз.* Кандай булактарды? — *туйлап аккан тунук* — тутумдаш аныктооч.

б) Маани берүүчү жана кызматчы сөздөрдөн: *Биз* ***сиз сыяктуу*** *адамдардан тарбия алганбыз.* Ким сыяктуу адамдардан? — *сиз сыяктуу* — тутумдаш аныктооч.

в) Туруктуу сөз тизмегинен (фразеология) жана атоочтук түрмөктөн: ***Ат жалын тартып минген*** *бала жаш эмес.* (*Мак.*) Кайсы бала? — *ат жалын тартып минген* — тутумдаш аныктооч, фразеология. 2. ***Жайбаракат басып келе жаткан*** *Акман чоң короого бурулду.* (*Т.С.*) Кайсы Акман? — *жайбаракат басып келе жаткан* — тутумдаш аныктооч, атоочтук түрмөк.

**135.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла, алар кайсы сөз түркүмүнөн болушту? Аныктооч жана аныкталуучу сөздүн сүйлөмдөгү орду кандай?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### УЧКУЛ СӨЗДӨР

1. Уяты бар адамдын нуру болот бетинде. 2. Ушакчы болгон жигиттин урматы болбойт элине. 3. Уулу бардын орду бар, кызы бардын кадыры бар. 4. Өз элиңдин[2] кадырын бөтөн жерде билерсиң.

**136.** Окугула. Бөлүнгөн сөз тизмегин өз ара салыштыргыла. Алардын ар бири кандай суроого жооп берди? Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү? Түшүндүргүлө.

1. *Көп окуган* адам көптү билет.
2. *Колунан көөр төгүлгөн* жаштар келишти.
3. *Жалтанып турган* бала атасына карай чуркады.
4. *Кайгысы жок* адам кара сууга семирет.
5. *Эже кийген* тонду сиңди киет.
6. *Адамды сүйө албаган* адам ата-энени да урматтай албайт.

*Көп окуган* көптү билет.

*Колунан көөр төгүлгөндөр* келишти.

*Жалтанып турган* атасына карай чуркады.

*Кайгысы жок* кара сууга семирет.

*Эже кийгенди* сиңди киет.

*Адамды сүйө албаган* ата-энени да урматтай албайт.

**137.** Жадыбалды карагыла. Анда көрсөтүлгөн жол-жобо боюнча сүйлөм түзгүлө. Мында кандайдыр бир белгини (заттын же кыймыл-аракеттин) көрсөткөн сөздөрдүн кайсыларын аныктооч катары кароого болот? Алардын кайсылары жөнөкөй, кайсылары тутумдаш? Жадыбалдагы суроолорго ылайык торчолорду толтургула. Аныктоочко кандайча кеңири аныктама берсе болот деп ойлойсуңар?

| Маанилери | Мисалдар | Кандай суроого жооп берет? | | Кайсы сөз түркүмү? | | Байланыштын кайсы түрү? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | аныктооч | аныкталгыч | аныктооч | аныкталгыч | |
| Заттын белгиси:<br>1) өңү-түсү<br>2) кейпи (формасы)<br>3) көлөмү | | | | | | |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4) кулк-мүнөзү<br>5) ички сапаты<br>6) заттын эмнеден жасалгандыгы<br>7) заттын бир жакка таандыктыгы<br>8) заттын саны, кыймыл-аракеттин белгиси:<br>1) сапаты; 2) саны | | | | | | |

**138.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдүн тутумунда зат атооч барбы? Затка тиешелүү белгини сүйлөмдүн кайсы мүчөсү билдирет?

1) Адептүү ата-энесин мактатат. Адепсиз бала ата-энесин какшатат. (*Мак.*) 2) Каны ичине тарткан Жайнак баштагыдай эле токтоо. (*С.Ө.*) 3) Бурулча колунан көөр төгүлгөн уз аял эле. (*К.К.*) 4) Жамила болсо — шайыр, сөзмөр, жароокер кыз. (*К.Б.*) 5) Ак куунун тыбытынан топу кийген кыздын элеси Эшендин көз алдында дайыма калды. Биз ичмекейин ичине каткан адамдардан эмеспиз. (*Т.С.*)

Талдоонун үлгүсү: *Адептүү бала ата-энесин мактатат.* Эмне болот? — *мактатат* — баяндооч; ким? — *бала* — ээ; кимди мактатат? — *ата-энесин* — толуктооч; кандай бала? — *адептүү* — аныктооч; *бала* деген зат атоочтун сын-сыпатын билдирди.

**139.** Жадыбалды карагыла. Сүйлөмдөрдү окуп, аныктооч менен аныкталгычты тапкыла. Жадыбалды дептериңерге көчүрүп, андагы ачык жерлерди толтургула. Аныктоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарды, буга ылайык аныкталгычтын белгисин көрсөтүүдө кандай өзгөрүүлөр болду? Аныктооч менен аныкталгыч байланыштын кайсы түрү боюнча байланышкан? Муну кандайча аныктадыңар?

| **Мисалдар** | **Кайсы сөз түркүмү?** | |
|---|---|---|
| | **аныктооч** | **аныкталгыч** |
| Бир эненин он эки уулу бар балбан,<br>Бири бир чапканча, экинчиси алтымыш чапкан.<br>(Таб.) (Саат.) | | |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*уландысы*

| | | |
|---|---|---|
| Бизде он эки окуучу бар эле, он экибиз тең күнүгө эки жолудан келер элек. («ЛЖ»)<br>Элдик казына менен таанышканда не бир ойлор козголот. Адам перзентинин улуулугуна сыймыктанасың. Дирилдеген сезимдер алда кайда бийикке көтөрүлүп, эгиздеги (бийиктеги) сереге серпилгенсийт. (Ж.М.)<br>Бул жүргөнүм көп эмес,<br>Бул иш мага эп эмес...<br>Чепкен чыгып эсинен,<br>Керилип жатып алыптыр.<br>Жалкоонун жайы ушундай,<br>Жайкалып уйку салыптыр. (Т.М.)<br>Жол жүрүүдөн чарчап-чаалыктык. Бирок, айла жок, жатып алууга болбойт — ойдогу максатты аткаруу парз.<br>Ошентип, акыры көксөгөн үчүнчү айылга да жеттик. «КМ»<br>Түртпөгөн эшиги, иштебеген иши калбады. Киши бүгүнкү катасын эртең түшүнөт көрүнбөйбү. Сөзгө бат жыгылат, алда качан өткөн ишине азыр бети кызарат, кадыресе ничкерет | | |

**140.** «Менин мекеним — Өзбекстан» деген темада сүрөттөө мүнөзүндөгү дилбаян жазгыла. Жандуу жана жансыз заттардын белгилерин ачык-так көрсөтүүгө аракеттенгиле.

**141.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, атоочтук түрмөктү жана фразеологиялык сөз тизмегин тапкыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Атоочтук түрмөккө, фразеологиялык сөз тизмегине сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Алтын сарайдан табылган акыл[1] жаман алачыктан да табылыптыр. 2. Кеңешип кескен бармак оорубайт. 3. Улуу тоого чыккан адам барбы? Улар үнүн уккан барбы? 4. Көп жашаган адам билбейт, көптү көргөн билет. (*Мак.*) 5. Күз айы. Ал ак төөнүн карды жарылган бышыкчылыгы менен кооз. 6. Алтын шилекейин чачыраткан карыялар[1] жооп беришти. Атам алтын шилекейин чачыратты. («*ФС*»)

Аткаруунун үлгүсү: *Алтын сарайдан табылган акыл жаман алачыктан да табылыптыр.* Эмне болуптур? — *табылыптыр* — баяндооч; эмне? — *акыл* — ээ; кайдан табылыптыр? — *алачыктан да* — бышыктооч; кандай алачыктан? — *жаман* — жөнөкөй аныктооч; кайсы акыл? —



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*алтын сарайдан табылган* — тутумдаш аныктооч, атоочтук түрмөк.

Эмне? — *алтын* — зат атооч; эмнеден? — *сарайдан* — зат атооч; эмне болгон? — *табылган* — этиш.

## 28-§. ЖАНДАМА МҮЧӨ

**Жандама мүчө — бул аныктоочтун өзгөчө түрү.** Ал аныкталуучу сөздөн кийин келип, анын кесип, жакындык, өнөр, наам, сыпат, мүнөз, даража жагынан болгон белгисин билдирет.

Мисалы: *Динар **тентек** Омордун үйүн көздөй кетти. (Т.С.)* Жандама мүчө — *тентек. Динардын* мүнөз жагынан болгон өзгөчөлүгүн билдирди.

Ошентип, жандама мүчө өзүнөн мурдагы сөз менен ажырагыс биримдикте колдонулат да, экөө биригип, сүйлөмдүн бир эле мүчөсү болот: ***Сагынтай таятам** айылдын алгачкы мугалимдеринен болгон.* Ким? — *Сагынтай таятам* — ээ.

**142.** Окугула. Билдирген маанилери жагынан кара менен басылган сөздөрдөн кандай жалпылыкты жана айырмачылыкты байкадыңар? Алар кайсы сөз түркүмүнө таандык? Синтаксистик милдети жана орун тартиби боюнча бири-биринен айырмаланабы?

1. Маңгулдан Чокон **дөө** чыкты, ат минбеген жөө чыкты. («Манас»)

2. Жаныбек **койчу** бүгүн тоодон негедир кеч кайтты. 3. Жеңижок **акын** өзүнүн ашкере таланты менен жамы журтка аттын кашкасындай таанымал болгон.

4. Атын байлабады, алды–артын карабады, үйгө кирди, үйгө киргенин Чыйырды **байбиче** көрдү.(«Манас»). 5 .Ошентип, Телибай **тентек** өзүнүн кемпайлыгынан өлүп тыныптыр. 6. Жергиликтүү адамдар өлөңчүлөрдү абдан кадырлашат. 7. **Жалгыз** аттын чаңы чыкпас (Мак.) 8. **Жазгы** жамгыр болбосо, жашыл чөп кайдан гүлдөсүн. (Т.)

**143.** БК. Текстти окугула. Мазмунун айтып бергиле. Аныктооч сөздөрдү тапкыла.

Жеткиликтүүлүккө жетишүү жараяны улуу бабаларыбыздын чыгармаларында турмуштук мисалдар, мифология аркылуу көрсөтүлгөн. Мисалы, улуу акыныбыз Алишер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Наваийнин «Лисонут-тайр» — «Куштун тили» чыгармасында мунун үлгүсүн көрүшүбүз мүмкүн. Бул чыгармада бир топ куштар мифтик Семургду издеп жолго чыгышат. Алар дарыя жана чөлдөрдөн учуп өтүшөт. Көпчүлүк куштар жол азабына чыдабай жарым жолдо калып кетишет. Бир гана отуз куш өзүнүн максатынан кайтпай умтулат. Ошондо алар өздөрүн Семург, башкача айтканда отуз куш экенин сезип калат. Анткени фарсча «си» — отуз, «мург» — куш дегенди билдирет. Муну айтышыбыздан максат, умтулган адам дайыма алдына койгон максатына жетет.

**144.** Сүйлөмдөрдүн тутумундагы бөлүнгөн сөздөрдү бири-бирине салыштыргыла. Кайсынысы аныктооч, кайсынысы жандама мүчө? Булардын айырмачылыгы эмнеде?

1. *Бийик* тоону жанынан көр, башына чыкпа.
2. *Жакшы* киши өлбөсүн, жамандыкты көрбөсүн. (*Мак.*)
3. *Күндүн кызылсары* нурлары чачырады. («*КМ*»)
4. *Кичинекей* терезеден айдын шооласы түшүп турат.

Чаргын *чап жаак* Шамбеттерди тамашалады. Калыйпа *какылдак* жаагын жанууда. (*Т. С.*) Капар *сүрөтчү* көп эмгек жараткан. («*А*») Кулболду *карыя* эмгекчил адам эле.

## 29-§. ТОЛУКТООЧ, АНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**Толуктооч — сүйлөмдүн айкындоочу мүчөсү.** Ал кыймыл-аракет багытталган заттын атын көрсөтөт. Ал барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн суроолоруна жооп берет жана ушул жөндөмөлөрдө келет. Суроолору: кимге? эмнеге? кимди? эмнени? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден? ким менен? эмне менен? ким жөнүндө? эмне жөнүндө? ким аркылуу? эмне аркылуу?

Мисалы: 1. ***Билимдүүгө*** *дүйнө жарык.* 2. *Ачууну токтоо-лук менен жеңе бил.* (Мак.) 3. *Жаштарда жалындуу жаштык бар.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Толуктоочтор: кимге жарык?—*билимдүүгө*—толуктооч—барыш жөндөмөдө; эмнени жеңе бил?—*ачуууну*—толуктооч, табыш жөндөмөдө; эмне менен?—*токтоолук менен*—толуктооч, мында жөндөмө мүчөнүн ордуна менен деген жандооч катышты; кимдерде бар?—*жаштарда*—толуктооч, жатыш жөндөмөдө.

Толуктооч менен баяндоочтун ортосунда башкаруу байланышы бар.

Толуктоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

1. Зат атооч: ***Отту*** *жаккан билет*, ***малды*** *баккан билет*.

2. Ат атооч: ***Силерде*** *кадимкидей күч-кубат бар*.

3. Заттык маанидеги сөз түркүмдөр:

а) сын атооч: ***Жакшыга*** *айтсаң билет*.

б) сан атооч: ***Алтоону*** *балдар куттукташты*.

в) атоочтук: ***Экскурсиядан келгендерге*** *жолуктум*.

г) кыймыл атооч: ***Барууга*** *шарт жок*.

**145.** Текстти окугула. Адегенде баяндоочту тапкыла, андан кийин ал аркылуу суроо берип, толуктоочту көрсөткүлө. Ал кандай суроого жооп берди, кайсы жөндөмөдө турат?

Биз Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк. Ал дагы биз менен араба айдашты. Чынын айтайын, Данияр киши менен сүйлөшчү эмес. Ал дайыма суунун жанындагы үймөк чөптөргө барып жата турган.

Эртеси аттарды кырманга алып келдик. Арабаларга эгиндер жүктөлүп бүткөн соң, биз станцияга жөнөдүк. Ошол күндөрү биз бардыгын жеңиш үчүн жасаганбыз. (*Ч.А.*)

Үлгү: *Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк*. Эмне болду? — *көрдүк* — баяндооч; кимди көрдүк? — *Данияр-ды* — толуктооч; кимди? деген суроого жооп берди, табыш жөндөмөсүндө.

**146.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Толуктоочту атагыла, ал баяндооч менен кандайча (жөндөмө мүчөлөр же жандооч) байланышты? Толуктооч кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Эрди эл өстүрөт, гүлдү жер өстүрөт. 2. Улууну сен сыйласаң, кичүү сени сыйлайт. (*Мак.*) 3. Жапар эгинди көпкө тиктеп турду. 4. Тизмектелген Ала-Тоонун чокуларына



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күн нурун чачты. (*К.Б.*) 5. Акындарды жаман деп, кепти кайдан табасың? (*Т.*) 6. Окуучулар эмгек ардагерлери менен жолугушту. Алар ыймандуулук жөнүндө айтып беришти.

**147.** Оозеки же жазуу түрүндө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Кайталанып келген *бийик, телеграмма, китеп* деген сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнөн болушту? Салыштыргыла, түшүндүргүлө.

1. Кыраандар бийиктикти сүйүшөт, бийиктикке уялашат. Алар бийик учууну каалашат. 2. Телеграмма алысты жакын кылат. Биз телеграмма аркылуу агайын-туугандарыбызга[2] ар кандай кабарларды билдиребиз. Жакында айылдан телеграмма алдым. 3. Билбегенди билгизген китеп менин жакыным. Кымбаттуу балдар, адабий китептерди көбүрөөк окугула. («*А*»)

**148.** Окугула. Жөндөмө мүчө уланган же жандооч менен келген толуктоочту тапкыла. Кайсы толуктооч жөндөмө мүчөсүз келди?

1. Эмгек өмүрдү узартат, уят[1] бетти кызартат. 2. Жакшы менен сүйлөшсөң, көңүлүң ачылат. 3. Гүлдөн жылан уу жыйнаса, аары бал жыйнайт. (*Мак.*)

4. Пейли бузук кишиге
Ички сырын айтпагын.
Алты саның соо болсо,
Бекер карап жатпагын.
(*Т.*)

Айтышса намыс алсын деп,
Алпештеп сени баккамын.
Алдыңдан чыккан душманды
Арстандай чапчып таштагын.
(*Ж.Б.*)

Үлгү: 1) *Эмгек өмүрдү узартат, 2) уят бетти кызартат.* Эмнени узартат? — *өмүрдү* — толуктооч, табыш жөндөмөсүндө; эмнени кызартат? — *бетти* — толуктооч — табыш жөндөмөсүндө.

**149.** Текстти окугула. Адегенде баяндоочту, андан кийин баяндоочтон суроо берип, толуктоочту тапкыла. Анын кайсы жөндөмөдө турганын же жандооч менен келген учурун аныктагыла. Толуктооч сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышат?

ЖАКШЫ СӨЗ — ЖАРЫМ ЫРЫС

Биздин ата-бабаларыбыз сөздү урматташкан. Айтор жакшы сөз кичинекей балага да, чоң кишиге да аябай[2] керек. Демек, сөздүн улуулугу ушунда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыргыз эли сөзгө өзгөчө маани[1] берген. Бир сөзгө жыгылып, атынан түшүп бергендер да болгон. Бир сөз үчүн өмүр кыйылган учурларды да билебиз.

Дүйнөнүн миң түркүн сырын баамдап көргүлөчү. Улуу ачылыштар жана жакшылыктар сөздөн башталат экен. Биз баарыбыз рухий жактан бай болууга аракеттенишибиз керек. Ал үчүн жакшы сөз керек. Жакшы сөз айтууга үйрөнгүлө. («*КТ*»)

Үлгү: *Биздин ата-бабаларыбыз сөздү урматташкан*. Эмне кылышкан? — *урматташкан* — баяндооч, эмнени урматташкан? — *сөздү* — толуктооч, табыш жөндөмөдө; баяндооч менен байланышты.

**150.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Толуктоочту көрсөткүлө, ал кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Абышканын жомогу балдарды[2] кызыктырды. 2. Ак булуттарды көпкө чейин карап отурдум. Булут туманга айланды. Ал асманды чулгай баштады. 3. Тил кылычтан өткүр. Карынын[2] кебин капка сал. Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт. Достук менен бир тууганды бардык байлыктан артык. Жакшыга айтсаң, билет. Жаманга айтсаң, күлөт. (*Мак.*)

Үлгү: *Абышканын жомогу балдарды кызыктырды*. Эмне болду? — *кызыктырды* — баяндооч; эмнеси? — *жомогу* — ээ; кимдерди кызыктырды? — *балдарды* — толуктооч, зат атоочтон болду; кимдин жомогу? — абышканын — аныктооч.

**151.** Окугула. Сүйлөмдөрдү өз ара салыштыргыла. Толуктоочту таап, анын сүйлөмдөгү ордуна көңүл бургула. Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Мындай өзгөчөлүк эмнеге байланыштуу?

| | |
|---|---|
| 1. Окуучулар[1] *гүл* алып келишти. | *Гүлдү* окуучулар алып келишти. |
| 2. Мен *китеп* сатып алдым. | *Китепти* мен сатып алдым. |
| 3. Биз театрдан *оюн* көрдүк. | Биз *оюнду*[1] театрдан көрдүк. |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**152.** Окугула. Ээ менен толуктоочту тапкыла. Аларды бири-бирине салыштырып, ар биринин өзүнө тиешелүү белгилерин аныктагыла.

| | |
|---|---|
| 1. *Балдар* мектепке келишти. | Энем балдарды издеди. |
| 2. *Алар* жакшы иштешти. | *Аларга* сыйлык берилди. |
| 3. Бүгүн *оюн* болот. | Биз *оюн* көрөбүз. |
| 4. *Адам* баарынан улуу болуп жаралган. | *Адамга* адамча мамиле жасоого үйрөн. |

## 30-§. ТОЛУКТООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮ

Грамматикалык түзүлүшү боюнча толуктооч жөнөкөй жана тутумдаш болот. Жөнөкөйү бир сөздөн, тутумдаш толуктооч бир нече сөздүн тизмегинен түзүлөт.

Мисалы: 1. *Ала-Тоонун чокуларына күн* ***нурун*** *чачты*. 2. ***Эже кийгенди*** *сиңди киет*. (Мак.) Толуктоочтор: эмнесин чачты?—*нурун* (жөнөкөй); эмнени киет?—*эже кийгенди* (тутумдаш).

Тутумдаш толуктооч төмөнкүдөй сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт:

а) Маани берүүчү сөздөрдөн: ***Билек жирей албаганды*** *билим жирейт*. Эмнени?—*билек жирей албаганды* тутумдаш толуктооч.

б) Маани берүүчү сөз менен кызматчы сөздөн: ***Окуучулар жөнүндө*** *көп сөз болду*. Кимдер жөнүндө?—*окуучулар жөнүндө*—тутумдаш толуктооч.

в) Туруктуу сөз айкашынан (фразеология): ***Беш өрдөгүн учургандарга*** *кезиктим*. Кимдерге?—*беш өрдөгүн учургандарга*—тутумдаш толуктооч, фразеология.

**153.** Окугула. Баяндоочтон суроо берип, толуктоочту тапкыла, анын түзүлүшү кандай? Толуктооч кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Жаман малын коруйт, жакшы арын коруйт. 2. Жакшыга жанаш, жамандан адаш. 3. Жакшы сөзү менен сооротот, жаман токмогу менен ыйлатат. 4. Анын көрөр көзүнө жолуктум. 5. Ичи тарды ит кабат. (*Мак.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**154.** Ажыратылган сөз тизмектерин өз ара салыштыргыла: 1) алардын ар бири сүйлөмдүн кайсы мүчөсү? 2) түзүлүшү кандай? 3) алар кайсы сөз менен кандайча байланышты?

1. *Жашагысы келген* адамды эл сыйлайт.
2. *Иш билбеген* адамга ишиң түшпөсүн.
3. *Сен окуган* китепти мен да окуп чыктым.
4. *Өзүм билем деген* адамга сыр айтпа.

*Жашагысы келген* эл сыйлайт.
*Иш билбегенге* ишиң түшпөсүн.
*Сен окуганды* мен да окуп чыктым.
*Өзүм билем дегенге* сыр айтпа.

Үлгү: 1) *Жашагысы келген адамды эл сыйлайт.* Кандай адамды? — *жашагысы келген* — тутумдаш аныктооч, *адамды* деген толуктоочту аныктады. 2) *Жашагысы келгенди эл сыйлайт.* Кимди сыйлайт? — *жашагысы келгенди* — тутумдаш толуктооч, *сыйлайт* деген баяндооч менен байланышат.

**155.** Адегенде сол жактагы сүйлөмгө көңүл буруп, толуктоочту тапкыла. Түзүлүшү кандай? Кандай суроого жооп берди? Ушул эле сүйлөмдү оң жактагы сүйлөм менен салыштыргыла. Бөлүнгөн сөз тизмегинин бирде аныктооч, экинчи учурда толуктооч болушу эмнеге байланыштуу?

1. *Абийирин сактай албаган* адамдан алыс бол.
2. *Досу көп* адамды жоо албайт.

*Абийирин сактай албагандан* алыс бол.
*Досу көптү* жоо албайт.

**156.** Кашаанын ичиндеги суроонун ордуна толуктоочтук маанидеги сөздү ойлоп таап, сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Толуктооч сүйлөмдө кандай мааниде колдонуларын түшүндүргүлө. Ал аныктоочтон кандайча айырмаланат?

1. (Эмне менен?) сен көп нерсеге жетише аласың. 2. Баланы (эмнеге?) үйрөтпөгүн, жашоодо белен оокат табылбастыр. 3. Биз (эмне жөнүндө) кеңештик. 4. (Эмнени?) эне жек көрөт. 5. — Адепти кимден (кимден?) үйрөндүм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 31-§. БЫШЫКТООЧ, АНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**Бышыктооч — айкындооч мүчөнүн бир түрү. Баяндооч менен байланышып, кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгисин билдирет.** Кайда? кайдан? кандай? канчанчы? качан? эмне үчүн? ж.б. суроолорго жооп берет.

Мисалы: 1. *Элебес экөөбүз **үйгө** келдик.* (М. Э.) Кайда келдик? — *үйгө* — бышыктооч; кыймыл-аракеттин ордун. 2. *Кулболду карыя **жакшы** сүйлөдү.* (*К. Б.*) Кандай сүйлөдү? — *жакшы* — бышыктооч, кыймыл-аракеттин сыпаты көрсөтүлдү.

Бышыктооч барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө келет, же жандооч кошулуп айтылып, баяндооч менен башкаруу же ыкташуу жолу аркылуу байланышат. 1. *Чегиртке **итиреңдеп** тура калды.* (*Т.С.*) Кантип тура калды? — *итиреңдеп* — бышыктооч, баяндоочко ыкташты. 2. *Аскат **көл жээгинде** эс алды.* Кайда эс алды? — *көл жээгинде* — бышыктооч, баяндооч экөөнүн ортосунда башкаруу байланышы бар.

Бышыктоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

1. Зат атооч: *Айгүл **Наманганда** туруучу.*
2. Сын атооч: *Сабыр ата казак тилин **жакшы** биле турган.*
3. Сан атооч: *Каныбек асманды карай **эки** атты. (К.Ж.)*
4. Тактооч: ***Кечээ** ата-энелердин жыйналышы болду.*
5. Чакчыл: *Какелей **чамгарактап** Керезге атырылды.* (*Ш.Б.*)

**157.** Тексттерди көркөм окуп, сүйлөмдө кыймыл-аракеттин ордун, сыпатын, мезгилин ж.б. белгилерин билдирген сөздү көрсөткүлө. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болот?

I. Ошондон бери Гүланда менен тез-тез көрүшө турган болдум. Азыр да ушул жерде жашайт. Экөөбүз тең бала-чакалуу болдук. Сүйүүнүн сүрөттөрү азыр деле жаңы сыяктуу. Бирок ал сүйүүлөр жүрөктүн тереңинде калды. Мен аны ар дайым көргүм келет. (*А.Т.*)

II. Эшендин да, Айдиштин да Москвага биринчи келиши. Ала-Тоолук алтоо он күндүн ичинде атактуу музейлерде болушту. Чоң-чоң заводдорго барышып, жаштардын иштери менен таанышышты. Алар менен бир туугандарча пикир алышты. (*Т.С.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үлгү: *Ошондон бери Гүланда менен тез-тез көрүшө турган болдум.* Эмне кыла турган болдум? — *көрүшө турган болдум* — баяндооч. Кандай көрүшө турган болдум? — *тез-тез* —бышыктооч, баяндооч менен байланышты; качандан бери? — ошондон бери — бышыктооч, кыймыл-аракеттин мезгили көрсөтүлдү.


**158.** Көп чекиттин ордуна кыймыл-аракеттин ордун, мезгилин, сыпатын, сан-өлчөмүн, себебин билдирген сөздү коюп жазгыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Кайсы сөз түркүмү?

1. (Кайда?) ... бир нече космонавттар учуп жөнөштү. 2. Биздин айылдаштар (качан?) ... келишет. 3. Динар чоң энесине (кандай?) ... сүйлөдү. 4. С. Шарипов космоско (канчанчы? ... жол салган. 5. Отургандар (эмне үчүн?) ... күлүп жиберишти.

**159.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Андан кийин айкындооч мүчөлөрдүн ортосундагы байланыштын жолун сызык менен көрсөткүлө. Кайсы айкындоочтор баяндооч менен байланышат?

1. Кечинде Чолпон жылдызы жаркырап көрүнөт. 2. Тилек мергенчиликтин жайын жакшы билет. 3. Тянь-Шань кышта жылуу, жайда салкын. 4. Быйыл биздин жайлоо байчечекейдей гүлдөдү. 5. Асманда алтын Ай ак булуттарды жиреп баратат. 6. Гүлүма Сатардын үйүн көздөй кетти.

Үлгү:




**160.** Окугула. Бышыктоочту тапкыла. Бышыктоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды?

1. Чүкөбай үйдөн жаш балача чуркап чыкты. (*К.Б.*) 2. Күзүндө айылдан мага телеграмма келди. (*Ч.А.*) 3. Космосту изилдөө иши азыр өркүндөтүлүп жатат. («*КТ*»)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Кечээ күнкү күрпүлдөгөн долу Чүй,
Эпке келип бүгүн бизге багынды. (*Ж.Т.*)

5. Биз Ташкент шаарына окууга барабыз.

Үлгү: *Чүкөбай үйдөн жаш балача чуркап чыкты*. Эмне болду?—*чуркап чыкты*—баяндооч; кандайча чуркап чыкты? —*жаш балача*—бышыктооч, кыймыл-аракеттин сыпатын билдирди (*жаш*—сын атооч, *балача*—тактооч); кайдан чуркап чыкты?—*үйдөн*—бышыктооч, кыймыл-аракеттин ордун билдирди (зат атооч).

**161.** Окугула. Аныктоочту жана бышыктоочту тапкыла, өз ара салыштыргыла. Алар кайсы сөз менен байланышарын эсиңерге сактагыла.

1. Гүлүма *көңүлдүү* (кандай?) ырларды ырдады.
2. *Алты* (канча?) бала университетке өттү.
3. Жээрде тайдын *аргымак сыяктуу* (кандай?) сыны бар.
4. Шаарда *бийик* (кандай?) үйлөр салынып жатат.

Гүлүма *көңүлдүү* (кандай?) ырдады.

Нурлан университетке *алты* (канча?) келди.

Жээрде тай *аргымак сыяктуу* (кандай?) жүгүрдү.

Самолёт *бийик* (кандай?) учат.

**162.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, аныктоочту жана бышыктоочту өз ара салыштыргыла. Окшош белгилери кайсы? Айырмачылыгы эмнеде?

1. Жакшы сөз сүйкүм угулат.—Талант университетте жакшы окуйт. 2. Жакшы адам сөзгө түшүнөт. —Мен төрт мезгилдин ичинен күздү жакшы көрөм. 3. Мыкты иштегендер сыйлыкка татыктуу болушту. —Биздин жаштар мыкты иштөөгө тийиш. 4. Балбандар атаандаштары менен төрт жолу беттешти.—Төрт карыя өз ара аңгемелешип отурушкан экен.

Үлгү: *Жакшы окуучу жакшы окуйт*. Эмне кылат? —*окуйт*—баяндооч; ким? —*окуучу*—ээ; кандай окуйт?—*жакшы* бышыктооч; кандай окуучу?—*жакшы*—аныктооч. Аныктооч да, бышыктооч да—экөө тең бирдей суроого жооп берди—бул окшош жагы, айырмачылыгы—аныктооч зат (окуучу), бышыктооч кыймыл-аракет (окуйт) менен байланышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**163.** Көчүрүп жазып, бышыктооч менен толуктоочтун астын сызгыла. Алардын окшош белгилерин жана айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Эмгек *бакытка* жеткирет.
2. Мал *кыштан* семиз чыкты.

Сүрөт тартыш үчүн *айылга* бардым.
Биз *театрдан* «Айчүрөктү» көрдүк.

## 32-§. БЫШЫКТООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮ

Бышыктооч түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана тутумдаш болот. Мисалы: 1. *Мен сага бүгүн бүт өмүрүмдү айтып бердим.* 2. *Сууга жеткенде Данияр арабаны токтотту.* (Ч.А.) Качан айтып бердим? —*бүгүн*— жөнөкөй бышыктооч; качан токтотту? — *сууга жеткенде* — тутумдаш бышыктооч. Тутумдаш бышыктооч төмөнкүдөй сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт:

а) Маани берүүчү сөздөрдүн: *Окуучулар* ***пахта талаасында*** *болушту.* Кайда болушту? — *пахта талаасында* — тутумдаш бышыктооч.

б) Маани берүүчү сөз менен кызматчы сөздөн: *Шамбет* ***келери менен*** *ишке кириште.* (Т.С.) Качан киришти? — *келери менен* — тутумдаш бышыктооч.

в) Фразеология жана чакчыл түрмөктөн: 1. ***Көз ачып жумганча*** *Бектурган ордунан турду.* (А.Т.) Качан ордунан турду? — *көз ачып жумганча* — тутумдаш бышыктооч, фразеология. 2. ***Аганы көрүп,*** *ини өсөт.* (Мак.) Кантип өсөт? – *аганы көрүп* – тутумдаш бышыктооч, чакчыл түрмөк.

Чакчыл түрмөк да, фразеологиялык айкаш да бир эле суроого жооп берип, сүйлөмдүн бир мүчөсү болот.

Чакчыл түрмөк сүйлөмдүн ар кайсы жеринде: башында, ортосунда, аягында келип, жазууда үтүр менен ажыратылат: ***Баланы карап,*** *Айтике отура калды.* (А.Т.) *Айтике,* ***баланы карап,*** *отура калды. Айтике отура калды,* ***баланы карап.***

Чакчыл түрмөк бир өңчөй түрүндө да келет: ***Чоң арабакечтерди туурап, камчыны сүйрөй,*** *жайбаракат бастым.* (Ч.А.) Кантип бастым? — *чоң арабакечтерди туурап, камчыны сүйрөй* — бир өңчөй бышыктооч, чакчыл түрмөк.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**164.** Бышыктоочту тапкыла. Анын түзүлүшү кандай? Чакчыл түрмөк жөнүндө эмне билесиңер? Эсиңерге түшүргүлө. Чакчыл түрмөктөн болгон бышыктоочтун өзгөчөлүгү жөнүндө айтып бергиле.

Тоо-токойлорго коңур салкын күз келди. Жайдын ысыгы өттү. Жайлоодон мал түшүп, төмөн кыштоосуна кетти. Тоо-токой аңгырап ээн калды.

Анда-санда шаңшып коюп, асманда жалгыз бүркүт каалгыйт. Ташкындап аккан суунун шары башталды. Шыралжын куурай болду. Талдын жалбырактары дирилдеп түшүп турду.

Тоо баштарына, күндө кабатталып, кар жаайт. Күндө эртең менен карасаң, кечээги кара кырлар кар жамынып жатат. Капчыгай ылдый эртели-кеч ызгаар шамал болот.

Кайың, тал кызыл сары түскө боёлгон. Алар кечке жуук кубулжуп турат. Бирок бүгүн эртеден бери, карлуу тоону жаңыртып, таандардын тынчы кетти. (*Ч.А.*)

**165.** Бөлүнгөн сөздөрдү өз ара салыштыргыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү, ар бири эмнени билдирет?

| | |
|---|---|
| 1. Биздин *айылга* (кайда?) артисттер келишти. | Биздин *айылга* (эмнеге?) быйыл кырк жыл толот. |
| 2. Сыдык алгачкы билимди *айылдан* (кайдан?) алган. | Биз алгачкы билимди *Дүйшөндөн* (кимден?) алганбыз. |
| 3. Кыздар *окууга баруу үчүн* (эмне үчүн?) чарчабай иштешти. | Бизде *жаштар үчүн* (кимдер үчүн?) бардык шарттар бар. |
| 4. Бала *ат менен* (эмне менен?) келди. | Бала ханга *жолдун ортосу менен* (каяк менен?) барды. |

## 33-§. БЫШЫКТООЧТУН ТҮРЛӨРҮ

Берген мааниси боюнча бышыктоочтун төмөнкүдөй түрлөрү бар. Жадыбалга көңүл бургула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| **Бышыктооч-тун түрлөрү** | **Суроолору** | **Мисалдар** |
|---|---|---|
| Сыпат | кантип? кандайча? кандай? | Электр шамдары жылдыздай (кандай?) жаркырады. |
| Орун | кайда? кайдан? каяк-ка? каяктан? каерде? | Алайдагы Көк-Сууга (кайда?) бардык. |
| Мезгил | качан? качанга чейин? качантан бери? кайсы убакта? | Бүгүн (качан?) Ысык-Көлдөн келдик. |
| Себеп | эмне үчүн? эмне себептүү? | Кубангандан (эмнеликтен) Сабырдын жонунан тер кетти. |
| Максат | эмне үчүн? эмнеге? кандай максатга? эмне кылууга? | Балдар оюн көрүү үчүн (эмне үчүн?) келишти. |
| Сан өлчөм | канча? нече? канчанчы? | Алар мелдеште биринчи (канчанчы?) келишти. |

**166.** Окугула. Бышыктоочторду тапкыла, алардын мааниси кандай? Кайсы сөз түркүмүнөн болду? Баяндооч менен кандайча байланышты?

Биз космонавттардын тобуна биринчи жолу кошулдук. Дарыгерлер мындай деп алдын ала эскертишти:

— Дене жагынан такшалуу — силердин экинчи канатыңар. Ансыз космос жөнүндө ойлонуунун кереги жок.

Биздин шаарчабыздагы токойдо жалгыз аяк жол бар. Биз ар күнү эртең менен ушул жерден кезигишебиз. Жайында да, кышында да космонавттар ушул жерде дене тарбиясын аткарышат. («*КМ*»)

**167.** Мезгил, орун, сыпат бышыктоочторду тапкыла. Аталган бышыктоочтор эмне үчүн колдонулду? Текстте кептин кайсы түрү пайдаланылды?

Түштөн кийин биз, адаттагыдай, айылга шашпай кайтып бара жаткан элек. Асманда жылдыздар төгүлүп, көз байланып, түн кирип калган кез. Айлана уктап жаткансып тыптынч[3] жана жымжырт. Даниярдын обону жүрөктү эркелетет.

Жамийла бул жолу, колун[2] Данияргa сунуп, арабаны кармап, башын эңкейте, ээрчип келе берди. Бир убакта Даниярдын обону кайра бийик көкөлөп, үнү күч[1] алды.

Бул обон башкаларга окшобогон махабаттын жаңы обону эле. (*Ч.А.*)

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**168.** «Жакшы адамдар жанында» деген тема боюнча кыскача аңгеме жазып келгиле. Оюңарды кеңири жана толук берүүдө айкындооч мүчөлөрдүн түрлөрүн колдонууга аракеттенгиле.

**169.** Окугула. Бышыктоочту таап, анын түзүлүшүн аныктагыла. Кайсы сүйлөмдө негизги кыймыл-аракет элестүү жана ачык-так көрсөтүлдү?

| | |
|---|---|
| 1. Жапар Айшаны тике карады. (*К.Б.*) | *Башын көтөрүп,* Жапар Айшаны тике карады. |
| 2. Манас баатыр келе жаткансыйт. (*К.Ж.*) | *Аккуласын алкынтып,* Манас баатыр келе жаткансыйт. |
| 3. Данияр арабаны жайыраак айдады. (*Ч.А.*) | *Шаркырап аккан сууга жеткенде* Данияр арабаны жайыраак айдады. |
| 4. Бурма ыйлап жиберди. | *Даниярды катуу-катуу кучактап,* Бурма ыйлап жиберди. |

## 34-§. СҮЙЛӨМДӨГҮ СӨЗДӨРДҮН ОРУН ТАРТИБИ

Сүйлөмдөгү сөздөр өзүлөрүнүн синтаксистик кызматына ылайык түгөй-түгөйү менен аныкталат: 1) ээ менен баяндоочтун орду; 2) аныктооч жана аныкталгычтын орду; 3) толуктооч жана баяндоочтун орду; 4) бышыктооч жана баяндоочтун орду.

Сүйлөмдө ээ мурда, баяндооч андан кийин келип, түз орун тартиби боюнча орун алышат: ***Жаз — жарыш, күз — күрөш.***

Аныктооч аныкталуучу сөздөн мурда келет: 1. ***Өмүрдүн*** *кубанычы — эмгек.* 2. ***Калдайган кара*** *булут уламдан-улам көтөрүлүп келет.*
Аныктоочтор: *өмүрдүн, калдайган кара. Аныкталуучу сөздөр: кубанычы, булут.*

Толуктооч менен бышыктооч өздөрүн башкарган баяндоочтон мурда келет: 1. *Ал* ***Жапарга*** *кайрылды.* — Кимге? — *Жапарга* толуктооч, баяндоочтон мурда келди. 2. *Күн* ***уясына*** *батып баратат. (К.Б.)* Кайда? — уясына — бышыктооч, баяндоочтон мурда келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул — сөздөрдүн көндүм болгон түз орун тартиби. Бирок сөздөрдүн түз орун тартиби дайым эле сакталбайт. Стилдик максатка, ырдын уйкаштыгын сактоого ж.б. байланыштуу алардын орду кээде өзгөрүлүп да колдонулат.

Мисалы: *Чапкан билет тулпарды, таптаган билет шумкарды. (*Мак.) Мында **тулпарды, шумкарды** деген толуктоочтор **билет** деген баяндоочтордон кийин келишти.

**170.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин өз ара салыштыргыла. Кайсынысында ой-пикир ырааттуу болуп турат? Эмне үчүн?

1. Биз[1] силердин ишиңерге ыраазыбыз. — Биз ыраазыбыз ишиңерге[2] силердин. 2. Эл-журт Дүйшөнкулду узатуу үчүн чогулушту. — Эл-журт Дүйшөнкулду чогулушту узатуу[3] үчүн. 3. Акыркы менин оюм иш жүзүнө ашты. — Акыркы оюм менин ашты иш жүзүнө. 4. Аппак шекер жамынган айлана тыптынч. — Айлана аппак шекер жамынган тыптынч. 5. Нарын суусу ак көбүгүн чачыратат. — Суусу Нарын чачыратат ак көбүгүн.

**171.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн түз орун тартибине көңүл бургула. Ээрчишүү байланышында ээ кайсы орунда турууга тийиш. Ал эми башкаруу байланышында баяндоочко башкарылган сөздөрдүн түз орун тартиби кандай?

## УЧКУЛ СӨЗДӨР

1. Жаман киши ишеничти актабайт, өз абийирин сактабайт. 2. Баласына атасы акыл айтат, акылга көнгөн баладан эмгек кайтат. 3. Бир жолу калп айтсаң, өмүр бою калпычы атың өчпөйт. 4. Жоого жалынба, доско таарынба. 5. Эр энеден туулат, элге кызмат кылат.

**172.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Алардын сүйлөмдөгү адат болгон түз орун тартиби жөнүндө айтып бергиле.

Токтогул ырын токтотту да, курбусу[2] экөө айылга бастырып кетишти. Кыз-келиндердин артынан[3] жете барышты. Токтогулдар кыз-келиндерди[4] жандап бастырып бара жатышат. Алардын күлкүлөрү көбөйдү. Акын комузун алды да, жагымдуу үн менен ырдап коё берди. *(Ж.Б.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**173.** Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдү түз орун тартибине келтирип, көчүргүлө. Аларды сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Аныктооч менен аныкталгычтын, бышыктооч менен баяндоочтун сүйлөмдөгү орун тартиби кандай?

1. Толтурду кампага кызылды эл жайлай эмгектенген. 2. Жыттанат сопсонун гүлдөрү тоонун. 3. Төрөлгөмүн мен жерде бийик тоолуу. 4. Күн сайын сулуулугуна анын таң калчумун мен. 5. Чыктык тоого эртең менен биз. Аскат көрчү жакшы учкуч болууну.

**175.** Бышыктоочту көрсөткүлө, ага төмөнкүдөй тартип боюнча мүнөздөмө бергиле: а) кандай суроого жооп берди? б) кайсы сөз менен байланышты? в) кайсы сөз түркүмүнөн болду? г) түзүлүшү кандай?

1. Күзүндө Жалал-Абаттагы Каралма токоюнун көрүнүшү укмуштуудай болот. 2. Сени тиктеп, күлүндөп түрдүү жемиштер турат. (*Н.Б.*) 3. Шүүдүрүм баскан жаш гүлдөр жүгүнүп нурга караштЫ. 4. Асманда сызып баратып, алдына Сырга карады. (*Ж.Б.*) 5. Көз ачып жумганча барылдап ыйлаган баланын дабышы чыкты. 6. Кыз, жер-сууну сагынгандай, Ала-Тоону телмирип карайт. (*Т.С.*)

Ала-Тоо — өмүрүмдүн гүлдүү багы,
Ала-Тоо кечээкиден бүгүн жаңы. (*Р.Ш.*)

**176.** Бышыктоочтун түрлөрүн эсиңерде сактагыла. Алардын ар бирин өзүнчө катыштырып, бирден сүйлөм түзгүлө. Бышыктооч сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнө багынат?

Бышыктооч:
- сыпат
- орун
- мезгил
- себеп
- максат
- сан-өлчөм

**178.** Баяндоочту тапкыла. Андан кийин бышыктоочту аныктагыла жана аларга сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыргыз эли атам замандан ушул убакка чейин сөздү аздектеп келатат. Акылдын кени сөздө экенин карыялар жакшы билишет. Акылман аксакалдар жаштарды чындыкты бетке айтып, арамдыктан алыс болууга тарбиялашкан, аларды сөз менен куралдандырган.

Сөз — байлык. Оозунда сөзү бар адам — алтынга бай адам. Дүйнөдө чексиз нерселер көп. Ошонун бири — ушул сөз. Карап көрчү, үйдө, жолдо, сабакта — баардык жерде сөз колдонулат. айтор, сөз адамды аба сыяктуу курчап турат. Баарыбызга жакшы сөз керек. Эл да жакшы сөзгө муктаж.

Ошентип, сөздүн тазалыгы — пейилибиздин, жан дүйнөбүздүн тазалыгы. («*КБ*»)

**179.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Андан кийин бышыктоочко талдоо жүргүзүп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле: а) түзүлүшү кандай? б) кайсы сөз түркүмүнөн болду? в) эмнени билдирет? г) баяндооч менен кандайча байланышты?

1. Ошондо көпчүлүккө эптеп баш-көз болуп жүргөнүмө азыр да сыймыктанам. (*Ч.А.*) 2. Хан шарап ичкенден кийин алтын чөйчөктү дасторконго койду. («*Жом*».) 3. Көз байланган кезде Керимахун базар жактан келди. (*К.Ж.*) 4. Теректер ар кандай үнгө салып шуулдайт.

Үлгү: *Ошондо көпчүлүккө эптеп баш-көз болуп жүргөнүмө азыр да сыймыктанам*. Качан сыймыктанам? — *азыр да* — мезгил бышыктооч; тутумдаш, *азыр* — тактооч, *да* — бөлүкчө; кыймыл-аракеттин мезгилин билдирди.

**180.** Схемага көңүл бургула. Сүйлөмдүн айкындоооч мүчөлөрүнүн түрлөрүн эсиңерге сактагыла. Алардын ар бирине экиден сүйлөм түзүп келгиле.

Сүйлөмдүн айкындоооч мүчөлөрү:
- аныктооч
- толуктооч
- бышыктооч



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 35-§. СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ БОЮНЧА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Адегенде сүйлөмдүн баш мүчөлөрү табылат (булардын ичинен баяндоочту биринчи табуу керек). Андан кийин баяндооч аркылуу суроо берилип, айкындооч мүчөлөр өз ирети менен көрсөтүлөт. Аныктоочту табууда суроо зат аркылуу берилүүгө тийиш.


ООЗЕКИ ТАЛДООНУН ҮЛГҮСҮ

1. Асмандагы Ай алсыз нурун ай-ааламга чачыратты. — Эмне болду? — *чачыратты* — баяндооч; эмне? — Ай — ээ; кайда чачыратты? — *ай ааламга* — орун бышыктооч; эмнесин чачыратты? — *нурун* — толуктооч; кандай нурун? — *алсыз* — аныктооч; кайсы Ай? — *асмандагы* — аныктооч.

2. Ысык-Көл деген — чалкып жаткан көк деңиз. — Эмне? — *деңиз* — баяндооч; эмне деген? — *Ысык-Көл деген* — ээ; кандай деңиз? — *чалкып жаткан көк* — аныктооч.

3. Жазында, тоо таянып, малчылар көчүп кетишет. — Эмне болушат? — *көчүп кетишет* — баяндооч; кимдер көчүп кетишет? — *малчылар* — ээ; кантип көчүп кетишет? — *тоо таянып* — сыпат бышыктооч; качан көчүп кетишет — *жазында* — орун бышыктооч.

ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨ ТАЛДООНУН ҮЛГҮСҮ




**181.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча оозеки талдоо жүргүзгүлө. Айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар?

1. Сөз — улуу тарбиячы, акылман насаатчы. 2. Демек, сөз баарынан күчтүү. 3. Ошон үчүн сөз билген адам улуу деп эсептелет. 4. Адам баласы сулуу болуп жаралган. 5. Жылуу сөз анын ажарын ого бетер ачат. («*КБ*») 6. Алаканын шак коюп, Талап ордунан турду. 7. Ал дагы — бирөөнүн алмончоктой



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

баласы. («*АТ*») 8. Кайран энең Каныкейдин көзүнүн жашы он талаа. («*Манас*»)

**182.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле: а) сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнүн ортосунда ыкташуу байланышы бар? б) башкаруу байланышы кайсы мүчөлөрдүн ортосунда болот? в) баш мүчөлөр—бири-бири менен кандайча байланышат?

Карымшак Боомдун капчыгайына жалгыз келатат. Жалгыз жолоочуга жол арбымак өзүнчө бир балакет. Кеч күзгө чейин мөңгүсү эрибеген бийик тоолордун ала моюн кыл чокулары алыскы бийиктен бүлбүл көрүнөт. (С.Рыскулов).

Үлгү: *Карымшак Боомдун капчыгайына жалгыз келатат. Бул сүйлөмдө төрт сөз айкашы бар.*

1. Карымшак келатат — ээрчишүү
2. Боомдун капчыгайына — таандык байланыш
3. Жалгыз келатат — ыкташуу байланыш
4. Капчыгайында келатат — башкаруу байланыш

**183.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

БАКА МЕНЕН ЧЫЧКАН

Ошентип, бака менен чычкан дос болду. Күндөрдүн биринде бака чычканды конокко чакырды. Бака жээктен сууну көрүп, чыдабай секирип түштү. Ал сүзүп жөнөдү. Артынан чычкан да секирүүгө камынат. Бирок сүзгөндү билбей, суудан аябай тумчугат. Акыры эптеп суунун аркы четине чыгат.

Ошондон кийин чычкан конокко барбай койду.

**184.** Окугула. Чакчыл түрмөктү тапкыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү? Ага сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Тыныш белгисинин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Ажар, кыбырап ордунан туруп, жолуна түштү. Түн кирди. Сулуу Ай чыгыш жактан көтөрүлдү, алтын бууга боёлуп, мээримсиз караңгылыкты алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да жылмайып койнун ачып, кучагын жайып, Ажарга жол берди.

Ажар бир аз жол жүргөндө, артынан көп нерсенин улуганы угулду. Ажардын жүрөгү дүпүлдөп, оюна коркуу сезимдери келди. (*К.Б.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин кайсы мүчөлөр түзөт?
2. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөргө мисал келтиргиле.
3. Баяндооч көбүнчө кайсы сөз түркүмүнөн болот?
4. Кайсы учурда баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлат?
5. Жандама мүчөгө мисал келтиргиле.
6. Аныктооч эмнени билдирет, зат менен кандайча байланышат?
7. Аныктооч менен бышыктоочтун айырмасы кандай?
8. Толуктооч сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышат?
9. Бышыктооч эмнени билдирет?
10. Чакчыл түрмөк сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болот?
11. Атоочтук түрмөк сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болот?
12. Сүйлөм мүчөлөрү түзүлүшүнө карай кандай болуп бөлүнүшөт?
13. Толуктооч менен бышыктоочтун айырмасы эмнеде?
14. Сүйлөм мүчөлөрүнүн түзүлүшү жөнүндө эмне билесиңер?

## 36-§. СҮЙЛӨМДҮН БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРҮ

Бир өңчөй мүчөлөргө мүнөздүү белгилер;

а) бирдей суроого жооп беришет;

б) бирдей сүйлөм мүчөлөрү болушат;

г) бирдей формада келишет (уңгу түрүндө же мүчө уланган түрүндө).

Бир өңчөй мүчөлөр өз ара тең укукта болуп, бири экинчисине багынбайт.

Мисалы: 1. *Жыйырма сегиз баатырдын ичинде **орустар, казактар, кыргыздар** бар эле. (Ж.Б.)* 2. *Ажар арт жагын **карайт, жүгүрөт, шашат.*** (*К.Б.*) 3. ***Жуунуп, таранып** мектепке баралык.*

Биринчи сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр: *орустар, казактар, кыргыздар* (кимдер?)—ээ, зат атооч, уңгу түрүндө. Экинчисинде; *карайт, жүгүрөт, шашат* (эмне кылат?) —баяндооч, этиш. Үчүнчүсүндө: *жуунуп, таранып* (кантип?)—бышыктооч, чакчыл этиш.

Бир өңчөй мүчөлөр затты, кыймыл-аракетти жана алардын белгилерин санап көрсөтөт, ошондуктан саноо интонациясы менен айтылып, жазууда алардын араларына үтүр коюлат.

Ошентип, *сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип, синтаксистик бирдей милдет аткарып, сүйлөмдүн бир гана мүчөсү менен байланыш-катыш жасаган жана өз*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*ара тең байланышта келген сүйлөм мүчөлөрү* бир өңчөй мүчөлөр *деп аталат.*

Кыргыз тилинде сүйлөмдүн бардык мүчөлөрү бир өңчөй болот.

| | Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1 | Бир өңчөй ээ | *Байкемдин ордун басып,* ***иним, жеңем, сиңдим, агайындар*** *турбайбы* (Ш.С.) |
| 2 | Бир өңчөй баяндооч | *Адам үчүн адамгерчилик –* ***асыл кымбат***. (К.Ж.) |
| 3 | Бир өңчөй аныктооч | ***Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам*** *гана баарын жеңет* |
| 4 | Бир өңчөй толуктооч | *Мен сенин* ***билимиңди, тажрыйбаңды, адамгерчилигиңди*** *сыйлаймын* (Т.С.) |
| 5 | Бир өңчөй бышыктооч | ***Бизден*** *да,* ***шаардан*** *да жүздөн ашык киши алып барышкан экен* (М.Э.) |

**185.** Бир өңчөй мүчөлөрдүн саноо интонациясын туура сактап, текстти көркөм окугула. Бир өңчөй мүчөлөргө мүнөздүү белгилерди атагыла. Текстте кептин кайсы түрү колдонулду?

Балага мээрим дүйнөдөгү жалпы жанзаттарга мүнөздүү. Куштар да, айбандар да өздөрүнүн балдарын эркелетет жана этияттап бойго жеткирет. Бирок перзент алдындагы милдетин аң-сезимдүү жана жогору даражада өтөө бир гана инсанга мүнөздүү.

Биздин улуттук салттарыбызда да ата-эненин перзент алдындагы милдети алгач ага ат коюу, аны багуу, үстүн бүтүн кылуу, өнөр, илим үйрөтүү, жакшылардын катарына кошуу, бойго жеткенде үйлүү-жайлуу кылуудан турат. Ененин милдети баласына ак сүтүн берүү, энелик мээримин берүү, аны таза кийинтүү жана ооруга чалдыктырбастан тарбиялоодон турат. Бул милдеттерди ата-энеден бөлөк эч ким аткара албайт. Мисалы, бирөөнүн баласына башка бир аял анын энесиндей алдей айта албайт. Ененин алдейинде анын бар мээрими баяндалган. Же болбосо эч ким өзүнүн атасындай башын сылап насыят кыла албайт. Ошондуктан да бул өтө татаал милдет.

**186.** Схемага көңүл бургула. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү бирдей суроого жооп берерин, бирдей сөз түркүмүнөн болорун, бирдей жөндөмөдө келерин жана бир эле сөзгө байланышарын эсиңерде сактагыла.

*Коңур күз Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жел — кытыгылады, эркелетти, ойготту. — эмне кылды?


*Укук мыйзамы карыяларга да, жаштарга да бирдей талап коёт.*

Кимдерге? — карыяларга, жаштарга — бирдей талап коёт.

**187.** Окугула. Бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү? Кайсы сөз түркүмүнөн болушту?

1. Бул адамда каармандык да, жөнөкөйлүк да, уялчаактык да бар эле. 2. Бүгүнкү Алабаш аймагы шандуу, көңүлдүү, келечектүү. 3. Бардык күч-кубатты, өнөрдү, илим-билимди эл үчүн берер мезгил келди. 4. Атмосферада, космосто, суу[1] астында ядролук сыноолорго тыюу салуу керек. 5. Жума таенем кызыл жүздүү, арык чырай, кайраттуу адам эле. («*АТ*»)

**188.** Схеманы пайдаланып, мааниси жактан бири-бири менен байланышкан бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзгүлө.




**189.** Окугула. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдү таап көчүргүлө. Бир өңчөй мүчөлөргө тиешелүү белгилерди атагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АДАМЗАТ ЭНЕ СҮТҮНӨН ЖАРАЛГАН

Энелер — нарк-насилдүү, оор басырыктуу, айкөл адамдар.

Дени сак улут эне аркылуу калыптанат. Саламаттык, бейпилдик, токтоолук энелер аркылуу келет. Ошон үчүн «эне таманы турган жер — бейиш» дешкен эмеспи акылман бабалар. Эне мээримине, аруулугуна эч нерсе теӊ келе албас, анткени эне адамзаттын башына түшкөн кыйынчылыкты жер сыяктуу кебелбей көтөрүп келет.

Кыргыз элинин нарк-насилин, каада-салтын жүрөгүндө кыттай сактаган, карылык дөөлөтү жүзүнөн төгүлгөн апаларды ким билбейт! Алардагы ички маданият, табигый жөнөкөйлүк кимди гана суктандырбайт! Ылайым, Каныкей, Курманжан, Толгонай сыяктуу энелерибиз эл ичинде аман болсун. Дайыма бар болуӊуздар, касиеттүү энелер! («*КТ*»)

Үлгү: *Энелер — нарк-насилдүү, оор басырыктуу, айкөл адамдар*. Кимдер? — *адамдар* — баяндооч; кандай адамдар? — *нарк-насилдүү, оор басырыктуу, айкөл* — бир өӊчөй аныктоочтор кандай деген бирдей суроого жооп беришти, сын атоочтон болду; *адамдар* деген баяндооч менен байланышты.

**190.** Сүйлөмдүн бир өӊчөй мүчөлөрүн тапкыла, алар кандай мааниде колдонулат? Саналып айтылган сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү?

1. Бир кезде Асан айткан айыл өзгөрдү, өстү. (*Т.С.*) 2. Адамдын сезимин, мүнөзүн, көз карашын, жүрүш-турушун тарбиялоодо айлана-чөйрөнүн таасири зор. Шашкеде[3], чак түштө бешимде, кечинде күндүн күч-кубаты ар башкача болот. Ошондой эле адам баласы да өз өмүрүнүн шашкесин, чак түшүн, бешимин, кечин жашайт. (*Ш.Б.*) 3. Тоолор чоӊ элечек оронгон энедей бейпил, сүйкүмдүү жана кооз. 4. Арча кышында да, жазында да, жайында да көгөрүп турат. 5. Кучак жайып солдатка жүгүрүп бараткаңыбызда биз өзүбүз менен кошо бүт турмушубузду, азап-тозогубузду, дайрадай[3] аккан көз жашыбызды, кайратыбызды алып бара жаттык. (*Ч.А.*)

**191.** Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын бир өӊчөй мүчөлөрдүн маанисинде колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Бир өӊчөй мүчөлөрдүн грамматикалык белгилери жөнүндө айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1) Фергана, Андижан, Наманган; 2) Сырдарыяда, Амударыяда; 3) кызыл сары, ак гүлдөр; 4) ырдоо, бийлөө; 5) ойго, тоого, тескейге, күңгөйгө саякат жасоо; 6) эрктүү, чыдамдуу жана кайраттуу; 7) мен да, сен да; 8) эмгек менен тынчтык.

**192.** Сүйлөмдү бир өңчөй мүчөлөр менен толуктап көчүрүп жазгыла. Тыныш белгилерин койгула. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарышты?

1. Зат атооч... маани берүүчү сөз түркүмдөрү болуп эсептелет. 2. Кызматчы сөздөргө булар кирет: ... 3. ... — сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. 4. ... — сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү. 5. Синтаксистик байланыштын түрлөрү булар: ээрчишүү, ... 6. Кептин түрлөрү булар: ...

Үлгү: *Зат атооч, сын, сан, ат атооч, этиш, тактоочтор маани берүүчү сөз түркүмдөрү* болуп эсептелет. Бир өңчөй мүчөлөрдүн араларына үтүр коюлду, алардын баары сүйлөмдө ээлик милдетти аткарышты.

**193.** **Да, жана, менен, ары, же** байламталарын колдонуу аркылуу бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм түзгүлө. Бул үчүн төмөнкү схемаларды негиз катары пайдалангыла.

1. ○ ← □ да, □ да, □ .
2. □ жана □ ← ○ .
3. □ менен □ → ○ .
4. ары □, ары □ → ○
5. же, □ же □ → ○ .

**194.** көнүгүү. Окуп, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү жана кайсы сөз түркүмүнөн жасалды?

1. Жайында ак, кызыл, көк, сары гүлдөр бажырайып ачылат. 2. Дүйнөдөгү ардактуу, кымбаттуу адам – эне. 3. Анын ырдаганы, сүйлөгөнү, бийлегени мага жагат. 4. Алина, Айдана жана Адеми класстагы үлгүлүү окуучулардан. 5. Асел да, Айнура да, Арлен да эмгекте үлгү көрсөтүштү.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 37-§. БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ ЖАНА ТЫНЫШ БЕЛГИСИ

Бир өңчөй мүчөлөр бири-бири менен интонация жана байламталар аркылуу байланышат: 1. *Дүйшөнкул* ***тартиптүү, кайраттуу*** *жоокер болду.* (Ж.Б.) 2. ***Клубда да, кампада да, сарайда*** *да өчпөс шамдар күйүп турат.*

Бир өңчөй мүчөлөр 1-сүйлөмдө ***интонация***, экинчисинде ***да*** байламтасы аркылуу байланышты.

Байламаталар менен байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдө үтүр төмөнкүдөй коюлат (төрт бурчтук шарттуу белги бир өңчөй мүчөлөрдү билдирет):

1. Байламта бир нече ирет кайталанып, өзүнөн мурдагы сөзгө тиешелүү болсо, үтүр байламтадан кийин коюлат: *Жапарды* ***Айша да, Уулкан да*** *чоң кубаныч менен тосуп алышты.*

□ да, □ да

2. Байламта бир нече ирет кайталанып, өзүнөн кийинки сөзгө тиешелүү болсо, үтүр байламтадан мурда коюлат (же байламтасы бир эле жолу келсе, үтүр коюлбайт): *Төрт түлүк мал же* ***Ичкетөр, же Коңурөлөң*** *ашуулары аркылуу Каракужурга ашат.*

же, □ же □

3. ***Жана, менен*** сыяктуу кайталанбас байламта байланыштырса, үтүр коюлбайт: *Өлкөгө* ***дарыгерлер*** жана ***мугалимдер*** *керек.*

□ жана □

**195.** Окугула. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн тапкыла. Алар бири-бири менен кандайча байланышты? Жазууда тыныш белгиси кайсы жерге коюлду?

Өз ара аңгемелешүүдө, баарлашууда, талкуу учурунда айтылган кепке, маселеге карата ар кандай көз караштар, ойлор болушу толук ыктымал. Мындай шартта, бирөөнүн оюн билүү, өз оюн билдирүү, калыс сүйлөө, уга билүү сыяктуу кеп адептерин билген адам эч качан өзүн да, бирөөнү да ыңгайсыз абалда калтырбайт. Талаш-тартыштагы кеп адебин билүү анын канчалык деңгээлде адептүү, маданияттуу экендигин көрсөтүп турат.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айрым бир нерсе жөнүндө талаш-тартыш жүрүп калса, эч качан орой, осол сөздөрдү айтпоо керек. «Жылуу сөз жүрөктөгү музду да эритет», «Тилден уу да тамат, бал да тамат», «Тилдин сөөгү жок» деген сыяктуу кыска, бирок нуска накыл кептерде айтылгандай, ар бир сөздү орду менен, маани-маңыздуу, жылуу-жумшак, сылык, уккулуктуу, жагымдуу үн менен сүйлөөгө аракет кылуу керек. Чукчуңдап, көңүлгө катуу тиер сөздөрдү айтып, колун кезеп, көзүн чакчайтып, үнүнүн барынча кыйкырып, заарын чачып сүйлөө — жеткен адепсиздик.

**196.** Байламталар аркылуу байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдүн жадыбалына көңүл бургула. Аларда үтүр белгисинин коюлушун эсиңерге сактагыла.

| № | Байламталар | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. | Байланыштыргыч: *да, дагы, менен, жана, ары, нары* | Жоокерлер *кун да, түн да* чек араны кайтарышат. |
| 2. | Ажыраткыч: *же, же, болбосо* | Балдар *же* ***бирден,*** *же* ***экиден*** көчөт отургузушту. |
| 3. | Каршылагыч: *бирок* | Ал ***кичине,*** *бирок* **чымыр күчтүү.** |

**197.** Байламта аркылуу байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдү колдонуп, катардагылардын ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Тыныш белгисинин коюлушун түшүндүргүлө.

1) же зоотехник, же дарыгер, же мугалим; 2) энелер да, окуучулар да; 3) «Гулхан» жана «Гунча» журналы; 4) Чолпонбай менен Дүйшөнкул; 5) ары тартиптүү, ары эстүү, ары кичи пейил; 6) татаал, бирок кубанычтуу; 7) кыска, бирок мазмундуу.

**198.** Текстти окуп, бир өңчөй мүчөлөр кандайча байланышканын түшүндүргүлө. Кандай интонация менен окулганын байкагыла.

Мал багуу – кыйын, жооптуу жумуш. Кышында аларга жем, чөп берилет. Жайында жайлоого чыгарат, откорот. Адамдар жайлата чөп чаап, кургатып жыйнайт. Жайыттан келгенде аларга чөп да, жем да берилет. Короону кыш түшө электе жылуулап, тазалап даярдашат. Ошентип, мал кышында үшүбөй, ток болот. Аларды адам багат, карышкырдан кайтарат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**199.** Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр өз ара кандай жол менен байланышканын айтып бергиле.

1. Козу, улак, музоо, кулун, тайлактар жаңы туулганда энесинин уузун эмишет. 2. Төрөлгөндө отугат да, чөп жегенге үйрөнүшөт. 3. Кыздар сулуу да, акылдуу да, билгич да, тартиптүү да болушат. 4. Койдун жүнүн машина менен да, кайчы менен да кыркышат. 5. Карагай менен арчалар дайыма жапжашыл. 6. Жамгыр да, кар да булуттан түшөт.

**200.** Көчүргүлө. Сөз түркүмү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. *Менен, да, жана* деген сөздөрдүн морфологиялык белгисин жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Эрдин көркү — эл менен, эмгегиң менен элге жак. (*Т.*). Мен орден жана медалдар менен сыйландым. 3. Эрме чөл менен тоолордо электр нуру жайнады. (*Ж.Б.*) 4. Мыскал керилген тоолорго да, көгөргөн көлгө да суктана карайт. 5. Бир аздан кийин Шамбет да сөзгө аралашты. (*Т.С.*) 6. Жана Сагындык эмне деди?

**201.** Көчүргүлө. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн таап, аларга тиешелүү тыныш белгини койгула. Тыныш белгинин коюлуш шартын түшүндүргүлө.

Балдар — турмуштун келечеги. Келечектин жумушчулары да мугалимдери да агрономдору да жазуучулары да окумуштуулары да балдардын катарынан өсүп чыгат. Ошондуктан биздин республикада жаш жеткинчектер менен бөбөктөргө бардык жагынан камкордук көрүлөт. Балдардын же билимдүү же кайраттуу же чымыр денелүү болуп өсүшүнө толук шарттар бар. Алар адамгерчиликтин ынтымактуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтүүгө тийиш. Кымбаттуу балдар, талыкпай окуй бергиле.

**202.** *Да, же, бирок* байламталарын пайдаланып, өзүңөр бир өңчөй мүчөлүү жөнөкөй сүйлөм (ар бирине экиден) түзүп келгиле. Байламталардын кызматын жана тыныш белгилердин коюлушун түшүндүргүлө.

**203.** Схемага карата бир өңчөй мүчөлүү жөнөкөй сүйлөм түзгүлө. Алардын тыныш белгиси жөнүндө айтып бергиле.

1. □ , □ , □

2. □ да, □ да, □ да



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. ☐ , бирок ☐ , ☐

4. ☐ менен ☐

## 38-§. БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛҮҮ СҮЙЛӨМДӨГҮ ЖАЛПЫЛАГЫЧ СӨЗ ЖАНА ТЫНЫШ БЕЛГИСИ

Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин жалпылаган жана чечмелеген сөздөр да болот. Булар жалпылагыч сөз деп аталат.

Бир өңчөй мүчөлөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болсо, жалпылагыч сөз да сүйлөмдүн ошол мүчөсү болот. Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда да, кийин да келет.

Мисалы: 1. *Биздин ураанабыз булар: тынчтык, достук, бир туугандык*. Эмне? — *тынчтык, достук, бир туугандык* — бир өңчөй ээлер; жалпылагыч сөз — *булар* — ээ.

2. *Ала-Тоонун атыр жыттуу абасы мага да, сага да —* ***баарыбызга*** *ден соолук тартуулайт*. Кимге тартуулайт? — *мага, сага* — бир өңчөй толуктооч, жалпылагыч сөз — *баарыбызга* — толуктооч.

Жалпылагыч сөздө тыныш белгиси төмөнкүдөй коюлат:

▨ — шарттуу белги жалпылагыч сөздү билдирет.

1. Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда келсе, өзүнөн кийин кош чекит коюлат: *Ал жерде* ***баардыгы:*** *дарыя да, токой да бар*. (*Т.С.*)

▨ : ☐ да, ☐ да

2. Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе, өзүнөн мурда сызыкча коюлат. *Беккул, Эшпай —* ***экөө*** *бөлүнүп кетти*. (*М. Э.*)

☐, ☐ — ▨

### Касым Тыныстанов (1901—1938)

Касым Тыныстанов — маданият жана эл агартуу ишмери, педагог жана акын, көрүнүктүү түркөлог. Ал терең билимдүү инсан болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыргыз тили боюнча мектептер үчүн биринчи окуу программаларын жана окуу китептерин («Кыргыз тилинин морфологиясы», 1934; «Кыргыз тилинин синтаксиси», 1936) жазган, орфографиялык эрежелерди калыптандырууга негиз салган.

Ошентип, К. Тыныстанов кыргыз тил илиминин өсүп-өнүгүшүнө зор эмгек сиңирген.

Кыргыз эли Чолпон жылдыздай жаркыраган залкар уулун ар дайым эскерет.

**204.** Көчүргүлө. Бир өңчөй мүчөлөр менен жалпылагыч сөздөрдүн тыныш белгисин койгула. Алардын эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. Гүл токой күмүш кайың мырза терек баардыгы салты менен турса керек. 2. Тянь-Шань Тогузторо Алай Кабак баарына бул Фрунзе берген сабак. (*А.Т.*) 3. Максатташ үч кара ниет[1] Түркүн Сейнеш Журтбек катуу айыпка тартылсын. 4. Алгачкы келген төртөөнүн экөө Досоева Ира Байсалова Түгөл маңдайлары жарык чыгышты. (*Ш.Б.*) 5. Аялдар саламаттык сактоодо[3] илим менен техникада адабият менен искусстводо баардык жерде эмгектенип жатышат.

**205.** Көп чекиттин ордуна жалпылагыч сөздү таап жазгыла да, тыныш белгисин койгула. Жалпылагыч сөздүн сүйлөмдөгү ордуна көңүл бургула. Кош чекит же сызыкча белгисин коюуда эмнени эске алабыз?

1. Ой да, кыр да, тоо-таш да ... аппак. Бүгүн күн чайыттай ачык. Күңгөй, тескей ... килемдей кулпурат. 2. ... өз жайында эл-журт да, бала-бакыра да. (*Т.С.*) 3. Сакалы куудай агарган карыялар, эңкейген кемпирлер, кыз келиндер ... Дүйшөнкулду узатууга келишкен. Дүйшөнкул ... тууган эли, өскөн жери, үй-бүлөсү менен коштошту. 4. Булбул, торгой ... кетип, андан жору, кузгун, сагызган ... калды. (*Р.Ш.*)

**206.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү жана сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Жалпылагыч сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Анын бир өңчөй мүчөлөрдөн айырмасы барбы? Салыштыргыла, түшүндүргүлө.

1. Адам баласы өзүнө керектүү эгинди, чөптү, жашылчаларды — баарын[2] жерден алат. 2. Ошон үчүн жерди иштетүү, пайдалануу жана сактай билүү керек. («*А*») 3. Акылбек аба, биз үчөөбүз эгиз туулган козуларды алып келдик. 4. Барган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сайын Арзымат экөөбүздүн[2] ортобуздагы көз караш жылуу тартат. (*К.Ж.*) 5. Төмөн жакта бардыгы: тоо кыркалары, ири дарыялар, калың токойлор, деңиздер дапдаана көрүнүп турат. («*КМ*»)

**207.** Көчүргүлө. Бир өңчөй мүчөлөрдүн жана жалпылагыч сөздүн тыныш белгисин койгула жана аны түшүндүргүлө. Жалпылагыч сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

1. Биздин айылда буудай кызылча жашылча баары өсөт. 2. Азыр баары өмүр да, жер да кайрадан жаңырууда. 3. Чын эле, сен Табылдысыңбы же башкасыңбы? 4. Сатардын же айылга же шаарга кеткени белгисиз. («*АТ*») 5. Ушул жерге келген бүт эл аял-эркек улуу-кичүү тигил аялдан көздөрүн алышпайт. (*Т.С.*)

Үлгү: *Биздин айылда буудай, кызылча, жашылча — баары өсөт. — Буудай, кызылча, жашылча* — сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, ошондуктан алардын араларына үтүр коюлду; *баары* — жалпылагыч сөз, бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келгендиктен өзүнөн мурда сызыкча коюлду; эмне? — *баары* — ээ.

**208.** Текстти көркөм окугула. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү гана көчүрүп жазгыла. Ошол сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Ширактын өз Мекенин кара ниеттүү күчтөрдөн сактаганы, Тумаристин баатырдыгы, Нажмиддин Кубра, Жалилиддин Мангуберди, Амир Темур сыяктуу бабаларыбыздын азаттык жолундагы күрөштөрү Мекенин канчалык даражада сүйгөнүн, ыйык билгенинин далили.

Мекенди сүйүү, анын боорундагы кымбаттуу нерселердин кадырына жетүү керек. Анын тарыхы, эли, жери теңи жок өлкө. Өзбекстан ушундай касиеттери менен да дүйнөдөгү башка мамлекеттерден ажыралып турат. Бул Мекенди көз карегиндей сактоо — ар бирибиздин милдетибиз.

**209.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн ортосунда байланыштын кандай түрлөрү (ээрчишүү, башкаруу, таандык байланыш, ыкташуу) бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

1. Ата таалими уулда болот, эне таалими кызда болот. 2. Жакшылык да сөздөн, жамандык да сөздөн. 3. Алтын, күмүш жыйнаган бай эмес, сөз билген — бай. 4. Өмүр чиркин өтөт тез, түбөлүккө калат сөз. 5. Жакшы келди дегенче, жарык келди десеңчи. Жакшылыктын жарыгын алып келди десеңчи. 6. Жакшынын жакшылыгын айт, атагы ашсын. 7. Жакшыны сыйласаң эсинен кетпейт. Жаманды сыйласаң, эшигинден кетпейт.

**210.** Схемаларга көңүл бургула. Алардын ар бирине тиешелүү тыныш белгилерин атагыла жана ал тыныш белгилердин коюлуш эрежелерин айтып бергиле.

1. [ □ □ □ ○ ]. 2. [□ жана □ ] 3. [ □ да □ да ] 4. [ Же □ же □] 5. [ ○ □ □ ]. 6. [□ □ ○ ].

**211.** Төмөнкү суроолордун ар бирине жооп катары бирден сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмдөрдө бир өңчөй мүчөлөр жана жалпылагыч сөз катышсын. Алар мүмкүн болушунча ар кандай сүйлөм мүчөсүнөн болсун жана жалпылагыч сөз менен бир өңчөй мүчөлөргө тиешелүү тыныш белгилерин туура койгула.

1. Кыргыз тилинде сөз түркүмү канча жана алар кайсылар? 2. Аныктоочтун милдетин кандай сөз түркүмдөрү аткарат? 3. Тактоочтор маанилик жактан кандай түрлөргө бөлүнөт? 4. Этиштин чактары кайсылар? 5. Сын атоочтун даражалары жөнүндө эмнени билесиңер? 6. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр кайсылар? 7. Этиштин ыңгайлары канча жана алар кандай деп аталат?

Үлгү: Толуктоочтун милдетин аткарган сөз түркүмдөрү булар: зат атооч жана заттык мааниде колдонулган башка сөз түркүмдөрү.

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Сүйлөмдүн кандай мүчөсү бир өңчөй деп аталат?
2. Бир өңчөй мүчөлөр бири-бири менен кандайча байланышат?
3. Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырган байламталарды атагыла.
4. Байламталар менен байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдө үтүр белгиси кандайча коюлат?
5. Жалпылагыч сөздүн тыныш белгиси жөнүндө айтып бергиле.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ
## ЭКИ ТУТУМДУУ СҮЙЛӨМДӨР

Түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн эки түрү бар: 1) эки тутумдуу; 2) бир тутумдуу.

Эки тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең: ээ да, баяндооч да катышып турат.

Мисалы: ***Тил*** *кылычтан* ***өткүр.*** (Мак.) Кандай?—*өткүр*—баяндооч; эмне)—*тил*—ээ; эмнеден өткүр?—*кылычтан*—толуктооч.

Ошентип, ээ жана баяндооч эки тутумдуу сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзөт.

Эки тутумдуу сүйлөм айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай экиге бөлүнөт: 1) жалаң жана 2) жайылма сүйлөм.

*Кыш келди.* Эмне болду?—*келди*—баяндооч; эмне келди? —*кыш*—ээ; жалаң сүйлөм. 2. ***Ызгаардуу*** *кыш келди.* Эмне?—*кыш*—ээ; *келди*—баяндооч; кандай кыш —*ызгаардуу*—аныктооч; жайылма сүйлөм.

### 39-§. ЖАЛАҢ ЖАНА ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМДӨР

Баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөм жалаң деп аталат.

Мисалы: Эгин-тегин жыйналды. Эмне?—*эгин-тегин*—ээ; эмне болду? —*жыйналды*—баяндооч.

Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлгөн сүйлөм жайылма деп аталат.

Мисалы: ***Быйыл*** *эгин-тегин* ***эрте*** *жыйналды. Эгин-тегин*—ээ; жыйналды—баяндооч; качан жыйналды? —*быйыл, эрте*—бышыктооч.

**212.** Көнүгүү. Берилген сөздөрдөн жалаң жана жайылма сүйлөмдөр түзгүлө.

Кыш, мектеп, сабак, окуучу, ата-эне, эмгек, адептүүлүк, сыйлоо, өнөрлүү, шамдагай, спорт, кружок, мезгил, экскурсия, стратегия, Наманган, Харезм, Сырдарыя.

**213.** Текстти окуп, жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү ажыраткыла. Сүйлөмдүн негизин түзүп турган сөздөрдү көрсөткүлө.

Бака сууну жакшы көрөт. Уругун сууга таштайт. Көнөк баштар өсөт. Башы – тегерек. Куйругу бар. Түсү – кара.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар суудагы курттарды калтырбай жеп, көлмөнү тазалайт. Эми андай суулар жок. Уругун таштоого суу таппай жүрүп, баканын тукуму уланбай калат. Баканы өлтүрсө убал болот. Зыяны жок. Ал чымын–чиркейлерди жейт. Ал адамга пайда келтирет. Бака пайдалуу.

«Балдар энциклопедиясы»

**214.** Көнүгүү. Сүйлөмдөргө жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Кар жаады. 2. Арча менен карагай тоодо өсөт. 3. Арчаны түтөтүп, үйдү аластайт. 4. Чычырканак менен четиндин ашы кышында мөлтүрөп турат. 5. Кышында бакта мөмө болобу? 6. Күздүк буудайлар кардын алдында кыштайт. 7. Жаратылыш – биздин байлыгыбыз. 8. Жаратылышка аяр мамиле жасайлы.

Талдоонун үлгүлөрү: Арча менен карагай тоодо өсөт.

1. Айтылыш максатына карай – жай сүйлөм.

2. Сүйлөмдүн негизи: эмне? – арча, карагай, – ээ; эмне кылат? –баяндооч:

3. Айкындооч мүчөлөрү: кайда өсөт? – тоодо – бышыктооч;

4. Айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай – жайылма сүйлөм;

## 40-§. ЭКИ ТУТУМДУУ СҮЙЛӨМГӨ СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

### ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экендигин көрсөтүү.
2. Түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктоо.
3. Эки тутумдуу сүйлөмдүн түзүлүшү жөнүндө айтып берүү: жалаңбы же жайылмабы?
4. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу.

Үлгү: 1. *Айлана кулпура баштады.* («*КБ*»)—Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм; грамматикалык түзүлүшү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

боюнча жөнөкөй сүйлөм: эки тутумдуу, жалаң. Эмне боло баштады? *кулпуна баштады*, баяндооч; эмне? — *айлана* — ээ.

2. *Эл сүйгөндү ким сүйбөйт?* (*Т.С.*) — Айтылыш максаты боюнча суроолуу сүйлөм; түзүлүшү боюнча жайылма сүйлөм; эмне болбойт? — *сүйбөйт* — баяндооч; ким — *эл* — ээ; кимди? — *эл сүйгөндү* — толуктооч.

**215.** Көчүргүлө. Эки тутумдуу сүйлөмгө жазуу түрүндө талдоо жүргүзгүлө.

Мен көлдүн керемет таңын тосуп отурамын. Көл толкундары эми кызыл сары нурларга боёнушат. Тоолор сары. Токойлор кызыл сары, көл сымаптай көөлгүйт. Эх[3], көлдүн керемет таңы кандай кооз! Ушундай ажайып көрүнүшүндү көрөйүн деп, сени тосуп олтурбаймынбы! («*КБ*»)

**216.** Текстти окуп чыгып, эки тутумдуу сүйлөмгө оозеки жана жазуу түрүндө талдоо жүргүзгүлө?

1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы 1992-жылы 8-декабрда кабыл кылынган. Эл аралык эксперттердин жогорку баасын алган ушул Конституция 26 бап,128 статьяны өз ичине алган алты бөлүмдөн турат. Анда Өзбекстан элдеринин бардык ой максаттары өз ордун тапкан.

2. Өзбекстанда кыш узакка созулбайт. Көбүнчө аба ным, булуттуу, суук болот. Тез-тез туман түшөт, кээде кар жаайт. Бул жерде катуу суук күндөр көп болбойт. Жамгырдуу күндөр тез-тез жылуу күндөр менен алмашылып турат.

3. Күкүк жаздын келгенин кабарлайт. Ал ысыкты да, суукту да сүйбөйт. Күкүк айыл кыштактарда, токойлордо көп кездешет. Күкүк сайрап турган чарбак жагымдуу жана кереметтүү сезилет. Эмесе, чарбак менен токойлордо күкүк сайрай берсин.

## БИР ТУТУМДУУ СҮЙЛӨМДӨР

Эки тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең: ээ да, баяндооч да катыша тургандыгы белгилүү.

Ал эми бир тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн бирөө эле катышат, же баш мүчөлөрү белгисиз болот.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисалы: 1. *Жер шары*. 2. *Түнүчүндө учуп баратабыз*.

Биринчи сүйлөмдө заттын аты жөнүндө кабар берилди, бирок баш мүчөлөрү белгисиз. Экинчисинде баш мүчөлөрдөн баяндооч гана катышты (эмне кылып баратабыз?— *учуп баратабыз* — баяндооч. Качан? — түнүчүндө — бышыктооч), ээ катышкан жок.

Бир тутумдуу сүйлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү бар: атама, жактуу, жаксыз.

## 41-§. АТАМА СҮЙЛӨМ

**Атама сүйлөм — затты, окуяны, мезгилди атап көрсөтөт.** Мындай сүйлөм атооч жөндөмөдөгү сөздөн жана сөз айкашынан жасалат.

Мисалы: 1. ***Күз.*** *Алыстан ак карлуу тоолор көрүнөт*. 2. ***Айылдын кырманы.*** *Талап элдерге эгин бөлүштүрүп берип жатат*.

Атама сүйлөмдөр: *күз* (эмне?) — жаратылыштын мезгили; *айылдын кырманы* (эмне?) — заттын аты.

Атама сүйлөмдө аны менен байланышта айтылган сүйлөмдүн мааниси зор, анткени ал аркылуу атама сүйлөмдөгү ой андан ары улантылат, тереңдетилет. Салыштыргыла: 1. ***Каракол калаасы.*** — Сөз айкашы. 2. ***Каракол калаасы.*** *Калаанын айланасы бак-дарактар менен курчалган*. («КТ») *Каракол калаасы* — атама сүйлөм.

Атама сүйлөм сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылбайт.

Сүйлөмдүн бул түрү көркөм адабияттарда көбүрөөк колдонулат.

**217.** Көчүргүлө. Эки тутумдуу жана бир тутумдуу сүйлөмдөрдү өзүнчө атап, аларга сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдөрдүн айырмасы эмнеде? Түшүндүргүлө.

1. Коштошуу минуталары ... Аз убакыттан кийин[3] булардын ар кимиси ар тарапка жөнөшөт. 2. Кыш... Ал өзүнүн ызгаарын төгүп турат. (*К.Б.*) 3. Талас... Кеңкол өзөнү. Алыстан-алыстан[3] ак карлуу тоолор көрүнөт. (*Ж.Б.*)

4. Кыш мезгили... Ала-Тоону кар баскан,
Ушундай кез... Чыккан жандар адашкан! (*Ж.Т.*)



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**218.** Окугула. Атама сүйлөмдөрдү тапкыла. Аларды эки тутумдуу сүйлөмгө айландырууга болобу? Анда айландырып көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдөрдү салыштыргыла, алардын айырмачылыгын аныктагыла.

1. Парктын бурчу... Май айы. Сан түркүн гүлдөр жайнап, айлана көрккө бөлөндү.

2. Жол... Учу-кыйырына көз жетпеген жолдор... Мына ушул жол четинде эне баласын күтүп турат. Күтүү. Күтүү бардык эле адамдарда болот. («*КБ*»)

3. Адам. Жаратылыш... Чынында, Жер эне ушул эки алп нерсени көтөрүп турат. Бул — чындык. Бул экөө бири-бирин толуктап, бири экинчисине өмүр берет. Тоо. Суу. Аба. Адамдар буларды канчалык сактай билишсе, өздөрүн да ошончолук сактай алганы. («*ЭТ*»)

Үлгү: **Класстын ичи...** *Күндүн нуру терезеге чагылышат.* — ***Класстын ичи*** *гүлдөр менен кооздолгон.*

**219.** Атама сүйлөмдү колдонуп, кыштактын көрүнүшү, тарыхый эстеликтер жөнүндө макала жазып келгиле. Ага ат койгула.

**220.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Сүйлөмдөрдүн түзүлүш өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер?

1. Түн. Таш каарыган аяз. Аязда калган жалгыз атчандай ала булуту тытылган бозомтук-муздак асманда бир четинен бөксөргөн муздак ай.

Кыштын узун түнүн жамынып, ичине албан түркүн сыр катып, түнөрүп жаткан Кашкар.

Ала булуттуу асмандын бозомтук көгүлтүр көлөкөсү түшкөн ийри көчөлөрдөн эрбең-сербең чыга түшкөн караандар.

**221.** Сөз жана сөз айкаштарынын ар бирин атама сүйлөмдүн маанисинде колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Атама сүйлөмдүн өзгөчөлүгүн аныктагыла.

Манастын ордосу, салкын аба, 2019-жыл, кыш айларынын бири, алмалуу калың бак, мына асман тиреген үйлөр, март айы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 42-§. ЖАКТУУ СҮЙЛӨМ

**Жактуу сүйлөм — бир тутумдуу сүйлөмдүн бир түрү.** Бул сүйлөмдө ээ катышпайт да, сүйлөм этиштик баяндоочтон түзүлөт. Баяндоочко, I, II жактын жак мүчөсү уланат же ал этиштин буйрук, шарттуу, каалоо-ниет ыңгайларынан болот.

Мисалы: 1. *Сүрөт тартыш үчүн айылга эки-үч күн мурунураак* ***бардым***. — Эмне кылдым? — *бардым* — баяндооч — биринчи жактын мүчөсү (бар + ды + м) уланып турат. 2. ***Жүгүр!*** *Артынан* ***сүйөп жибер.*** (*Ч.А.*) Баяндоочтор: *жүгүр, сүйөп жибер*. Этиштин буйрук ыңгайынан (II жак) болду. Баяндоочко уланган жак мүчө аркылуу ээлик милдет аткаруучу жактама ат атооч өзүнөн өзү эле белгилүү болуп турат: *Ошол жылы Субанкулга* ***жолуктум.*** (*Ч.А.*) Эмне болдум — *жолуктум* — этиштик баяндооч, ага **-м** деген I жактын мүчөсү уланды. Ушуга байланыштуу ***мен*** деген ээнин катышпай калганы белгилүү болду.

**222.** Окугула. Жактуу сүйлөмдү көрсөткүлө. Анын түзүлүшү кандай болот? Баяндоочко уланган жак мүчөлөрдү аныктагыла.

1. «Сарыбай» деп сырттан уккан менен үйүн көргөн эмесмин. Бардым. Мен кирип токтогон алдыңкы бөлмөсүндө чымкый башайы-макмалдын үстүндө, жашыл тукаба чапанын желбегей жамынып, көөлгүгөн бир зайып олтурат. Башында заңкайган торгун элечек Байбиче ушул экенин байкадым.

Бир нан, жети тыйынды алгандан кийин жолума түштүм. (*М.Э.*)

2. Ак саманды жаман деп,
Чөптү кайдан табасың?
Аз дүйнөнү жаман деп,
Көптү кайдан табасың? (*Т.*)

**223.** Жактуу сүйлөмдү таап көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Мында баяндоочтон башка сүйлөмдүн дагы кайсы мүчөлөрү катышты?

1. Жайнагым ачык-айрым жигит болду. Жаңы заманда тилегибизге жеттик. Үч уулдуу болдук². — Ооба, Толгонай, энелик үзүрдүн эң сонун мезгилин ошондо, баштагансың! Сен анда, баралыңа жетип, толуп турган күчтүү аял элең. Жумушту да, жаштардан калышпай, кыйын иштөөчүсүң². — Ооба, дыйкан талаам, сен баарына күбөсүң. Ар дайым ниетим жакшы болчу. (*Ч.А.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**224.** Жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара салыштыргыла. Кайсынысы эки тутумдуу? Кайсынысы бир тутумдуу сүйлөм? Айырмасы эмнеде?

1. Быйылкы окуу жылында университетти бүтүрөмүн. — Мен быйылкы окуу жылында университетти бүтүрөмүн. 2. Ата-бабаларыбыздын салт-санаасын кубаттайбыз. 3. Бар, кагылайын! Ок өтпөс бек бол да, жоо өтпөс чеп бол. — Бар, кагылайын! Сен ок өтпөс бек бол да, жоо өтпөс чеп бол. 4. О-о, кадырлуу агайындар! Мында ынтымак менен иштегиле! — О-о, кадырлуу агайындар! Силер мында ынтымак менен иштегиле. 5. Уюткулуу элдин тукумусуз. — Сиздер уюткулуу элдин тукумусуздар.

**225.** Сөз айкашындагы этиш сөздү тиешелүү чакка коюп, ага биринчи жана экинчи жактын жак мүчөсүн улап, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Сөз айкашы менен сүйлөмдүн айырмасын аныктагыла.

Саякаттан келүү, шаардын музейлеринде болуу, балдарды мектепке алып келүү, улууларды урматтоо, Мекенге кызмат кылуу, чечкиндүү сүйлөө, жогорку окуу жайына өтүү, классташтар менен кезигүү.

Үлгү: *Саякаттан келүү* — сөз айкашы. — *Саякаттан келдим* – сүйлөм. Сөз айкашы — бул түшүнүк, мында баш мүчөлөр болбойт; ал эми сүйлөм бар; этиштик баяндооч белгилүү бир чакта жана жакта турат.

**226.** Окугула. Сүйлөмдүн негизин түзгөн баш мүчөлөрдү тапкыла. Мында жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар? Бир тутумдуу сүйлөмдүн кайсы түрүн өздөштүрдүңөр? Тексттен мисал келтиргиле.

НООРУЗ

Нооруз. Ал бизге жазды алып келди. Жаз менен кошо жаратылышка жан кирди. Бул күн — улуу күн. Ушул күнү Жер эненин дем алганын угабыз. Куштардын сайраган үнү ... Салкын аба... Карачы? Айланага жан кирген сыяктуу. Биздин сезимибизде Мекен жөнүндөгү түшүнүк уяласын.

Ошол күнү балдарга өзүңөрдүн Ата Мекениңерди, эне тилиңерди сүйгүлө деп айтамын. Биз жаштарга ишенебиз. Ак жолтой Нооруз келе берсин. Алас, алас. Ар балээден калас! («*КТ*»)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 43-§. ЖАКСЫЗ СҮЙЛӨМ

Жаксыз сүйлөм да — бир тутумдуу сүйлөмдүн бир түрү. Жактуу сүйлөм сыяктуу, бул сүйлөмдө да ээ катышпайт. баяндооч гана бар.

Баяндооч III жактагы этиштен же башка сөз түркүмүнөн болот.

**Аракет кылуучу жагы болбогон, сүйлөмдүн бардык белгилери баяндооч аркылуу гана берилип турган сүйлөм жаксыз сүйлөм деп аталат.**

Мисалы: 1. *Уулду* ***төрөйт,*** *уятын кошо төрөбөйт.* 2. *Бул ишти бир күндө* ***бүтүрүүгө мүмкүн эмес.*** *(«КБ»)* Баяндоочтор: *төрөйт, кошо төрөбөйт, бүтүрүүгө мүмкүн эмес.*

Бул сүйлөмдөрдө ээ катышкан жок.

**227.** Окугула. Сүйлөмдөрдү өз ара салыштыргыла. Кайсынысында баяндооч гана бар, ээ жок? Мындай сүйлөм кандайча аталат?

1. Айылдагылар кош айдоого даярдык көрүп жатышат[2] — Айылда кош айдоого даярданып жатышат.

2. Мен Чырчыктагы туугандарыма баратамын. 3. Ач адамды тойгузууга болот, ач көздү тойгузууга болбойт. 4. Жакшы деген бир атты жууса кетпейт, жаман деген бир атты кууса кетпейт. (*Мак*.) 5. Болжолу, чоң энем мени эне тилди сүйүүгө үйрөтүп жатты. Чынында, эне тилдин сыйкырдуу сырын, кудуреттүү күчүн айтып түгөтө албайсың. Ал жаш балага эбегейсиз ыракат тартуулайт. (*Ч.А.*)

**228.** Өзүңөр жаксыз сүйлөмгө беш мисал ойлоп жазып келгиле. Ал бир тутумдуу сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн кандайча айырмаланат? Түшүндүргүлө.

**229.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Кайсы сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең, кайсынысында бирөө эле катышты? Алар жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү болот?

УЧКУЛ СӨЗДӨР

1. Адепти кимден үйрөндүң? — Алепсизден үйрөндүм. 2. Жакшы жакшыга жанаштырат. Жаман жолдон адаштырат. 3. Жаманга жанашпа, жакшыдан адашпа. 4. Аргымак бирде жалдуу, бирде жалсыз. 5. Кылычынан кан тамганды, тилинен бал менен жеңиптир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**230.** Сүйлөмдүн түзүлүшүн өзгөртүп түзүүгө болобу? Болсо өзгөртүп түзгүлө. Сүйлөмдөрдү бири-бирине салыштыргыла. Айырмачылыгын аныктагыла.

1. Жаздын жаркыраган күнүндө балдар[2] үйдө олтура алышпайт. 2. Мен түн бою[1] уктабай чыктым. 2. Ал биздин ийгиликтерге ишенбейт. 3. Сен шахматты жакшы ойноого үйрөн. 4. Биз эртең тоого барабыз. 5. Алым окууга кетти.

Үлгү: *Жаздын жаркырган күнүндө балдар үйдө олтура алышпайт.—Жаздын жаркыраган күнүндө балдарга үйдө олтурууга болбойт.*

**231.** Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла: а) жалаң; б) жайылма; в) атама; г) жактуу; д) жаксыз. Бул сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшү кандай?

1. Жалгыз аяк жол менен Батма кыштакгы көздөй келе жатат. Батманы карагылачы! Жакшылап карасаң 2. Тоолор... Биздин тоолор! Тоолордон бүркүт шаңшыды. (*Жус.*) 3. Элге сүйгүнчүлүктүү болуу керек. 4. Адамды кийиминен таанybaйт, ишинен таанyйт[2]. 5. Оор иштен коркпо, оор сөздөн корк.

**232.** Схеманы дептериңерге чийип алгыла. Бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрүнө көңүл бургула. Алардын ар бирине экиден сүйлөм түзүп келгиле. Бир тутумдуу сүйлөмдөр баш мүчөлөрдүн кайсынысынан түзүлөт?

Бир тутумдуу сүйлөмдөр — атама / жактуу / жаксыз

**233.** Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле: а) баш мүчөлөрдүн катышына карай канчага бөлүнөт? б) эки тутумдуу сүйлөмдөргө кайсылар кирет? в) бир тутумдуу сүйлөмдөр кайсылар? Жообуңарды мисалдар менен далилдегиле.

1. Жай мезгили[1]... Асман ачык. Эч жерде булут жок. Айдаркөл мелтиреп турат. Айлана жымжырт. 2. Сапарыңар кут болсун, Айжан балам. («*КМ*») 3. Күткөндүрсүң[2], келдим, эне! Аманбы? Кучактачы, сүйчү беттен балаңды. (*Ж.Т.*) Маляр келди бир чоң үйдү майлады, кабак түйгөн капалыкты айдады. (*А.О.*) 5. Бул жерди Алабаш деп коёт. Малга жайлуу



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жер. 6. Убаданы бузууга болбойт. Чындыкты бетке айтуу керек. 7. Жамгыр... Чартылдаган чагылган. Айылга бара жатабыз. («*КБ*»)

## 44-§. БИР ТУТУМДУУ СҮЙЛӨМГӨ СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экендигин көрсөтүү.

2. Түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктоо.

3. Бир тутумдуу сүйлөмдүн түзүлүшү жөнүндө айтып берүү: атама, жактуу, жаксыз.

4. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу.

Үлгү: 1 *Май айы. Жүрөгүң жаңы кубанычты сезет*. (*Т.Ү.*) Бул жерде эки сүйлөм бар: айтылыш максаты боюнча экөө тең — жай сүйлөмдөр; грамматикалык түзүлүшү боюнча жөнөкөй. *Май айы* — бир тутумдуу сүйлөм, атама; сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылбайт. Экинчиси эки тутумдуу сүйлөм, жайылма; эмне болот? — *сезет* — баяндооч; эмнени? — *жүрөгүң* — ээ; эмнени сезет? — *кубанычты* — толуктооч; кандай кубанычты? — *жаңы* — аныктооч.

2. *Эртең да айылыма жөнөймүн*. Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм, түзүлүшүнө карай жөнөкөй, бир тутумдуу, жактуу; эмне кыламын? — *жөнөймүн* — баяндооч; ээ катышкан жок. Кайда жөнөймүн? — *айылыма* — орун бышыктооч; качан жөнөймүн? — *эртең да* — мезгил бышыктооч.

**234.** Бир тутумдуу сүйлөмгө оозеки синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Март. Бул — жаздын биринчи айы. Менин атам — дыйкан. Жыл сайын Ноорузда талаасына барат. Атам да талаасын сагынат окшойт. Биз Нооруз майрамын токчулуктун жышааны катарында кабыл алабыз.

2. Сенин кыялың адамда жок. Кээде кишини магниттей өзүңө тартасың. Кээде жакындаган жанды жанындан түртөсүң. (*А.Т.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 45-§. КЕМТИК СҮЙЛӨМ

Пикир алышууда толук сүйлөм менен бирге кемтик сүйлөм да колдонулат. Кемтик сүйлөмдө кандайдыр баш же айкындооч мүчөлөр айтылбай калат. Ошол айтылбай калган сүйлөм мүчөсү жанаша айтылган мурдагы сүйлөм аркылуу же сүйлөшүүнүн кырдаалынан белгилүү болуп турат.

Кемтик сүйлөм диалогдо көбүрөөк колдонулат.

Мисалы: —*Сен сүрөт тартканды билесиңби?* (Толук сүйлөм). —***Билем.*** (Кемтик сүйлөм.) Мурда айтылган толук сүйлөмгө салыштырганда сүйлөмдүн ээси (ким? ***сен***) жана толуктооч (эмнени?—***сүрөт тартканды***) айтылбай калды.

Кээде сүйлөмдүн бардык мүчөсү айтылбай, кемтик сүйлөм кызматчы сөздөн болушу мүмкүн:

—*Сен сүрөт тартканды билесиңби?*—***Ооба*** (кемтик сүйлөм, *ооба*—кызматчы сөз).

Диалогдо толук сүйлөм да, кемтик сүйлөм да жаңы жолдон башталып, алдына сызыкча коюлуп жазылат:

—*Сиз кайдан келе жатасыз?* (Толук сүйлөм.)

—**Айылдан.** (Кемтик сүйлөм.)

**235.** Окугула. Толук жана кемтик сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Айтылбай калган сүйлөм мүчөлөрүн аныктагыла.

—Силер Гүлстандан келе жатасыңарбы, кагылайын?—деп кемпир акырын сурап койду.

—Сырдарыядан.

—Силер ал жакта окуп жатасыңарбы?

—Окуп жүрөбүз.

—Келечекте ким болосунар?

—Мугалим болобуз, энеке.

**236.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерди коюп, көчүргүлө. Алардын эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Кемтик сүйлөмдү тапкыла.

Каш карайганда биз айылга жол тарттык // Ушундай түндө жол тарткан кандай жакшы // Чиркин, ошол күнкү түн өзгөчө көрктүү болду // Бүгүн да Данияр, обон салып, ырдайбы // (*Ч.А.*)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

—Эми жакшы жүр, үйдү көрүп турбайсыңбы// деди Бурмаке // Бизди узатып жатып, дагы сурады //

—Деги эмне бермек болду//

—Айлыгы эки сом//

—Койчу // Мейли, эки сомду бирөө бекер береби// (*М.Э.*)

**237.** Сүйлөмдөрдү диалог түрүндө кайрадан түзгүлө. Көчүрүп жазып, тыныш белгилерин койгула. Кемтик сүйлөм барбы?

1. «Айгерим жөнүндө Талант байкеси эч нерсе айткан жокпу»// деп Нурлан сурап калды. Кемел мындай жооп берди// «Ал мага Айгерим жөнүндө эч нерсе айткан жок». «Ал мектепке качан барат» // деп сурады Зарыл чоң энеси. «Айгерим мектепке үч күндөн кийин барат» // деп жооп берди энеси.

2. Мен үчүн азап тартпай эле койбойсузбу // деп күлүмсүрөдү Алымкан. Акын мындай деди // Мен сен үчүн кантип азап тартпай коём // (*Ж.Б.*) Айылдын жетишкендигин өз көзүңүз менен көрүңүз // деп Айнагүл өтүндү. Мен мындай деп айттым // Макул, айылдын жетишкендигин өз көзүм менен көрөйүн. (*К.Ж.*)

Үлгү: *Нурлан сурап калды:*

*—Айгерим жөнүндө Талант байкеси эч нерсе айткан жокпу?*

*—Айткан жок.*

**238.** Жаратылышты сактоо жөнүндө дубал гезитине макала жазып келгиле. Макалага ат койгула. Макаланын тили элпек, түшүнүктүү болсун үчүн аракет кылгыла. Бул үчүн эки жана бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн колдонгула.

**БК 239.** Окугула. Тексттеги негизги ой эмне жөнүндө? Тексттин кайсы түрү аркылуу баяндалды? Мында жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрү колдонулду?

Биз Мекенибизди азат жана эгемендүү, кооз жана кайталангыс, байыркы деп сүрөттөйбүз. Бул сүрөттөөлөрдүн ар бири журтубуз жөнүндөгү көпчүлүк тарабынан макулданган чындыкты чагылдырат. Бирок бул чындыктардын ар бирин өзүбүз өз алдынча түрдө жүрөктөн туюшубуз, чын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дилден түшүнүп жетүүбүз керек. Ошондо гана биз Ата Журтубуздун канчалык азат, канчалык эгемендүү, канчалык кооз жана кайталангыс экенин сезебиз. Бул сезим-туюм бизди Мекенибизди тулку боюбуз менен сүйүүгө үндөйт, бизге кубат берет. Анткени Тумарис, Ширак, Нажмиддин Кубра, Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур сыяктуу ата-бабаларыбызга күч-кубат берген сезим да элди сүйүү, Ата Журтка берилгендик эле. Президентибиз Ш. Мирзиёевду элибизди эркиндиктин жолунан кайраттуулук жана эр жүрөктүүлүк менен азат жана бейпил турмушту көздөй жол баштоого үндөгөн, бүгүнкү күндө өлкөбүздү дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттердин катарына алып чыгууга шыктандырып жаткан күч да эң мурда Мекенге болгон сүйүү. Мекенге берилгендик сезими болуп саналган.

**240.** Схемага көңүл буруп, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн эсиңерде сактагыла. Алардын ар бирине мисал ойлоп тапкыла. Сүйлөмдөр грамматикалык түзүлүшү боюнча кандайча айырмаланышат?

Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү:
- жалаң
- жайылма
- жактуу
- жаксыз
- атама
- кемтик

**241.** Төмөнкүдөй тартип боюнча сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) айтылыш максаты боюнча; б) грамматикалык түзүлүшү боюнча; в) жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча.

1. Жаш кезде жана карыган кезде эмне жасаган дурус? — Жаш кезде билим алып, карыганда аны колдонуу керек. («*ЗО*») 2. Жапар! Айтикеев кайда? — Сүрөт тартып жатат. (*А.Т.*) 3. Эрдин даңкын эл билет. Дыйкандын даңкын жер билет. 4. Көптү билгенден сөз[1] оку. Көөнөрбөс кылып бөз току. 5. Биз Алабашка бет алдык. Кечке жуук Карабадалга келдик. Түн... Бийик зоолор[1]... Баары кооз жана жомоктогудай. («*КТ*»)



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 46-§. ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМ БОЮНЧА СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экенин аныктоо.

2. Грамматикалык түзүлүшү жөнүндө айтып берүү: бир тутумдуубу же эки тутумдуубу?

3. Эки тутумдуу сүйлөмдүн кайсынысы: жалаң же жайылма?

4. Бир тутумдуу, сүйлөмдүн кайсы түрү экенин көрсөтүү: атама, жактуу, жаксыз.

5. Толук же кемтик сүйлөмбү?

6. Сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу (бир өңчөй мүчөлөр, жалпылагыч сөз болсо, аларды көрсөтүү).

7. Тыныш белгилердин коюлушун түшүндүрүү.

Үлгү: 1. *Кечке жуук күн кызарып батты.* — Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм. Грамматикалык түзүлүшү боюнча эки тутумдуу сүйлөм, жайылма. Эмне болду? — *батты* — баяндооч; эмне? — күн — ээ; кантип батты? — *кызарып* — сыпат бышыктооч; качан батты? — *кечке жуук* — мезгил бышыктооч; жай сүйлөм болгондуктан аягына чекит коюлду.

2. *Ошентип, миң-миң жыл өмүр сүргүлө!* (*Ч.А.*) — Айтылыш максаты боюнча илептүү сүйлөм. Грамматикалык түзүлүшү боюнча бир тутумдуу сүйлөм, жактуу. Эмне болгула! — *өмүр сүргүлө* — баяндооч; мында ээ жок; канча өмүр сүргүлө? — *миң-миң жыл* — сан-өлчөм бышыктооч; *ошентип* — киринди сөз, үтүр менен бөлүндү; илептүү сүйлөм болгондуктан аягына илеп белгиси коюлду.

**242.** Жөнөкөй сүйлөмдү грамматикалык түзүлүшү боюнча талдагыла. Баш мүчөлөрдүн экөө тең катышкан сүйлөмдөргө кайсылар кирет? Атагыла. Мисал келтиргиле. Баяндооч аркылуу гана түзүлгөн сүйлөмдөр кайсылар? Атагыла. Мисал келтиргиле.

1. Ызгаардуу кыш... Суук! Шаркырап аккан тоо сууларынын үнү угулбайт. Айлана мемиреп тынч. Көзүң жаңы сүрөттү көрөт. Аскасы асман тиреген ак карлуу тоолор... Менин балалык чагым ушул тоолордо өткөн. («*КТ*») 2. Мен өзүмдүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

башымдан өткөргөн кыйынчылыктарымды айтайын. Айтууга жеңил, бирок угууга оор. — Жашыңыз канчада? — Жыйырма бирде. (*К.Ж.*)

**243.** Сүйлөмдүн мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Алар кайсы сөз түркүмүнөн болду? Түзүлүшү кандай?

1. Улуу тоого чыккан барбы? Улар үнүн уккан барбы? Жакшынын сөзү ташка тамга баскандай. (*Мак.*) 2. Тил — бул ар бир элдин каны, жаны. 3. Жамийла болсо сөзмөр кыз эле. (*Ч.А.*) 4. Макмалга сайма сайгандай, эмгектин көркүн жер берет. 5. Токтогулдун ырын укканда Керимбай ачуулуу үнү менен кыйкырды. (*Ж.Б.*) 6. Аял баланы орой салып, кыргызча таптак сүйлөдү. (*А.Т.*)

**244.** Окугула Тыныш белгилеринин эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. — Жаштарга жана карыларга кандай адеп керек?

— Жаштарга уяттуулук[1], карыларга болсо билим менен токтоолук ылайык.

— Бул ааламда адам үчүн өмүрдөн артык бир нерсе барбы?

— Алар үчөө: ишеним, сүйүү жана Мекен. («*КБ*»)

2. Ала-Тоо, бизге бирдей кышы-жайың,
Сулуусуң жылдар аттап өткөн сайын.
Ала-Тоо — өмүрдүн гүлдүү багы,
Ала-Тоо кечээгинден бүгүн жаңы.
Сапар тартсам да, дайым кылчактаймын,
Өзүң менен бир бүткөн жүрөк каны. (*Р.Ш.*)

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1. Кандай түзүлүштөгү сүйлөм бир тутумдуу деп аталат?
2. Жактуу жана жаксыз сүйлөмдөрдө анын грамматикалык негизин сүйлөмдүн кайсы мүчөсү түзөт?
3. Атама сүйлөм эмнелерде көбүрөөк колдонулат?
4. Кемтик сүйлөм жөнүндө айтып бергиле Мисал келтиргиле.
5. Кандай сүйлөмдү жактуу дейбиз? Мисал келтиргиле.
6. Диалогдо коюлуучу тыныш белгиси жөнүндө эмне билесиңер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VIII КЛАССТА ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**БК 245.** Кептин түрлөрүнө көңүл бургула жана аларды эсиңерде сактагыла. Тил менен кептин карым-катышы кандай?

Кептин түрлөрү:
- баяндоо
- сүрөттөө
- ой жүгүртүү

**БК 246.** Сүрөттөө кептин бир түрү экендигин билесиңер. Тексттерди көркөм окуп, заттын негизги белгилери кандайча сүрөттөлгөндүгүнө көңүл бургула.

МАНАС

Айкөл Манас кабылан
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле.
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Кирпиги — жалын, көзү — чок,
Кишиден мындай шумдук жок.

БАКАЙ

Жакшылык менен жамандык
Алыстан көрүп байкаган.
Астыга салсаң ак жолтой,
Артында жүрсө сан колдой.
Кыйшайганды ондогон,
Кыйшыкты түзөп болжогон.
Кылт эттирбей Манасты,
Кыйын жолдо ондогон.

(*С.К.*)



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**247.** Схемага көңүл бургула. Стилдин бөлүнүшүн жана алардын түрлөрүн эсиңерде сактагыла. Стилдин ар бир түрүнө кыскача текст түзгүлө.

**Стилдин түрлөрү**

**Сүйлөшүү стили**
(оозеки)

**Китеп стили**
1) публицистикалык
2) көркөм
3) илимий
4) иш кагаздар

**248.** Окугула. Сөз айкашындагы негизги жана багыныңкы сөздөрдү атагыла. Айрым сөз айкашынан сүйлөм түзгүлө.

Кыраан бүркүт, жаңырган айыл, көпкөк асман, тоодон бийик, ууздай сапсары, жоокерлерден алтоо, бийлегендерге кол чабуу, үч эсе көбөйтүү, мекенге кызмат кылуу, окуудан келүү, акылдуунун сөзү, биздин мектеп, сууда сүзүү, ийгиликке кубануу, эмгек менен даңктануу.

**249** Төмөнкү тартип боюнча сөз айкашын түзгүлө. Сөз айкашындагы сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн болду? Сөз айкашынын түзүлүшүн аныктагыла.

| | |
|---|---|
| Зат атооч + этиш | Ат атооч + сан атооч |
| Сан атооч + этиш | Зат атооч + сын атооч |
| Сын атооч + этиш | Сын атооч + сын атооч |
| Зат атооч + зат атооч | Сан атооч + сын атооч |
| Ат атооч + зат атооч | Зат атооч + ат атооч |
| Зат атооч + сан атооч | Атоочтук + зат атооч |

**250.** Сөз айкашына талдоо жүргүзгүлө. Багыныңкы жана негизги сөздүн ортосунда синтаксистик байланыштын кандай жолдору бар? Сөз айкашы менен сөздүн жалпылыгы жана алардын айырмачылыгы эмнеде?

Билим жөнүндө ойлонуу, кап-кап эгин, бүркүттүн уясы, кыштоону көздөй баруу, тырышчаак бала, шайдоот жигит, чечкиндүү сүйлөө, чоң атамдын жомогу, карыялардын сөзү, куштай сызуу, экзаменге даярдануу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**251.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерди койгула. Эмне үчүн койдуңар? Сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзгөн сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

Эх, эми эмнесин айтайын // Кесепеттүү кырсык нечендердин кендирин кыйды // Атаганат, Жайнагым аман турганда не деген адам болор эле // Мүнөзүңдөн айланайын балам // Кайдасың // Кайдасың // Кайдасың // — Толгонай, сабыр кыл // Өзүңдү аясаң боло// Сен мойнуңдагы милдетти унуттуңбу // (*Ч.А.*)

**252.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Бөлүнгөн сөздөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла. Алар сүйлөмдүн ар башка мүчөлөрүнүн милдетин аткаргандыгын кандайча түшүндүрүүгө болот?

1. Дүкөндө *кызыл портфель* сатылды. 2. Мен *кызыл портфель* сатып алдым. 3. Балдар *портфелдин кызылын* жакшы көрүшөт. 4. Менин сатып алган *портфелим — кызылы*.

**253.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча оозеки талдоо жүргүзгүлө. Алар кайсы сөз түркүмүнөн болду? Бөлүнгөн сөздүн синтаксистик кызматы кандай? Жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар?

Быйыл биздин айылда жаңы *мектеп* курулду. Ал *мектеп* шаардагыдай эки кабаттуу. Мындай *мектептен* билим алуу кандай жакшы! Келечекте *мектептин* айланасына бак-дарактар отургузулат.

*Мектепти* ким сүйбөйт? Ал — жаштарга таалим-тарбия берүүнүн уясы. Тээтиги кооз имарат — биздин *мектеп*. (*К.Б.*)

Үлгү: *Быйыл биздин айылда жаңы мектеп курулду* — Эмне болду? — *курулду* — баяндооч; *жаңы* —аныктооч; кайда курулду? — *айылда* — орун бышыктооч; кимдин? — *биздин* — аныктооч; качан курулду? — быйыл мезгил бышыктооч. Түзүлүшү боюнча эки тутумдуу сүйлөм, жайылма.

**254.** Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн көрсөткүлө. Толуктооч жана бышыктооч баяндооч менен кандайча байланышат? Ушул көнүгүүдөн мисал келтиргиле.

1. Биз саякатыбызды баштадык. Дашманды, Кызылүңкүрдү, Каралманы араладык. Жаңгактын данеги ар кандай заттарга бай. («*КБ*») 2. Эл үчүн жан-дилибиз менен иштейбиз. Бул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнүндө кечээ жыйналышта сөз болду. («*АТ*») 3. Адегенде жакшы уул болот. Жакшы ата болууга алып баруучу жол — ошол. (*Мак.*)

**255.** Окугула Аныктоочту жана бышыктоочту тапкыла. Аларды өз ара салыштырып, окшош белгилерин жана айырмачылыгын аныктагыла.

1. Мээримсиз туугандан мээримдүү дос жакшы. — Эне балдарына ар дайым мээримдүү мамиле жасайт. 2. Жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок. 3. Жакшы сүйлөсөң, жылан да ийинден чыгат. (*Мак.*) 4. Отургандар көңүлдүү ырларды ырдашты. — Биздин курбулар аларды көңүлдүү кабыл алышты. 5. Алты бала спорттук мелдешке кетти. — Алар атаандаштары менен алты жолу беттешиптир. 6. Аскат алтынчы класска барды. — Ал алты жолу мектепке барды. («*КМ*»)

**256.** Окугула. Толуктоочту жана бышыктоочту көрсөткүлө. Алардын окшош белгилерин жана айырмачылыгын түшүндүргүлө. Бөлүнгөн сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

**257.** Окугула. Толуктоочту жана бышыктоочту көрсөткүлө. Алардын окшош белгилерин жана айырмачылыгын түшүндүргүлө. Бөлүнгөн сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

1. Атак-даңк *асмандан* түшпөйт. — Ал *ак эмгектен* жаралат. 2. Окууга өтөм деп, Кенжебек *шаарга* кеткен эле. — *Билимдүүгө* дүйнө жарык. 3. — Сен *айылдан* келдиңби? — Баккан малыбыз *кыштан* семиз чыкты.

4. *Бийикти* жайлайт кыргыздар,
*Бийикте бийик* турмуш бар.
Көйкөлүп жатсаң *бийикте*,
Көрүүгө болбойт ким куштар? (*Б.С.*)

**258.** Багыныңкы байланыштын жолдорун эсиңерде сактагыла. Алардын ар бири сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнүн ортосунда болот? Мисал ойлоп тапкыла.

Багыныңкы байланыштын жолдору:

1) ээрчишүү
2) ыкташуу
3) башкаруу
4) таандык байланыш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## V—VII класстарда өтүлгөндөрдү кайталоо

1-§. Фонетика жана графика. Орфография ........................................5
2-§. Сөздүн курамы жана сөз жасоо ..................................................7
3-§. Лексика жана фразеология..........................................................8
4-§. Морфология .................................................................................10
5-§. Кыргыз адабий тилинин жергиликтүү диалектилер менен карым-катышы ............................................................12

## Байланыштуу кеп

6-§. Текст ...........................................................................................14
7-§. Тексттин байланыштуулугу ......................................................17
8-§. Ой жүгүртүү ...............................................................................24
9-§. Ой жүгүртүү кебине талдоо жүргүзүү........................................27
10-§. Официалдуу-иштиктүү стиль ..................................................31

## Синтаксис жана пунктуация. Сөз айкашы. Сөз айкашынын түрлөрү

11-§. Сөз айкашында сөздөрдүн байланышуу жолдору .......................33
12-§. Ыкташуу ....................................................................................36
13-§. Таандык байланыш ....................................................................38
14-§. Башкаруу ...................................................................................41
15-§. Сөз айкашын талдоо..................................................................42

## Сүйлөм

16-§. Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү .......................................44
17-§. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы ..........................................47
18-§. Ээрчишүү....................................................................................49

## Сүйлөм мүчөлөрү Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү

19-§. Ээ, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү ...........................52
20-§. Ээнин түзүлүшү .........................................................................55
21-§. Баяндооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү ...............57
22§. Баяндоочтун түзүлүшү ..............................................................60



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

23-§. Баяндоочтун түрлөрү ....................................................62
24-§. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу...........64
25-§. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн талдоо ...........................................67

## Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү

26-§. Аныктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү .............68
27-§. Аныктоочтун түзүлүшү.....................................................................71
28-§. Жандама мүчө ..................................................................................75
29-§. Толуктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү.............76
30-§. Толуктоочтун түзүлүшү ....................................................................80
31-§. Бышыктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү ...........82
32-§. Бышыктоочтун түзүлүшү...................................................................85
33-§. Бышыктоочтун түрлөрү ....................................................................86
34-§. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби...............................................88
35-§. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүү.....................................92
36-§. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү......................................................94
37-§. Бир өңчөй мүчөлөрдүн байланышуу жолдору жана тыныш белгиси..........................................................................................99
38-§. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөгү жалпылагыч сөз жана анын тыныш белгиси ..........................................................................102

## Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү. Эки тутумдуу сүйлөмдөр

39-§. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр ...........................................106
40-§. Эки тутумдуу сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.........107

## Бир тутумдуу сүйлөмдөр

41-§. Атама сүйлөм ..................................................................................109
42-§. Жактуу сүйлөм.................................................................................111
43-§. Жаксыз сүйлөм.................................................................................113
44-§. Бир тутумдуу сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү .........115
45-§. Кемтик сүйлөм .................................................................................116
46-§. Жөнөкөй сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо жүргүзүү. .....119

**VIII класста өздөштүрүлгөндөрдү кайталоо** ..................................121



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Б. Өмүралиев, Ш. Уринбаева**

Ө-42 Кыргыз тили: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби /Б. Өмүралиев, Ш. Уринбаева. – 4-басылышы. Т.: «O‘zbekiston», 2019. –128-б.

1. Авторлор

ISBN 978-9943-01-516-6

**УЎК 811.512.154(075)**
**КБК 81.2(Кир)-922**

*O‘quv nashri*

**Boogachi Omuraliyev, Shahzada O‘rinbayeva**

**QIRG‘IZ TILI**

*Umumta’lim maktablarining 8-sinf o‘quvchilari uchun darslik*

*(Qirg‘iz tilida)*

To‘rtinchi nashri

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басма лицензиясы AI №158.14.08.09. 2019-жылы 15-февралда басууга уруксат этилди. Форматы $60\times90^{1}/_{16}$. Офсет кагазы. Арип түрү «Таймс». Офсеттик басма ыкмасында басылды. Шарттуу басма табагы 8,0. Учёттук басма табагы 8,13. Нускасы 811. Келишим № 19-112.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100011. Ташкент. Наваий көчөсү, 30.

Телефон: (371) 244-87-55, 244-87-20
Факс: (371) 244-37-81, 244-38-10.
e-mail: uzbekistan@iptd-uzbekistan.uz
www.iptd-uzbekistan.uz

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Б. Өмүралиев, Ш. Уринбаева**

Ө-42 Кыргыз тили: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби /Б. Өмүралиев, Ш. Уринбаева. – 4-басылышы. Т.: «O'zbekiston», 2019. –128-б.

1. Авторлор

ISBN 978-9943-01-516-6

**УЎК 811.512.154(075)**
**КБК 81.2(Кир)-922**

*O'quv nashri*

**Boogachi Omuraliyev, Shahzada O'rinbayeva**

**QIRG'IZ TILI**

*Umumta'lim maktablarining 8-sinf o'quvchilari uchun darslik*

*(Qirg'iz tilida)*

To'rtinchi nashri

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басма лицензиясы AI № 158.14.08.09. 2019-жылы 15-февралда басууга уруксат этилди. Форматы 60×90 1/16. Офсет кагазы. Арип түрү «Таймс». Офсеттик басма ыкмасында басылды. Шарттуу басма табагы 8,0. Учёттук басма табагы 8,13. Нускасы 96. Келишим № 19-113.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы
Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин
«O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды.
100011. Ташкент. Наваий көчөсү, 30.

Телефон: (371) 244-87-55, 244-87-20
Факс: (371) 244-37-81, 244-38-10.
e-mail: uzbekistan@iptd-uzbekistan.uz
www.iptd-uzbekistan.uz

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE